**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН Ч.АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ**

**К.ТЫНЫСТАНОВ атындагы ЫСЫК-КӨЛ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Кол жазма укугунда**

**УДК**: 82:398.5(575.2)(043.3).

**Жумашова Назира Асанкадыровна**

# “Манас” эпосундагы салттык-сюжеттик мотивдеринин мүнөздүү өзгөчөлүктөрү

(манасчы М.Чокморовдун варианты боюнча)

**Адистиги 10.01.09. – фольклористика**

Филология илимидеринин кандидаты деген окумуштуулук даражаны изденип алуу үчүн жазылган

**д и с с е р т а ц и я**

Илимий жетекчи: филология

илимдеринин кандидаты, доцент

Бегалиев С.Б.

Каракол -2015

# Мазмуну

**Киришүү**........................................................................................................ 3-10

**1-глава М.Чокморовдун вариантында "Манас" эпосунун салттуу сюжеттик мотивдеринин сакталышы жана өзгөчөлүктөрү**

1.1. Мамбет Чокморовдун манасчылык өнөрү жана анын вариантындагы "Манас" эпосунун изилдениш абалы………………………………………… 11-20
1.2. Манас баатырдын генеалогиялык эпикалык санжырасы................. 21-50
1.3. Манастын кереметтүү төрөлүшү, балалык чагын шарттаган салттык мотивдер ........................................................................... .. 51-79
Биринчи глава боюнча жыйынтыктар ............................................ 79-80

**2-глава Мамбет Чокморовдун варианты боюнча эпосто сюжеттик негизги окуялардын берилиш өзгөчөлүктөрү**

2.1. М.Чокморовдун вариантында Манастын Каныкейге үйлөнүшү окуясынын берилиши ………………………………………………………………….… 81-98
2.2.Алмамбеттин эпикалык өмүр жолу………………………………………...... 98-112
2.3. М.Чокморовдун вариантындагы "Чоң казат" окуясы………………….112-145
Экинчи глава боюнча жыйынтыктар .......................................... . 145-145

Корутунду………………………………………………..…………………………………145-149

Колдонулган адабияттар...........................................................................150-158

## КИРИШҮҮ

**Изилдөөнүн жалпы мүнөздөмөсү.** «Манас» эпосу – дүйнөлүк адабияттын, маданияттын тарыхында сейрек учураган, кайталангыс таң каларлык, көлөмдүү, монументалдуу, зор көркөм эстелик. Кеп эпостун өзгөчө көлөмдө болушунда гана эмес, анын олуттуу окуяларга бай, бийик көркөмдүүлүгүндө, тематикасы ар кыл, көп катмарлуу, көп баскычтуу, варианттуу, оригиналдуу рухий дүйнө экендигинде.

Кыргыз эли баатырдык эпоско өтө бай экендигин XIX кылымда кыргыз жергесинде эки-үч ирет болгон, түрк тилдүү элдердин оозеки адабиятын, тилин изилдеген белгилүү окумуштуу-түрколог академик В.В.Радлов баса белгилеп, түрк тилдүү элдердин ичинен кыргыздарда гана баатырдык эпос өзгөчө өнүгүп, алар өзүнчө эле бир эпикалык доордо жашап жаткандыгын суктануу менен баса көрсөткөн.

«Манас» үчилтиги – элдин көп кылымдык татаал тарыхынын, дүйнөгө болгон көз карашынын, жашоо турмушунун, үрп-адат, каада-салтынын, баарынан мурда, сырттан басып кирген каардуу, күчтүү душманга каршы жүргүзгөн боштондук күрөшүнүн көркөм энциклопедиясы, көркөм сөз өнөрүнүн бийик үлгүсү, элдин туу туткан баалуу-барктуу кереметтүү дүйнөсү. Эпос нечен кылымдарды карыткан, укумдан-тукумга оозеки өткөн, бай мазмунун бөксөртпөй, көркөмдүгүн улам бийиктетип келген, таң каларлык поэтикалык эстелик экени талашсыз. Узун, татаал, көп кылымдарды карыткан «Манас» эпосунун мазмуну доордун өтүшү,

тарыхтын алга жылышы, баарынан мурда, коомдун өзгөрүшү менен көптөгөн өзгөрүүлөргө, алымча-кошумчаларга дуушар болуп келгени - табийгый көрүнүш. Окумуштуу К.Абакировдун мындай пикири бар. “Баатырдык эпос ошол ”эле учурда тарыхый бардык фактыларды камтый бербейт, интуитивдүү түрдө этностун түпкүлүктүү идеалдарына дал келгендери гана ылганып-тандалып алынып, көркөм ой элегинен өткөрүлөт. Демек, ал эч убакта тарыхтын өзү да, тарыхый хроника да боло албайт. “Көбү төгүн, көбү чын” деген кеп ушундан улам айтылса керек” [10, 75-б.].

Ошондой эле Ч.Валиханов «Манас» эпосу менен терең таанышпаса да, бул боюнча төмөнкүдөй адилеттүү пикирин билдирген: «Манас» есть энциклопедическое собрание всех киргизских мифов, сказок, преданий, приведенное к одному времени и сгруппированное около одного богатыря Манаса. Это нечто вроде степной “Илиады”. Образ жизни, обычаи, нравы, география религиозные и медицинские познания киргизов и международные отношения их нашли себе выражение в этой огромной эпопее” [31, 38-б.].

«Манас» – бир кылымдын же бир эле доордун көркөм баяны эмес, ал эпосто элдин байыркы мифтик-фантастикалык көз карашынан тартып кийинки эле доорлордогу олуттуу реалдуу тарыхый окуялар, түшүнүктөр, көз караштар, мамилелер, элдин тагдырын чечкен татаал, каардуу чабуулдар менен тынч, жай турмушу кеңири, бийик көркөмдүктө сүрөттөлгөн, энциклопедиялык мүнөздөгү өзгөчө зор көркөм эстелик, элдик оозеки адабияттын кайталангыс үлгүсү, классикалык баатырдык эпос. Доорубуздун улуу жазуучусу, кыргыз адабиятынын классиги Чыңгыз Айтматов “Манас” эпосунун көөнөрбөс, өлбөс-өчпөс улуу касиетин өтө жогору баалап, мындай пикирин билдирген: «Замандан заман өтүп, жер үстүндө кыргыз тили жашап тургуча, «Манас» биздин улуттук туу чокубуз катарында тура бермек» [11, 15-б.].

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** «Манас» эпосу – көп катмарлуу, көп баскычтуу өзгөчө кеңири сюжеттүү, кыргыз элинин бай, карт тарыхын, элдин тагдырын чечкен зор окуяларын көркөм сүрөттөгөн, дүйнөлүк маанидеги улуу, көркөм эстелик. Эпосту жараткан, өнүктүргөн, бүгүнкү зор көркөм-поэтикалык бийиктикке, классикалык баатырдык эпостун деңгээлине жеткирген таланттуу манасчылардын чыгармачылыгы өзгөчө мааниге ээ.

Академик В.М.Жирмунский адилеттүү белгилегендей: “«Как всякое произведение устного народного творчества, героический эпос создается и хранится в живом народном творчестве предании благодаря искусству народных сказителей, его творцов и исполнителей. Поэтому для понимания “Манаса” как произведения народного поэтического искусства огромное значение имеет изучение репертуара и особенностей творчества его сказителей” [35, 86-б.]. Демек, манасчылардын чыгармачылыгын, ар бир айтуучуга мүнөздүү болгон жалпылыктарын, өзгөчөлүктөрүн, варианттарын илимий иликтөөгө алуу – азыркы манастаануу илиминин күн тартибинде турган актуалдуу маселелердин бири.

Мына ушундай таланттуу манасчынын бири, көлдүк манасчылардын типтүү өкүлү, “Манас” эпосунун үчилтигин толук айткан, калың журтка белгилүү, өзүнчө оригиналдуу вариантын жараткан айтуучу – Мамбет Чокморов.

М.Чокморов – «Манас» эпосунун өзөк окуяларынын жалпыга тааныш салттуу белгилерин бекем сактаган манасчы. Айта кетүүчү нерсе: С.Орозбаков менен С.Каралаевдин варианттары бир өңчөй ыр менен айтылса, М.Чокморов кара сөз менен ырды бирдей чыгармачылык менен пайдаланып, жөө жомоктун стилине салып, көркөм баяндайт. Мындай өзгөчөлүк, кеңири түрдө болбосо да, башка манасчыларга мүнөздүү.

Тилекке каршы, бул чоң манасчынын баалуу көркөм мурасы тууралуу фольклортаануучулар фрагменталдуу түрдө кеп кылышканы менен, ушу

күнгө чейин атайын кеңири системалуу илимий изилдөөнүн обьектиси болбой келген. Буга чейин айтылып кеткендей, М.Чокморов – «Манас», «Семетей», «Сейтек» эпосторунун оригиналдуу варианттарын жараткан айтуучу катары өзүнүн жеке өзгөчөлүгү, багыты бар, Каракол мектебинин таланттуу өкүлү. Муундан-муунга өтүп, негизги нугун, өзөгүн сактап, улам жаңы окуялар менен мазмуну байып, көркөмдүгү артып отурган Улуу сөздү, «Манас» эпосун, чыгармачылык менен өздөштүрүп, салтка айланган сюжеттик мотивдерин бекем сактап, өзүнчө оригиналдуу, уникалдуу вариант жараткан айтуучунун вариантын илим дүйнөсүнө кеңири таанытып, калың журтка жеткирүү, улуу манасчылар С.Орозбаков менен С.Каралаевдин, башка манасчылардын вариантары менен салыштырып, жалпылыктарды, өзгөчөлүктөрдү көрсөтүү, илимий иликтөөгө алуу зарылчылыгы мезгилдин талабы. Анткени эпостун ар бир вариантын, анын ичинде М.Чокморовдун вариантын эпостун башка толук варианттары менен салыштырып, жалпылыктарын көрсөтүп, айырмачылыктарын белгилөө, айтуучунун жеке көз карашы, дүйнө таанымы, ишеними салттуу сюжеттик мотивдердин көркөм иштелишинде кандай таасир тийгизгенин аныктоо манастаануу илими үчүн маанилүү жана олуттуу. Демек, бул манасчынын вариантын системалуу мүнөздөгү илимий изилдөөгө алуу манастаануу илими үчүн маанилүү маселелердин катарына кириши мыйзам ченемдүү.

**Изилдөөнүн объектиси жана предмети.** Изилдөөнүн негизги объектиси катары манасчы Мамбет Чокморовдун вариантындагы “Манас” эпосу алынды. Ал эми изилдөө предметин аталган вариантта салттуу сюжеттик мотивдердин сакталыш мүнөзү жана сюжеттик курулушунда орун алган өзгөчөлүктөр түзөт.

**Изилдөөнүн максаты, милдеттери**

Иштин негизги максаты – манасчы Мамбет Чокморовдун айтуусундагы «Манас» эпосунун салттуу сюжеттик мотивдерине, өзөк окуяларына системалуу илимий анализ жүргүзүү, башка варианттар менен

жалпылык-окшоштуктарын белгилеп, айырмачылыктарын көрсөтүү. Бул негизги максатты иш жүзүнө ашыруу үчүн төмөнкүдөй милдеттерди алдыбызга койдук:

- Манасчы Мамбет Чокморовдун чыгармачылыгы жана варианты боюнча эмгектерди талдоого алуу;
- Мамбет Чокморовдун вариантында «Манас» эпосунун салттуу сюжеттик мотивдери, өзөк окуялары канчалык деңгээлде сакталганын аныктоо;
- Манасчы Мамбет Чокморовдун вариантындагы салттуу сюжеттик мотивдерди, темаларды С.Орозбаков менен С.Каралаевдин варианттары менен салыштырып, алардагы жалпылыктарды жана өзгөчөлүктөрдү белгилөө;
- Белгилүү тарыхый доордо өмүр сүргөн реалдуу тарыхый инсандар Асан Кайгы менен Ногойдун «Манас» эпосунда эпикалык каарман болуп сүрөттөлүшүнүн мыйзам ченемдүүлүгүн ырастоо;
- Мамбет Чокморовдун вариантында Манастын ата-бабалары жөнүндөгү кеңири сюжеттүү баяндын эпоско киришинин өзгөчөлүгүн ачып берүү;
- Мамбет Чокморовдун вариантындагы «Манас» эпосу көп катмарлуу, көп баскычтуу өзгөчө чыгарма экендигин, анда орун алган салттык, этномаданий, диний катмарлардын ордун аныктоо.

**Иштин илимий жаңылыгы** манасчы М.Чокморовдун вариантынын биринчи ирет системалуу атайын иликтөөгө алынышы жана анда орун алган салттык-сюжеттик мотивдердин, окуялардын атактуу манасчылар С.Орозбаков менен С.Каралаевдин варианттары менен кеңири салыштырылып, андагы жалпылыктардын жана өзгөчөлүктөрдүн алгач ирет илимий системага салынып түшүндүрүлүшү менен белгиленет.

**Изилдөөнүн теориялык мааниси.** Диссертациялык иш «Манас» эпосун иликтөөгө белгилүү деңгээлде үлүш кошуу менен, башка манасчы-

айтуучулардын чыгармачылыгы, варианттары боюнча келечекте жүргүзүлүүчү илимий-изилдөө иштерине илимий-теориялык жактан өбөлгө болуп бере алат. «Манас» эпосунун ар кандай варианттарындагы жалпылыктар жана өзгөчөлүктөрдү аныктоо иштерине өзүнүн үлүшүн кошуп, «Манас» эпосунун башка белгилүү варианттарын тарыхый-салыштырма планда кеңири системалуу иликтөөгө өбөлгө түзөт.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси.** Изилдөөдөн алынган жыйынтыктар жогорку окуу жайларында, орто мектептерде манастаануу дисциплинасын окутууда, илимий негизде окутууларды, окууларды уюштурууда, аталган темада рефераттарды, курстук, дипломдук иштерди жазууда баалуу материал болуп бере алат. «Манас» эпосу боюнча окуу куралдарын түзүүдө изилдөөнүн материалдарын пайдаланууга болот.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор**

- Манасчы Мамбет Чокморовдун айтуусундагы «Манас» эпосундагы салттуу сюжеттик мотивдер мурда жалпы мүнөздө гана иликтөөгө алынып келсе, эми системалуу түрдө атайын иликтөөгө алынышы – азыркы манастаануу илиминин талабы.
- Манасчы Мамбет Чокморовдун вариантында «Манас» эпосунда мурдатан келе жаткан салттуу сюжеттик мотивдер бекем сакталган жана алар автор тарабынан чыгармачылык менен өздөштүрүлгөн.
- Манасчы Мамбет Чокморовдун вариантындагы «Манас» эпосунда диний катмардын орун алышы эпоско кийин кирген кошумча катары бааланышы зарыл.
- Манастын ата-бабалары жөнүндөгү кеңири сюжеттүү, көлөмдүү баяндын берилиши М.Чокморовдун вариантынын бир өзгөчөлүгү болуп саналат.
- Тарыхый реалдуу инсандар Асан Кайгы менен Ногойдун эпоско эпикалык каарман катары киргизилиши – М.Чокморовдун вариантындагы “Манас” эпосунун олуттуу өзгөчөлүгү.

**Изденүүчүнүн жеке салымы**

Диссертациялык иште белгилүү манасчы Мамбет Чокморовдун вариантындагы «Манас» эпосунун салттуу сюжеттик мотивдерин системалуу иликтөөгө алуу, манасчылар С.Орозбаков, С. Каралаевдин варианттары менен М.Чокморовдун вариантын салыштырып, андагы окшоштуктарды, өзгөчөлүктөрдү аныктоо диссертант тарабынан жеке жүргүзүлгөн. Диссертацияда сунушталган ой-пикирлер, көз караштар, изилдөөдөн алынган илимий корутунду, жыйынтыктар диссертанттын өзүнө таандык.

**Изилдөөнүн методдору жана методологиясы**. М.Чокморовдун айтуусундагы «Манас» эпосун башка варианттар менен кеңири салыштырып, атайын системалуу иликтөөдө тарыхый-салыштырма метод тандалып алынды. Анткени фольклордук чыгарманы системалуу, комплекстүү мүнөздөгү изилдөөгө алууда тарыхый салыштырып иликтөө методу бирден бир туура, жемиштүү экендигинде талаш жок.

Белгилүү окумуштуу, академик В.М. Жирмунский өзүнүн “Введение в изучение эпоса “Манас” аттуу эмгегинде дүйнөлүк эпостордо кеңири учураган салттуу сюжеттик мотивдерди тарыхый-салыштыруу методун колдонуп иликтөө жүргүзгөн. Демек, биздин изилдөө ишибиз үчүн тарыхый-салыштыруу методун негизги метод деп карайбыз.

Мындан сырткары, изилдөөдө анализ жана синтез, сыпаттоо методдору да колдонулду.

**Изилдөөнүн апробацияланышы.** Изилдөө иштеринин жыйынтыктары Ж.Бөкөнбаевдин 100 жылдыгына арналган республикалык илимий-практикалык конференцияда (Бишкек, Х.Карасаев ат. БГУ, 2011), “Каратай Сартбаев – чыныгы элдик мугалим” аттуу республикалык илимий-практикалык конференцияда (Бишкек, Э.Арабаев ат. КМУ, 2013), Ү.Асаналиевдин 80 жылдыгына арналган “Кыргыз филологиясынын келечеги жана көйгөйлөрү” аттуу республикалык илимий-практикалык

конференцияда (Каракол, К.Тыныстанов ат. ЫМУ, 2013), проф. К.Артыкбаевдин 80 жылдыгына арналган “Чыгаан окумуштуу жана өрнөктүү педагог” аттуу республикалык илимий-практикалык конференцияда (Бишкек, Ж.Баласагын ат. КУУ, 2014), манастаануучу С.Бегалиевдин 80 жылдыгына арналган “Азыркы кыргыз филологиясындагы маселелер” аттуу республикалык илимий-практикалык конференцияда (Каракол, К.Тыныстанов ат. ЫМУ, 2014) доклад, баяндамалар түрүндө апробациядан өткөрүлүп, К.Тыныстанов атындагы ЫМУда бардык адистиктерде окулуучу “Манастаануу” предметин окутууда колдонулган.

**Изилдөө жыйынтыктарынын жарык көрүшү.** Изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча К.Тыныстанов атындагы “Вестник Иссык-Кульского университета”, К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик жана К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университеттеринин «Кыргыз тили жана адабияты» журналдарына, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин “Жарчысына”, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин “Жарчысы” жыйнактарына **8** илимий макала жарыяланган.

**Илимий иштин структурасы.** Диссертация киришүүдөн, эки главадан, корутундудан жана колдонулган адабияттардын тизмесинен турат.

# 1-глава

## М.ЧОКМОРОВДУН ВАРИАНТЫНДА «МАНАС» ЭПОСУНУН САЛТТУУ СЮЖЕТТИК МОТИВДЕРИНИН САКТАЛЫШЫ ЖАНА ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

### 1.1. Мамбет Чокморовдун манасчылык өнөрү жана анын вариантындагы “Манас” эпосунун изилдениш абалы

Манасчылардын чыгармачылыгын кеңири изилдөө эпостун идеялык-мазмунун аныктоодо өзгөчө мааниге ээ болгон олуттуу маселе. Кыргыз эли манасчылардын шыгына, талантына жараша баалап-барктап, аларды «чоң манасчы», «чала манасчы» деп эки топко бөлүп келген. «Чоң манасчылар» деп эпостун үч бөлүгүн толук, чебер аткарган, окуяларга бай, көркөмдүгү бийик, жеке индивидуалдуу өзгөчөлүктөрү менен айырмаланган, өзүнчө оригиналдуу вариант жараткан манасчыларды аташкан. «Чала манасчы» деген мүнөздөмө эпостун айрым бөлүктөрүн аткаргандарга ыйгарылган. Чоң манасчыларга мүнөздүү өзгөчөлүктөр жөнүндө белгилүү окумуштуу, манастаануучу С.Мусаев өзүнүн оюн төмөнкүдөй билдирет: «Эл арасында мурдатан келе жаткан салт боюнча чоң манасчылык наам эпостун традициялык туруктуу эпизоддорун мыкты билген, өзүнөн мурдагы көптөгөн манасчылар тарабынан иштелип чыккан артык табылгаларды терең өздөштүргөн, туруктуу өзөк окуялардын негизинде өзүнчө вариант жараткан жана чыгарманын мазмунун, көркөмдүк деңгээлин өзүнүн жеке табылгалары менен байыткан, эпостун окуяларын башынан аягына чейин ирети менен кеңири планда айткан, өзү жараткан вариантты өзгөчө чебердик, шык менен аткарып эл массасынын кубаттоосуна ээ болгон

өнөрүнүн күчү аркылуу өзгөчө баркка жетишкен зор таланттын ээлерине гана ыйгарылган» [82, 8-б.].

М.Чокморов 1896-жылы көлдүн Тоң районуна караштуу Корумду деген жерде жарык дүйнөгө келип, 1973-жылы ошол эле Тоңдун Бөкөнбаев айылында дүйнө салган. М.Чокморовдун айтуусунда «Манас» эпосунун үчилтигинин текстин кагазга түшүрүү иши ар кандай объективдүү жана субъективдүү жагдайларга байланыштуу манасчы улгайып калган учурда, өткөн кылымдын 60-жылдарында гана колго алынат. Атасынын оозунан «Манас» эпосунун айрым үзүндүлөрүн алгачкылардан болуп кагазга түшүргөн – уулу Касымбек. Ал орто мектептин мугалими болгон. Ал эми М.Чокморовдун оозунан «Манас» эпосунун үч бөлүгүн толук бойдон жазып алуу ишине активдүү катышып, маанилүү иш бүтүрүшкөн Улуттук илимдер академиясынын илимий кызматкерлери Э.Абдылдаев, С.Бегалиев, Р.Сарыпбеков, К.Кырбашев ж.б. болушкан. Манасчы М.Чокморовдон жазылып алынган тексттин жалпы көлөмү 397557 ыр сабын түзөт. Анын ичинен “Манас” бөлүгү 302608 сап ырдан турса, “Семетей” 71600, “Сейтек” 23340 ыр сабын түзөт.

Бирок манасчылык өнөрдүн башка да маанилүү, олуттуу факторлору бар. Биздин пикирибизче, манасчылык өнөрдө белгилүү манасчылардан үлгү алуу, үйрөнүүнүн салтка айланган этабы бар. Белгилүү, талanттуу манасчыларды ээрчип, алардан таасирленип, таалим алганын эч кимиси жашырбайт. Дээрлик баардык манасчылардын устаттары болгондугу белгилүү. Сагымбайдын устаты – чоң талант Тыныбек, Саякбайдыкы – чоң манасчы Чоюке, Мамбет Чокморовдун манасчылык өнөрдүн бийик деңгээлге жетишине бир тууган таякеси, даңазалуу айтуучу Дөңүзбайдын ролу өзгөчө маанилүү болгон. Дөңүзбай - Мамбетке жол көрсөтүп, туура багыт берип, элге таанытып, манасчылык өнөрдүн татаал сырларын үйрөткөн улуу устаты. М.Чокморов таякеси Дөңүзбайдан башка да көптөгөн көлдүк манасчылардан «Манас», «Семетей» эпосторун угуп, эл аралап, жер

кыдырып таалим-таасир алып, эл арасында «Манас» айткан учурлары көп болуптур.

Мамбет Чокморов “Манас” эпосунун негизги үч бөлүмүн айткан, көркөмдүк деңгээли жогору өз алдынча варианттарды жараткан манасчы болгонуна карабай, анын айтуучулук өнөрү, чыгармачылыгы жана анын айтуусундагы варианттын өзгөчөлүктөрү боюнча системалуу мүнөздөгү ар тараптуу изилдөө иши жүргүзүлө элек. Ырас, бул маселе боюнча манастаануу илиминде эч сөз боло элек деп айтуу адилеттүү болбой калат. Анткени М.Чокморовдун манасчылык өнөрү, чыгармачылыгына мүнөздүү айрым көрүнүштөр, анын айтуусундагы варианттын сюжеттик-композициялык жана көркөмдүк өзгөчөлүктөрү манастаануучулар Р.Кыдырбаева жана Э.Абдылдаевдердин макалаларында, С.Бегалиевдин эмгегинде, манасчынын варианты өз алдынча китеп болуп жарык көргөндө Б.Садыковдун жазган баш сөзүндө фрагментардуу мүнөздө кеп болгон.

Белгилүү окумуштуу-фольклорист, манастаануучу Р.З.Кыдырбаева «Манас» эпосунун варианттары” (1988) аттуу чакан жыйнакка кирген «Специфические особенности варианта эпоса «Манас» в сказании М.Чокморова» деген көлөмдүү илимий макаласында М.Чокморовдун вариантында эпостун мазмунуна, жалпыга белгилүү салттык-сюжеттин сакталышына токтолуп, айтуучу эпоско чыгармачылык менен мамиле жасаганын белгилеп, өзгөчөлүк катары Манастын ата-бабалары жөнүндөгү көлөмдүү бөлүктү көрсөтөт. XV кылымда жашап өткөн белгилүү тарыхый инсандар Асан Кайгы менен Ногойдун Манастын ата-бабалары, эпикалык каарман катары сүрөттөлүшүн кокустук көрүнүш эмес, башка манасчыларда да мурунтан айтылып жүргөн салт болушу керек деген божомолун айтат. М.Чокморовдун  ишеними, диний көз карашы айрым сюжеттик мотивдерге таасир эткендигин белгилейт. Эпостун поэтикалык салттын айтуучу, негизинен, бекем сактаганын көрсөтүп, жеке өзгөчөлүктөрү жөнүндө да сөз козгойт да, жалпысынан М.Чокморовдун айтуусунда эпостун «Манас»

бөлүгү жалпы салттык традицияны бекем сактаарына басым коет. М.Чокморовдун айткан «Манас» бөлүгү С.Каралаевдин вариантына жакын, жалпы, үндөш жактары бар экендигин да белгилейт. Ошону менен бирге ислам дининин таасири айтуучунун диний ишеними айрым эпизоддорго терс таасирин тийгизгендигин да эскертет.

Бардык манасчылардын чыгармачылыгына мүнөздүү болгон, салтка айланган көрүнүш – бул кереметтүү түш, аян берүү. Ырас, манасчылардын бардыгы эле түштү өзгөчө жогору баалап, кереметтүү көрүнүш катары карап, түш көргөндөн кийин эл аралап «Манас» айта баштаганын билдиришет. М.Чокморов да түшүндө Манас баштаган баатырларды көрүп, ошондон кийин гана «Манас» айтып калганын бөтөнчө баса белгилейт. Түшүнөн аян берип “Манас” айтып калгандыгын өзгөчө чечүүчү фактор катары баалагандар азыркы учурда көбөйүүдө. Ырас, кереметтүү түштүн маанисин, ролун такыр жокко чыгаруудан алыспыз. Түш айтуучунун эпоско болгон кызыгуусун жандандырат, күчөтөт, ишенимин арттырат. Кереметтүү түштүн, аяндын маанисин академик М.О. Ауэзов да жокко чыгарбайт: «Для нас важен самый факт этой субъективной веры в сверхъестественное» - дейт окумуштуу [16, 17-б.].

Окумуштуу Э.Абдылдаев «Кыргыз адабиятынын тарыхынын» II томунда (2002) жарык көргөн «Мамбет Чокморов» аттуу чакан портреттик илимий макаласында манасчынын чыгармачылыгына мүнөздүү айрым жалпылыктарга жана өзгөчөлүктөргө токтолот. Манасчылык өнөрдүн жалпыга белгилүү сырына, башкача айтканда, кереметтүү түш көрүү моментине токтолот. Изилдөөчүнүн пикиринде, кереметтүү түштү манасчылык кесипке ээ болгон ар бир адам үчүн кереметтүү жагдай катары түшүндүрүү салты орун алганы менен, реалдуу таалим-таасир алуу башкы фактор дейт [8, 431-б.]. М.Чокморов улуу манасчы Тыныбектин окуучусу Эшимбек уулу Дөңүзбайдан түздөн-түз таалим алып үйрөнгөнүн, ошондой эле көл айланасындагы белгилүү айтуучулардын таалим-таасири өбөлгө

болгонун баса белгилейт. Э.Абдылдаев манасчылыкты шаманизмди тутунган элдердеги элдик искусствонун айрым көрүнүштөрү, асыресе, эпикырчылардын, кайчылардын чыгармачылыгы менен салыштырат. Аларда эпосторду айтуу, үйрөнүү процесстерин эч кандай сырткы күчтөр менен байланыштырбастан, түздөн-түз мурунку кайчылардан таалим алганын белгилеп [8, 432-б.], манасчылыктагы түш көрүү маселесине чоң маани берүүгө болбостугун туюндурган. Бирок ошол эле жерде Мамбет манасчынын өзүнүн төмөнкүдөй айтканын келтирет: "Манасты" өз дилинде айтпаса, жөн жаттап, бирөөдөн үйрөнүп айтууга болбойт" [8, 432-б.].

Мындан соң М.Чокморовдон жазылып алынган варианттын кол жазмасына жүргүзүлгөн изилдөөлөргө токтолот. "Манас" бөлүгүнүн эпизоддору эпостун башка варианттары менен, жалпысынан, сюжетинин толуктугу, ошондой эле традициялык окуялардын композициялык жактан ырааттуу берилиши боюнча бирдей экендигин белгилейт [8, 434-б.]. Манастын ата-бабалары жөнүндөгү бөлүктү өзгөчөлүк катары баалап, тарыхый инсан Асан Кайгыны Манастын ата-бабалары катары эпоско киргизүү М.Чокморовдо гана учурарын баса көрсөтөт. Бул эпизод элдик санжырадан пайдаланган деген оюн билдирет да, Асан Кайгы белгилүү Жаныбек кандын кеңешчиси, акылман адам болгонун тарыхый, маалыматтарга кайрылып ырастайт. Асан Кайгы жөнүндөгү уламыш-болумуш түрк тилдүү элдерге кеңири тараганын, Ногой ордосуна байланыштуу аңыз-уламыштар да М.Чокморовдун вариантында пайдаланылган деген аргументтүү, негиздүү оюн билдирет. М.Чокморовдун вариантында Манастын Арсланбапта төрөлүшүн өзгөчөлүк катары карап, манасчынын диний көз карашы менен байланыштырат. Ошондой эле баатырдын төрөлүшү, Каныкейге үйлөнүшү, "Көкөтөйдүн ашы", "Чоң казат" окуялары боюнча өтө кыска, учкай талдоо жүргүзгөн. М.Чокморовдун варианты окуяларга бай, көркөмдүгү бир кыйла жогору, сюжеттик курулушу, композициялык түзүлүшү жыйынтыктуу, жеке

өзгөчөлүгү менен айырмаланган оргиналдуу вариант дейт. Ошону менен катар "Мамбеттин вариантынын эң олуттуу өзгөчөлүгү катары төмөндөгүлөрдү айтууга болот: андан өз учурунда, айтуучулук өнөрү толуп турган кезинде жазылбай калып, кийин дүйнөгө, турмушка болгон көз карашы өзгөрүп, мусулманчылык ишеними кеңейип калыптанып калгандан кийин окуяларын унутуп, карып калган кезде жазылган. Ошол себептүү Мамбет өзүнүн вариантын ислам дининин фонунда кайрадан иштеп, өзүнүн түшүнүгүнө ылайык интерпретациялап баяндагандыктан, олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болгон деген жыйынтыкка келебиз" деген Э.Абдылдаевдин пикирине кошулууга болот [8, 441-б.].

Жалпыга белгилүү дагы бир олуттуу фактор – манасчылар, баарынан мурда, шыктуу, таланттуу адамдар, алар-татаал, кереметтүү, бийик төкмөлүк өнөрдүн ээлери. Демек, манасчылык өнөрдүн сырын кереметтүү түш, аян берүү менен гана түшүндүрүү, ошол көрүнүштү эле бир жактуу улуу күч катары карап, баалоо манасчылык өнөр боюнча иликтөөлөрдө туура, объективдүү, илимий жагынан негиздүү жыйынтык чыгарууга толук мүмкүндүк бербейт.

Окумуштуу С.Бегалиев улуу манасчы С.Каралаев М.Чокморовду жогору баалап, «Манастан» багы жок адам экен, чоң манасчы эле», - деп капа болгонун эскерет. Анткени С.Каралаев Мамбет унутулуп, анын айтуусундагы «Манас» эпосу кагазга түшпөгөнүнө өкүнгөн экен. Бирок улуу манасчынын бул өкүнүчүнө толук кошула албайбыз. Анткени Мамбет Чокморовдун айтуусунда «Манас» эпосунун төмөнкүдөй негизги бөлүктөрү жазылып алынган:

1. Манастын түпкү аталары
2. Манастын төрөлүшү
3. Алмамбеттин окуясы
4. Манастын Каныкейге үйлөнүшү
5. Көкөтөйдүн ашы

6. Чоң казат

7. Манастын өлүмү

8. Манаска күмбөз салуу

Манасчы М.Чокморовдон «Манас» эпосу толук жазылып алынганы ачык көрүнүп турат. Бирок учурунда КР УИАдагы структуралык өзгөрүүлөргө, кызматкерлердин туруксуз алмашылып турушуна байланыштуу, М.Чокморовдон жазылып алынган «Манастын туулушу», «Көзкамандар окуясы» сыяктуу айрым кол жазмалар белгисиз себептерден улам жоголуп кеткенин, «Көкөтөйдүн ашын» баяндаган эпизод магнитафондук лентадан кагазга учурунда түшүрүлбөй калганын, угулуш сапаты төмөндөп кеткендиктен кийин кагазга түшүрүү кыйын болгонун Б.Садыков көрсөтөт (90, 7-8-бб.). Жогоруда аталган өзөк окуялар эпостун салттуу негизги варианттары менен сюжеттик курулушу, композициялык түзүлүшү, образдар системасы жагынан жакын, салттык белгилер бекем сакталган.

М.Чокморовдон «Манас» эпосун жазып алуу иши манасчы улгайып, т.а., жетимишке таяп калган мезгилде жазылып алынган. Манасчы М.Чокморовдун оозунан «Манас» эпосун жазып алган окумуштуунун бири С.Бегалиев ал жөнүндө мындай эскерет: «Мамбет аксакал беш маал намазын үзбөгөн, ислам дининин жоболоруна бекем ишенген, бейшемби, жума күндөрүндө белгилүү мазар Манжылыга барып сыйынып, түнөп келер эле. Ал мазарды кайтарып, кереметтүү жай катары эсептеп аны таза кармоо керек деп көп эскертээр эле».

Ар бир манасчынын шыгына, талантына, көз карашына, ишенимине жараша айткан вариантында айрым бир сюжеттик өзгөчөлүктөр болору – табигый көрүнүш. Сагымбай, Саякбай өңдүү чоң таланттар эпостун ар бир эпизодун өзүнчө сюжетке айландырып, кеңири, бийик көркөмдүктө баяндашса, эпостук эпизоддорду кыска, схема түрүндө баяндаган манасчылар да жок эмес. Мамбет Чокморов, негизинен, «Манас» эпосунун

салттуу сюжетин бекем сактап, окуяларга бай, көркөмдүгү бир кыйла бийик, оригиналдуу өз вариантын жараткан. Өзүнчө вариант болгон соң, өтө олуттуу мааниге ээ болбогон айрым бир сюжеттик өзгөчөлүктөр анда жок эмес. Маселен, көпчүлүк манасчылар Манастын ата-бабалары жөнүндө кыска, схема түрүндө гана санап өтсө, М.Чокморов бул теманы өтө кеңири, сюжеттүү, көлөмдүү, окуяларга бай өзүнчө бүткөн чыгарма катары чоң баянга айландырган.

М.Чокморовдун варианты көп жагынан С.Каралаевдин вариантына үндөш, жакын, окшош жактары арбын. Мындай жалпылыктын болушу, окуялардын окшоштугу, үндөштүгү да кокустук көрүнүш эмес. Анткени М.Чокморов – көлдүк манасчылардын типтүү өкүлү, Каракол мектебинин тобуна кирет. М.Ауэзов адилеттүү белгилегендей: «Нам известно о существовании двух школ - Нарынской и Каракольской (Пржевальский), явно различающихся между собой. Представитель первой – Орозбаков, второй - Каралаев» [16 ,21-б.]. Албетте, М.Ауэзовдун манасчылардын эки мектеби жөнүндөгү бул пикири бүгүнкү күндө талашсыз чындык экенин айта кетүү ашыкча болбойт.

Манасчы М.Чокморовдун вариантын илимий иликтөө ишине 1980-жылдары кадам коюлуп, негизинен, кыргыз эли эгемендүүлүккө ээ болуп, өз алдынча, көз карандысыз мамлекет болгондон кийин гана жандана баштады. «Манас» эпосунун 1000 жылдыгына жана манасчынын 100 жылдык маарекесине карата 1995-жылы манасчы М.Чокморовдун айтуусундагы «Манас» бөлүмүнүн варианты өзүнчө китеп болуп жарык көргөн.

М.Чокморовдун айтуусундагы «Манас» эпосунун китеп түрүндө басылышында кириш сөз катары изилдөөчү Б.Садыковдун “Манасчы Мамбет Чокморов жана ал айткан вариант” аттуу эмгеги орун алган. Бул чакан эмгекте автор адегенде манасчылык, атактуу манасчылар тууралуу айтып келип, ошол атактуу манасчылардын “уламалуу салтын улап,

учурунда чоң манасчы Дөңүзбайдан таалим алган белгилүү манасчы Мамбет Чокморов" экенин белгилейт. М.Чокморовдун манасчы болуп калышына бир тууган таякеси, учурунда кыргызга аты таанымал чоң манасчы Эшимбеков Дөңүзбайдын таасири чоң болгон деген пикирин айткан [90, 4-б.]. Б.Садыков Мамбеттин "Манас" айтып калуусу түштөгү аян менен байланыштуу экенин, Мамбет айрым бир манасчылардай чыгармачылыктын башка үлгүлөрүн өздөштүрүүгө кызыкпаганы, анын чыгармачылык өнөрканасына эпостун үч бөлүгү – "Манас", "Семетей", "Сейтек" гана тиешелүү экени тууралуу маалымат берген. Изилдөөчү "Манас" эпосунун үч бөлүгүн толук айткан илимге белгилүү манасчылардын эң акыркы өкүлү катары Мамбет Чокморовду көрсөткөнүнө [90, 7-б.] кошулууга болот.

Мындан кийин аталган эмгекте изилдөөчү Мамбет Чокморовдон жазылып алынган "Манас" бөлүмүнүн сюжетине кеңири токтолот. "Манастын ата-тегинин тарыхы", "Манастын төрөлүшү", "Манастын үйлөнүшү", "Көзкамандар окуясы", "Чоң казат", "Баатырлардын курман болушу", "Күмбөз салдыруу" сыяктуу негизги окуялардан турган бул варианттын айрым бир сюжеттик өзгөчөлүктөрүн көрсөтүп, негизинен, манасчы эпостун салттуу сюжетин бекем сактаганын белгилейт. Бирок "эпостун сюжеттик негизин түзгөн окуялар салт катары айтылып келүү процессинде туруктуу сакталышы жана өзгөрүлүшү бирдей деңгээлде боло бербестигин" көрсөтүп [90,9-б.], айрым бир сюжеттик өзгөчөлүктөр бар экендигине токтолот. Олуттуу сюжеттик өзгөчөлүк катары Манастын ата-бабалары жөнүндөгү эпикалык, көлөмдүү баянды белгилейт. Ошондой эле эпостун салттуу окуясында кезикпеген Манастын хандарды издеп чыгышынын орун алуусун, Алмамбеттин жомогунда жалпы сюжеттик уңгу сакталганы менен, деталдык айрымачылыктар көп экенин, Манастын Каныкейге үйлөнүүсү эпикалык баатырдык мүнөздө чечилбестен, жомоктук мотивде баяндалганын талдоого кыскача алган. Эмгектин акырында

изилдөөчү “М.Чокморовдун вариантынын сюжеттик линиясы башкалардыкынан айрым учурлары, мотивдери боюнча айрымачылыкка ээ болуп, өзгөчөлөнүп турганы менен, жалпы эле элдик оозеки чыгармачылыктын салттарынын чегинен чыкпайт, тескерисинче аны сактап, колдон келишинче өз дараметине, манасчылык өнөрүнө жараша бардык эле манасчылардай пайдаланган” [90, 25-б.] деген адилет бүтүмгө келген.

Ошондой эле окумуштуу С.Бегалиевдин (авторлошу – биз) М.Чокморовдун чыгармачылыгы жөнүндө жазган илимий макаласында М.Чокморов катардагы манасчы эместигин, ал «Манас» эпосунун үч бөлүгүн билген белгилүү, таланттуу манасчынын бири экенин айтат. Бул макалада да Мамбеттин манасчы болуп калышындагы түшү көрүү маселесине, ошондой эле таякеси Дөңүзбай баштаган айрым манасчылардан таалим-тарбия алышы маселесине кайрылган. Манасчылыкта түш көрүү, таалим алып үйрөнүү жана манасчынын шык-таланты сыяктуу чечүүчү факторлор бар экени белгиленген (25, 198-б.). М.Чокморовдун варианты окуяларга бай, көркөмдүгү бир кыйла бийик, оригиналдуу вариант катары сыпатталып, анын айтуусундагы “Манас” эпосунун айрым сюжеттик өзгөчөлүктөрү, атап айтканда, Манастын ата-бабалары, Манастын төрөлүшү, Каныкейге үйлөнүшү, “Чоң казат” окуялары боюнча кыскача талдоо жүргүзүлгөн. Мында айтылган ой-пикирлер, талдоо, негизинен, жогорудагы Э.Абдылдаевдин эмгеги менен үндөш. С.Бегалиев Мамбет манасчынын вариантын атайын, кеңири, системалуу илимий изилдөө – күн тартибинде турган олуттуу, актуалдуу маселе экенин белгилеп кеткен.

Жогоруда талдоого алынган эмгектерден байкалгандай, манасчы Мамбет Чокморовдун айтуучулук өнөрүнө, анын вариантынын сюжеттик курулушунун өзгөчөлүктөрүнө, салттуу сюжеттик мотивдер менен элементтердин канчалык деңгээлде сакталышына, көркөм-поэтикалык бөтөнчөлүктөрүнө тиешелүү айрым маселелер тигил же бул өңүттө иликтөөгө алынган. Ал эми толук мүнөздөгү, системалуу изилдөөнүн аткарыла электиги байкалып турат. Демек,

биздин изилдөөбүз дал ушул максатты – М.Чокморовдун вариантындагы "Манас" эпосунун сюжеттик жана композициялык курулушун, анын башка варианттар менен жалпылык-айырмачылыктарын системалуу, кеңири мүнөздө аныктоону – көздөшү иштин актуалдуулугун тастыктап турат.

## 1.2. Манас баатырдын генеалогиялык эпикалык санжырасы

Кыргыз эли – өзүнүн узак тарыхый жолунда канчалаган олуттуу окуяларды башынан өткөрүп, сырттан басып кирген душмандардан өз жерин, эркиндигин коргоп, "эл" деген атын сактап келген байыркы элдердин бири. Мына ошол зор тарыхый окуялар, жашоо-тиричилиги, дүйнөгө, коомго болгон мамилеси, көз карашы, келечекке карата болгон асыл ой-тилектери «Манас» өңдүү эпопеяда көркөм сүрөттөлүп, муундан муунга, атадан балага баалуу мурас катары өтүп келген. Кыргыз элинин бийик туусу, улуттук намысы, улуу сыймыгы, мактанычы болгон «Манас» эпосу – дүйнөдө сейрек учураган, кайталангыс, зор, монументалдуу, поэтикалык эстелик экени жалпыга маалым. "Манас" эпосунун дүйнөлүк адабияттын тарыхында алган орду да өзгөчө экендигин окумуштуу С.Байгазиев мындай баса белгилейт: "Улуу "Манас" эпосу – жалпы адамзаттык мааниде терең мазмунга, көрк, руханий көөнөрбөс түбөлүктүү дөөлөттөргө эгедер улуу дастан. Кыргыз көчмөн цивилизациясынын керемет кенчи. Ала-Тоолук ак калпак журттун көркөм сөз өнөрүнүн туу чокусу, улуттук аң-сезимдин манифести, дүйнөлүк адабияттын классикасы" [19, 18-б].

«Манас» эпосунда кыргыз элинин сырттан басып кирген күчтүү, көп сандуу, ырайымсыз душмандарга каршы жүргүзгөн көп кылымдык боштондук күрөшү – чыгарманын идеялык мазмунун аныктаган башкы тема. Эпостун башкы проблемасы – жалпы элдик биримдик, ынтымак» – дейт окумуштуу С.Бегалиев. [24, 19-б.]. "Манас" эпосунун негизги мазмунун, басымдуу бөлүгүн согуштук окуялар, ар кандай мүнөздөгү, мазмундагы казаттар түзөрү белгилүү. Деги эле Манас баатырдын эпикалык

биографиясы, бала чагынан өлгөнгө чейинки өмүрү сырттан басып кирген душмандардын тынымсыз, кандуу чабуулдарына каршы жүргүзгөн баатырдык күрөшү басымдуу мүнөзгө ээ. Манас баатыр бүлүнгөн, чачылган ар кандай урууларды бириктирип, бир эл курат. Ошону менен бирге эле «Манас» эпосунда элдин жай турмушу, үрп-адат, каада-салты, коңшу элдер менен болгон өз ара мамилеси, карым-катышы, жашоо тиричилиги да бир кыйла кеңири көркөм сүрөттөлгөнү олуттуу мааниге ээ. Буга Манастын бала чагы, Каныкейге үйлөнүшү, Көкөтөйдүн ашы өңдүү көлөмдүү, өзгөчө кеңири сюжеттүү, окуяларга бай бөлүмдөр  ачык күбө. Бул да кокустук көрүнүш эмес. «Манас» эпосу – негизинен, уруулук-патриархалдык доордун олуттуу тарыхый окуяларын, мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн көркөм чагылдырган баатырдык эпос. Демек, эпосто ошол доордун үрп-адат, каада-салты, көз карашы, коомго, күнүмдүк турмушка, жашоо-тиричиликке карата болгон мамилеси, түшүнүгү, мүнөздүү өзгөчөлүктөрү кеңири камтылып көркөм сүрөттөлөт.

Манас баатырдын ата-бабалары жөнүндөгү баян сюжет болуп айтылып, бир катар белгилүү манасчылардын варианттарында ар кандай көлөмдө көркөм баяндалат. Ырас, мындай баяндама айтуучунун шыгына, талантына жараша айрымдарында кыска, схема түрүндө баяндалса, айрымдарында кеңири, өзүнчө жеке сюжет болуп айтылат. Бабалардын ата-теги жөнүндө баян – жеке эле, “Манас” эпосунда эмес, жалпы эле түрк, монгол элдеринин эпикалык чыгармаларында кеңири учурап, бекем салтка айланган сюжеттик мотив. Мындай сюжеттик салттык мотив – көчмөн элдердин тарыхый турмушу менен байланышкан көрүнүш, т.а., ал уруулук-феодалдык доордун мүнөздүү өзгөчөлүктөрүнүн бири.

Манас баатырдын эпикалык биографиясынын мындай өзгөчөлүгүн В.М.Жирмунский да белгилеп: «Эпическая биография Манаса, в соответствии с патриархально-родовыми представлениями, начинается с описания его родословной» - дейт [36, 35-б.]. Бирок баатырдын ата-теги

жөнүндөгү баян жөн гана куру сөз, уруулук-феодалдык доордун мүнөздүү бир белгиси эмес. Тагыраак айтканда, мында негизги мотив – баатырдын ата-бабаларынын ким болгондугун угуучуларга жеткирүү. Оюбуз далилдүү, негиздүү болуш үчүн С.Орозбаковдун варианты боюнча бир мисалга кайрылып көрөлү:

Бай, Байдан Жакып,
Ушулардын тукуму
Улук болгон кара кан
Кара кандан кийинки
Байгур, Бабыр тараган
Бабырдын уулу Түбөйкан,
Кызмат кылган канча жан.
Түбөйдүн уулу Көгөйкан
Ногойдон – Ногой, Шыгайдыр.
Кенже иниси Чыйырды деп
Бул кеткендерден калган кеп [69, 33-б.].

Келтирилген мисалда баатырдын ата-теги жөнүндөгү баян көркөм гана сүрөттөлбөстөн, ата бабаларынын баары кан, касиеттүү, өзгөчө белгилүү инсандар болгонун маалымдалат да, анда баатырдын образы эпикалык жактан идеализацияланып, эпосто өзүнчө көркөм милдет аткарат. Мындай көркөм ыкма, эпикалык идеализация ыкмасы «Манас», «Семетей» эпосторунда жыш учурап олуттуу мааниге ээ. Бул салттуу сюжеттик мотив дээрлик бардык манасчылардын, семетейчилердин варианттарында кеңири орун алган, олуттуу мааниге ээ болгон мотив десек болот.

Дээрлик бардык манасчылар Манас баатырдын ата-бабаларын өзүнчө баян кылып айтууну бекем салтка айландырып алышкан. Патриархалдык-уруулук доордун шарты боюнча баатырдын ата-тегин баяндоо анын жети атасын айтуудан башталат.

Ал эми Саякбай Каралаевдин вариантында Манастын ата-бабалары тууралуу баян төмөнкүчө берилген:

Түп атасы Түгөл кан
Түбүнөн кыдыр даарыган
Башкы атасы баары кан,
Башынан кыдыр даарыган.
Түп атасы Бөйөн кан
Бөйөн кандан Чаян кан.
Чаян кандан Ногой кан.
Атасынын бабасы
Арстандын тукуму.
Ногой кандан Бала кан
Бала кандан Каракан.
Каракандан тараган,
Кара ниет Жакып кан,
Жакып кандан кан Манас [66, 27-б.].

Эки улуу манасчыда баатырдын ата-бабаларын баян этүүдө жалпы окшоштуктар менен бирге айрым бир өзгөчөлүктөр бар экендиги байкалат. С.Орозбаков Манастын ата-бабасын жөн гана санап кетсе, С.Каралаев аларга мүнөздөмө берип, баары кереметтүү, касиеттүү адамдар, кан болушканын баян этет. «Кан» деген титулдук көркөм аныктама – «Манас» эпосунан баштап кыргыз элинин кенже эпосторунун дээрлик көпчүлүгүндө кеңири колдонулган, бекем салтка айланган, баатырдын образын идеализациялоодо кеңири колдонулган көркөм каражат, туруктуу эпитет. Бул көркөм эпитеттин, көркөм титулдун жаралыш тарыхын, эпоско кирген мезгилин окумуштуу Э.Абдылдаев төмөнкүчө түшүндүрөт: «Кан» деген титулдун, наамдын пайда болушу феодалдык мамилелердин түзүлүшүнөн алда канча мурунку доорго, башкача айтканда, тапсыз коомго таандык.

«Кан» деген титул алгачкы учурда уруу башчыларына байланыштуу пайда болгонунда күнөм жок» [58, 208-б.].

Бирок эпостун кийинки этабында «кан» деген түшүнүктүн мазмун-маңызы, мааниси кеңейген, уруу башчыларына карата гана айтылбастан, эл-журт башкарган падыша, султан маанисинде кеңири колдонулат.

Ал эми Тоголок Молдодо болсо: «Түмөн кан, анын уулу Бөйөн кан, анын уулу Чаян кан, анын уулу Кара кан. Бул Кара кандын сегиз уулу болгон. Атактуусу Ногой, Ногойдун төрт  уулу болгон. Алар Бай, Орозду. Үсөн, кенжеси Жакып». Тоголок Молдонун вариантындагы «Манас» эпосун иликтеген окумуштуу Омор Сооронов мындай маалыматты билдирет: «Манастын түпкү ааларын териштирүү башка манасчыларга караганда Тоголок Молдодо алда канча күчтүрөөк. Анын вариантында Манастын отуздан ашуун түпкү аталары саналып өтүлөт. Ал гана эмес, тууган туушкандарынын таралышына чейин айтылат.

Бирок өзгөчө белгилеп кое турган олуттуу жагдай, М.Чокморов Асан Кайгы жөнүндөгү аңызды чыгармачылык менен пайдаланса, Тоголок Молдо Манас баатырдын ата-бабалары жөнүндөгү башка элдик санжыраны эпоско кошкон. Тоголок Молдонун айтуусунда Асан Кайгы, Ногой жөнүндө кеңири сөз жок, сюжети боюнча кескин өзгөчөлүккө ээ.

Чыгаан манасчы Молдобасан Мусулманкулов Манастын ата-бабаларын Сагымбайдын вариантына жакын баяндайт.

Түп атасы Түбөй кан,
Түбөй кандан Чаян кан,
Чаян кандан Боен кан,
Боён кандан Ногой кан,
Кара кандан кан Жакып [80, 7-б.].

Мында М. Мусулманкуловдун сүрөттөгөнүнө караганда, Сагынбайдын вариантына  үндөшүп кеткенин баамдайбыз.

Манастын ата-бабаларынын баарын кан, касиеттүү адам, адил, калыс, элдин камын ойлошкон башкаруучу катары сүрөттөө М.Чокморовдун вариантына өтө мүнөздүү. «Түбүнөн бери кан болгон, жүргөнү журтка даң болгон, түпкү атасы Кайгы Асан, кийинкиси Ногой кан, чачылган журтту кураган. Ортодон чыккан Орумбет, азыркысы Сары кан, атасынан бабасы болуп калган баары кан». Сары кандан Жакып туулат, Жакыптан Манас экени маалым.

М.Чокморовдун вариантындагы «Манас» эпосунда бул мотив да туруктуу сакталганы менен айрым бир сюжеттик өзгөчөлүктөргө ээ экендигин окумуштуу Э.Абдылдаев белгилеп: «М.Чокморовдун айткан вариантынан «Манастын түпкү ата бабалары" деген эпизод өзгөчөлүгү жагынан бөтөнчө айырмаланып турат»,- дейт [8, 434-б.]. М.Чокморовдун айтуусунда Манастын ата-бабалары жөнүндөгү баяндын башкалардан өзгөчөлөнүп турганын, реалдуу тарыхый инсан Асан Кайгынын эпикалык каарман болуп эпоско киришинен көрүүгө болот. Манасчынын баатырдын ата-теги жөнүндөгү кеңири сюжеттүү баянынын, мүнөздүү өзгөчөлүгү жөнүндө окумуштуу Р.З.Кыдырбаева өзүнүн оюн төмөнкүчө жазат: «Личная стихия (определение Гильфердинга) наиболее четко проявляется в варианте М.Чокморова в части описания генеалогического древа рода Манаса. Здесь мы сталкиваемся с целым рядом имен, сюжетных событий, которые не встречаются в других вариантах» [52, 16-б.].

М.Чокморовдун вариантында Манас баатырдын ата-теги жөнүндөгү кеңири сюжеттүү баян манасчынын вариантындагы олуттуу өзгөчөлүк катары бааланып, Сагымбай, Саякбай жана башка манасчылардын варианттарында Манастын ата-бабасы жөн гана саналып кетсе, бир гана М.Чокморовдун вариантында ата-баба баяны кеңири өзүнчө сюжет болуп айтылат деген пикир басымдуу, олуттуу, негиздүү болуп келүүдө. Бул маселе боюнча окумуштуу Э.Абдылдаев мындай пикирин билдирген: «...тарыхый Асан Кайгы менен тикелей байланыштуу караган жалгыз гана

Мамбеттен башка эч бир варианттарда, оозеки уламыш-аңыздарда учурабайт. Манастын ата-бабаларынын санжырасын баяндаган эпизодду эл арасында кеңири таралып, айтылып жүргөн оозеки аңыз уламыштардын негизинде Мамбет кийин өзү жараткан эпизод десек туура болот» (8, 435-б.).

Чынында эле, Мамбет Чокморов Сагымбай Орозбаков менен Саякбай Каралаевден, башка манасчылардан кескин айырмаланып, Манас баатырдын ата-бабаларынын баянын кара сөз, ыр аралаштырып узун сабак, көлөмдүү сюжет кылып бийик көркөмдүктө сүрөттөйт. Мындай өзгөчөлүк сейрек көрүнүш катары М.Чокморовдун вариантына гана таандык. Ата-бабалар жөнүндөгү баяндын көлөмдүү болуп айтылып, салтка айланган тарыхы жөнүндө окумуштуу Р.З.Кыдырбаева өзүнүн мындай айтат: «У Иссык-Кульских сказителей, по всей вероятности, когда-то бытовал развернутый сказ о прадедах Манаса, затем по каким-то причинам забытый и свернутый. Скорее всего, монументальный объем эпоса, а в связи с этим и трудности его исполнения (во времени) давал повод сказителям отсекать некоторые сюжеты с целью концентрации внимания на подвигах самого Манаса» [52, 15-б.]. Окумуштуунун пикиринде ынанымдуу, негиздүү ой бар экени байкалат.

Манастын ата-бабалары жөнүндөгү баянда системалуу, бирдей мазмунда айтылган сюжет жок экендигин окумуштуу, манас таануучу Э.Абдылдаев минтип жазат: «Эпосто Манастын ата-бабаларын териштирүү принцибинен баштоо манасчылар үчүн адатка айланса да, туруктуу орток генеалогиялык система жок» (8, 436-б.).

Биздин оюбузча, Манастын ата-теги жөнүндөгү баян – дайыма эле айтылып жүргөн салттуу сюжеттик мотив. Бирок Манастын ата-бабалары жөнүндө баян дээрлик бардык манасчыларда айтылганы менен, так, даана, системалуу кеңири баян жок экендигине күбө болобуз. Себеби, «Манас» эпосу жазылып калган тарых эмес, баарынан мурда ал оозеки айтылып

келген элдик мурас экенин эстен чыгарбоо керек. Эпостон реалдуу окуянын изин, каармандарын прототибин табуу – өтө татаал иш. Аны издеп, аракет кылуу оң жыйынтык бербейт.

Эми М.Чокморовдун айтуусундагы Манас баатырдын ата-бабалары жөнүндөгү баянга кеңири кайрылып, көңүл буруп көрөлү.

М.Чокморовдун айтуусунда Манастын ата-теги кыргыз, казак, кара калпак элдеринин оозеки адабиятында уламыш, аңыз түрүндө кеңири айтылып жүргөн Асан Кайгыдан башталганы – өтө сырдуу, кызыктуу көрүнүш. Ырас, Асан Кайгы XIV-XV кылымдарда жашап өткөн тарыхый инсан экендиги белгилүү.

М.Чокморовдун айтуусунда Асан Кайгынын өмүр жолун, акындык талантын, философиялык ой-толгоолорун, эл-журттун тагдырын ойлогонун, зомбулукка, теңсиздикке, адилетсиздикке каршы күрөшкөндүгү жөнүндө айтуудан мурун Асан Кайгы жөнүндө кандай баалуу, олуттуу, маанилүү маалыматтар бар деген маселеге кайрылып көрөлү. Белгилүү окумуштуу Б.Кебекованын «Кыргыз эл ырчыларынын тарыхынын очерктери» аттуу терең мазмундуу, олуттуу маалыматтарга бай илимий эмгегиндеги Асан Кайгы жөнүндөгү маалыматтарына алгач токтолуп кетүү зарылдыгы бар. Окумуштуу: «Эл эсинде бек сакталган байыркы ырчылардын бири – Асан Кайгы. Ал бир канча түрк элдерине (ногой, казак, кара калпак, кыргыз) терең ойчул, акылман акын катарында кеңири белгилүү. Негизинен, анын өмүр таржымалы, жашаган аймагы, окуялары, аңыз-аңгеме, уламышка айланып кеткен», - дейт [44, 67-б.].

Ногой да ошол эле Асан Кайгынын доорунда жашаган реалдуу тарыхый инсан болгондугун ырастаган маалыматтар арбын. Ал тургай, кыргыздын тарыхын иликтеген айрым изилдөөчүлөр Ногойду биздин заманга чейинки IV кылымда жашаган кыргыздын баатыры кылып сүрөттөп, ал Түндүк Кытайды басып алган деген ойду айтышат. Эмнеси болсо да, ысымы «Манас» эпосунун көптөгөн варианттарында кезигип, ал

Манастын ата-бабаларынын бири болуп сүрөттөлүшүнүн негизи бардай сезилет.

«Манас» эпосу жазылып калган тарыхый хроника эмес, баарынан мурда оозеки жаралган элдик чыгарма. Ырас, эпос жаралгандан бери далай суу агып көптөгөн тарыхый окуялар эпосто орун алганы талашсыз чындык. Эпостун тарыхый мааниси, баалуулугунда сөз жок. Бирок эпоско кирген тарыхый окуялар, тарыхый инсандар чыгарманын мыйзамына, жоболоруна, баш ийген реалдуу касиеттерин, белгилерин жоготуп, көркөм каарманга, көркөм баянга айланганын унутпообуз зарыл. Тарыхый окуяларды манасчы чыгармачылык менен пайдаланганын ырастап, Э.Абдылдаев «Аталган окуя тарыхый уламыштардын негизинде жазылса да, сюжеттик түзүлүшү жагынан анын реалдуу белгилеринен алыстап, манасчы өзүнүн көз карашына, түшүнүгүнө ылайык өз бетинче жөө жомоктук стилдеги окуя жараткан деген тыянакка келүүгө болот» - дейт [8, 437-б.].

М.Чокморовдун айтуусунда Манастын ата-бабалары жөнүндөгү баян: «Сары-Нүкүр жана Кара-Нүкүр деген бир тууган эки кандын тушунда Ногой аттуу жалгыз уулдуу Асан Кайгы деген олуя адам болгон экен», – деп, жөө жомоктун стилине салып башталат. Адилетсиз Сары-Нүкүр Кара-Нүкүрдүн элинен өлтүрүп, адамдын баш сөөгүнөн ааламда жок аппапак ордо салдырып, дүйнө элдерин чакырып, чоң той берет да, Асан Кайгыны тойго чакырса, барбайт. Андан кийин кан «Кулалы таптап каз алдырып, анын урматына той берсе, Асан Кайгы дагы барбай коет. Хан наавайчынын кызынын сулуулугуна кызыгып, “40 аялдын үстүнө кыз алдым» - деп, дагы үлкөн той берип, Асан Кайгыны чакырса, ал дагы барбайт. Ачуусу башынан ашкан кан, Асандын колу-бутун байлап, желдеттерине айдатып келет. Асан Кайгы тойго келбеген себебин калың элдин алдында ачык билдирет:

«Баштан салдың дубалды,  
Бу байкаган жок убалды,  
Адилеттик жок болуп,

Сурап турган журтуңду,

Жаш жыгачтай кыйраттың,

Кары менен чалдарын,

Катын менен балдарын,

Чыркыратып ыйлаттың,

Бир кудайдан буйруксуз,

Адамдын алмадай башын алгансың

Боору жазы жерим, ук!

Менин айткан кебимди,

О, калдайган калың элим ук! – деп [74, 27-б.]. Асан Кайгынын ырайымсыз, каардуу кандан коркпой-үркпөй, калың элдин алдында бетке айткан адилет, калыс сөзүнө эл ынанып, кубаттап турат. Бирок кандын каары күч алып, акылынан тайып, «Этин кескилеп, шишкебек кылгыла! Сөөгүн талкалап отко салгыла»! – деп желдеттерине буйрук берет. Ошондо «асманда ак булут болуп созулуп, кайып ага кошулуп», Асан Кайгы олуялыгы менен жок болуп кетет.

Асан Кайгы уулу Ногойду ээрчитип, жер кыдырып, эл аралап жүрүп, бир жайга токтолот. Уулу Ногой: «Жери тар, бул жер бизге жер болбойт, элинин ичи тар экен булар бизге эл болбойт, кетели, ата», – деп кеңеш салат. Асан Кайгынын өз журтуна, элине жайлуу жай, конуш издеши жөнүндөгү элдик уламыш сөздөрдө да кеңири айтылат. Асан Кайгынын элине жайлуу жер издеп, жер кыдырышын окумуштуу Б.Кебекова өз иликтөөсүндө тарыхый окуя менен байланыштырат. Анын пикири боюнча, Асан Кайгынын калкына жайлуу жер издеп, дүйнө кыдырышына монголдордун басып кириши олуттуу себеп болгон. Монголдордун кандуу чабуулунан кийин эл өз мекенин таштап жайлуу конуш издеп кетиши реалдуу чындык катары баалануууга тийиш. Ошону менен бирге эле Асан Кайгы кой үстүндө торгой уялаган бейиш жерди издегени ал жөнүндөгү көпчүлүк аңыздарда баяндалат. Окумуштуу Б.Кебекова Асан Кайгы

жөнүндөгү уламыштагы ушул окуяда реалдуу чындыктын негизи бар экендигин белгилеп, минтип жазат: «Бизге жеткен санат, термелердин мазмуну боюнча Асан Кайгы жашаган доордун реалдуу картинасын түзүүгө болот. Калк бир жерге байыр (конуш) ала албай, «белден береке, көлдөн көрк» кетет. Улук адилеттиктен тайып, калк ары удургуп, бери удургуп, бейпилчилик издеп ачып-тозот. «Ата журту букара» бийлиги колунда болбой, өз башына ээлигин жоготуп, эр азаматтын башына нокто түшөт. Акылман муну элге «аңгеме кылып айтып», кайгыра берип, «карып болот» [45 ,9-б.].

Андан ары окуя мындай уланат. Мериян талаа Жайык чөлдү баш пааналап токтошот. Кандын желдеттери келип Асан Кайгыга:

Кандын айткан кеби эле,
Медиян менин чөлүмө,
Пери ойногон көлүмө,
Кайыптан башка жан жүрсө,
Айдап келгин деди эле.
Адам заат кабылса
Байлап келгин деди эле.
Эми сени айдайбыз,
Эки колуң аркаңа,
Ушу жерден байлайбыз [74, 30-б.].

Кандын желдеттери Асан Кайгыны алып кетээрде уулу Ногой көрөгөчтүк кылып, атасына мындай дейт:

Коркпой, ата, барып кел,
Кандын берген белегин,
Коюнуңа катып кел.
Кол алышып сүйлөшүп,
Азаат кебин угуп кел...
Кандан уккан кебиңди,

Ката кылбай айтып кел...
Бир колдогон жан экен...
Минип жүр деп ат берет,
Кийип жүр деп тон берет
Акыл угат өзүңөн,
Абайы кылат сөзүңөн,
Акылдаша жүргүң деп
Акыры сизге жол берет [74, 30-31-бб.].

Ошол түнү кан түшүндө «Астынан ажыдаар сойлоп, артынан арстан ээрчиген адамга жолугат». Түштү эч ким коруй албай, бир кыз жоруйт. «Мейкин талаа чөлүңдү, канаттуу конбос көлүңдү, бир олуя пенде ээледи. Каным сага кудай бергени», – деп, жакшы тосуп ал дейт. Кыз көздөн кайым болот, бирок экинчи ирет баягы эле түштү кан кайрадан көрөт, кыз мындай жоруйт:

Тетиги астыңда чыккан ажыдаар,
Сенин астыңа келген кишинин,
Акыры чыкчу тукуму,
Алтымыш жылда ал чыгат,
Айдыңынан жан чыгат,
Каарына тийгенди
Кырып чыгат ал киши.
Чачкында жүргөн мусулман,
Жыйып чыгат ал киши.
Кылычын канга боегон,
Баатыр чыгат ал киши.
Кылымдан алы келбеген,
Башка чыгат ал киши.
Сүйлөшүп киши жеңбеген,
Кашка чыгат ал киши.

Ааламдын алы жетпеген,

Баатыр болот экен да [74, 33-б.].

Бул мисалда болочок баатырдын төрөлүшүн, ал бүлүнүп, чачылган журтту бириктирип эл кылары тууралуу алдын-ала айтылып жатканын баамдоого болот.

Ошентип, кан Асан Кайгыны жылуу тосуп алып, сый-урматын көрсөтүп, «Кайгым! Көп жерди көрүпсүң, көп элди билипсиң. Дүйнөдө эмне сонун? Эмне кызык?» – деп кан суроо салат. Ошондо Асан Кайгы: «Менин кудай талаа жаратканда атым Асан экен. Дүйнөнүн төрт бурчун кыдырып көрдүм. Алтымыш түрлүү кан көрдүм – мунун тарттым кайгысын. Опойгон кары чал көрдүм, өлө турган жан көрдүм, мунун тарттым кайгысын. Келбеттүү келин-кыз көрдүм, бу дүйнөдөн кеткенде, чын дүйнөгө жеткенде кантер экен булар деп, мунун тарттым кайгысын. Жер үстүнөн жаш көрдүм, акылынан адашкан, арам ишке жанашкан, акылы менен кас болгон, анын тарттым кайгысын. Жаман жолго көп жүргөн, динине алда кирбеген, оюна өлүм кирбеген тозокко түшөт деп уктум, түшсө кантээр экен деп, мунун тарттым кайгысын. Жер үстүндө бүрдөгөн, жабырап чыгып гүлдөгөн, күз болгондо кубарган, кыш болгондо куураган, кантээр экен булар деп, гүлдүн тарттым кайгысын. Боору жазы, үстү кең жердин тарттым кайгысын» [74, 34-б.]. Дагы далайларды айтып, акырында: «Эми көргөндөрүмдүн баарысын көсөп айтып өткөрдүм, көкөйүңө түйүп ал! Калк сураган кан болсоң, бир кудайдын бар экенин билип ал!» – дептир. Асан Кайгынын сөзүн угуп кан таң болот. Андан ары: «…Калк сураган кан, эл сураган бектен эмне көргөн, билгениңиз бар?», – деп кан дагы суроо салат. Көргөнүн көсөм айтат, укканын чечен айтат. Ошондо Асан Кайгы ырайымсыз кан Сары-Нүкүрдүн «элди букара кылып сурап, каарын чачып, элин таманына таптап басып, бек сүйлөгөнүн кырып, сурагы кетти колунан, иши кетти жолунан, сыймыгы кетти башынан. Текебери ашкан соң, шайтандын жолун баскан соң,

үстүртөн кудай кулатты, астыртан букарасы суратты, адили кеткен кандын арты ушундай болот», – дейт [74,35-б.].

М.Чокморовдун айтуусунда Асан Кайгы, мисалда ачык көрүнүп тургандай, эрдик кылган баатыр катары сүрөттөлбөйт, жалпы элге белгилүү акылман, боорукер адилет, жан-жаныбарларга жаны кейиген боорукер, чындыкты бетке айткан, эли үчүн бейпил турмушту тилеген улуу ойчул катары сүрөттөлөт. Окумуштуу Б.Кебекова айткандай, «Асан Кайгы сергек акылдуу, кылдат баамчыл, келечекти болжой билген даанышман – негизгиси калк камын ойлоп, терең кайгыга баткан журт адамы катары мүнөздөлөт» [44, 68-б.].

Асан Кайгынын айткан асыл, калыс, даанышман сөздөрү бүгүнкү биздин заманда да өзүнүн терең актуалдуулугун, бийик маани-маңызын жоготкон жок деп ишеничтүү айтсак жөндүү болор. Асан Кайгы канга ыракматын айтып кетмек болгондо кан: «Каалаганың айт, минем десең ат берем, бийлейм десең жол берем, сурайм десең эл берем, жердейм десең жер берем, кол алдыма журтума, туу көтөрүп кан кылам» - дептир.

Боён кан кийин Асан Кайгынын уулу Ногойдун кан болорун айтып, Асанга көп малдын ичинде жылан куйрук, жолборс чаар бир бээ берип бирде жорго, бирде тулпар тууйт дейт. Ногой эресең тартып эр болуп, эр уулу менен тең болуп, бай, акылдуу, эл баштаган аттуу-баштуу эр болорун жарыялайт.

Тарыхый булактарга таянсак, Ногой – Асан Кайгыдай эле белгилүү тарыхый инсандын бири. М.Чокморовдун вариантында Манас баатырдын түп аталарынын бири, эл башкарган адил кан, эли-жерин сырттан басып кирген душмандардан коргогон, бүлүнгөн-чачылган журтту бириктирген ашкан баатыр. Ногойдун доорунда эл бейкут, берекелүү, бардар «кой үстүндө торгой уялаган» бейиштей мезгилде жашайт да, каяша берген душман болбойт. «Калкым үчүн мен Ногой, байлаймын башты өлүмгө»– дейт.

«Манас» эпосунда реалдуу тарыхый окуялар, реалдуу тарыхый инсандардын өмүр жолу бир кыйла кеңири орун алгандыгы белгилүү. Бирок реалдуу тарыхый окуялар, тарыхый инсандар эпостун мыйзамына, жоболоруна баш ийип, өзгөрүп тарыхый инсан, эпикалык каарманга айланат. Бул маселе боюнча окумуштуу Р.З.Кыдырбаеванын пикирине кайрылып көрөлү: «Нам думается, что историческая личность Ногая, игравшего одну из важнейших ролей в судьбах Золотой Орды в конце XIV века, могла послужить дополнительной основой для возникновения новых сюжетных линий в эпическом творчестве. Устное народное творчество выбирает в себе все значительное и важные исторические, легендарные события, превращая их в материал для эпического повествования» [53, 181-б.].

М.Чокморов узун баянын андан ары мындай улантат. «Күн артынан күн, ай артынан ай өттү, Асан Кайгы уулуна кайрылып, «Бойлукта байлык жок, жалгызда эрдик жок. Тулпарда туяк жок. Сенин билимиң ашып, дөөлөтүң ташып, калк сураган кан менен, эл сураган бек менен тааныш болдуң. ...жети кан элин кыдырып аял алып кел», – дейт. Асан Кайгы өзүнүн акылмандыгын, даанышмандыгын, көрөгөчтүгүн билгизип, кандай кызды алуунун жол-жоболорун төмөнкүчө түшүндүрөт:

Көптү көргөн көсөм бар,
Кеп сүйлөгөн чечен бар,
Бирөө дүнүйөгө кызыгып,
Колунда кызы бар болсо,
Мен беремин деп айтат,
Канча калың мал айтат,
Андан алба зайыпты,
Акыры көрөсүң андан майыпты...
Көп адамдан ниети ак,
Ошондон алгың зайыпты.

Андан алсан зайыпты,

Таппайсың андан айыпты,

Көрбөйсүң андан майыпты [74, 37-б.].

Ногой атасынын кебин акыл көрөт, көөнүнө жактырып макул көрөт. «…алтымыш ат, алтымыш жамбы пул алып, эчен элди аралап, эчен жерди чалды». Жер кыдырып, эл аралап жүрүп, ар кандай кызды көрөт:

Кийгени торко ак маңдай,

Сүйлөсө чечен ак таңдай,

Адамдан ашкан келбеттүү,

Жаагында шуру берметтүү,

Бул көзүмө көрүндү...

Бурма көкүл кара чач,

Кашка маңдай кара жаак,

Турна көкүл кара чач,

Ителгидей кара көз,

Бул көрүндү көзүмө...

Атамдын айткан сөзүнө

Ылайык келбейт өзүмө [74, 38-б.].

Ногой эл аралап, жер кыдырып бир кооз, ажайып жайга туш келет: Жайлоого кенен төр экен,

Телегейи тең экен,

Талаасы жайык кең экен,

Жердей турган жер экен.

Пейли кенен эл экен [74, 39-б.].

Асан Кайгынын издеген жери да ушундай болуш керек эле. Көздүн жоосун алган ажайып кооз, кой үстүндө торгой уялаган бейиштин жериндей берекелүү, элинин пейли кенен. Төөнүн тайлагына жүк жүктөп, атан төөсүн минип келе жаткан чалга кезигет. «Нуруң башка ачык жүз, балам сенин

келбетиңде көңүл түз», – деп чал, Ногойго кайрылат. Ногойдун чалга берген жообу:

Абалкы жайым мен айтсам,
Атам Кайгы чал эле,
Алда таала кудайдын,
Кайгыга тууган жан эле.
Атам айткан кеп эле,
Атың барда жер таанып,
Атаң барда эл тааны,
Калк ичинде кандай бар,
Ажырата билип кел,
Кеп сүйлөгөн чечен бар,
Көсөмдүн кебин сен угуп,
Көшүлөсүң деди эле.
Көп киши менен таанышсаң,
Төшөлөсүң деди эле,
Акылдуудан кеп угуп,
Ар ким менен таанышып,
Жакын болгун деди эле [74, 40-б.].

«Адам сүйлөшкөнчө, жылкы кашынгыча, мамилебиз келишсе, кур чалышкан куда болобуз, же антташкан аккан дос болобуз, менин атым Урумкан, үйгө келгиле» – дейт чал. Чалдын мингени төөнүн желмаяны экен. Эл башкарган Кара кан калкына баркы бар, мусапырга ат берген, бакырларга мал берген, ашы жокко аш берген, журтун баккан, кудайга иши жаккан адилет кан тура. Урумкан болсо кандын кеңешчиси. Асан Кайгынын кабарын угуп, аны менен кезиксем деп жүргөн. Ногой Урумкан чалдын үйүнө барып, сыйын көрүп, Ханбүбү аттуу кызын жактырат.

Ногой барган жер Талас аталып, өтө кооз, көздүн жоосун алган ажайып жер катары көркөм сүрөттөлөт. Каракан элин жыйып, узун жаак

ушакчысын тыйып, кеп билген менен кеңешип, сөз билген менен акылдашып, эл ичинде элек жок, ар ким жүрөт ооздук жок деп элин тыйып, Ногойду жылуу тосуп алат. Ногой атасы жөнүндө да канга кыска мүнөздөмө берет.

Кайгысын кудай тарттырып,
Кайгылуу кылып коюптур.
Туудурдум деген ата жок,
Туудум деген эне жок,
Мунун кайдан келген дайны жок [74, 42-б.].

Ногой Каракандын сый-урматын көрүп бир кыйла күнгө чейин жата берет. Күндөн күн өтүп, айдан ай өтүп, Каракан элине кайрылып:

«Эл бийлеген бек уккун,
Ушул турган эл уккун.
Оймоктуудан уз болсун,
Өзү салтанаттуу кыз болсун.
Акылга даана кыз болсун,
Телегейи тең болсун,
Акылы артык зер болсун» – деп, Ногойго кыз тандап аял алып бергиле дейт [74, 43-б.].

Эл бийлеген элчи, калк бийлеген жакшысы кеңешип, Урумкан кызы Ханбүбүнү сунуш этишет. Кыздын портретин манасчы төмөнкүчө көркөм, өзүнө гана мүнөздүү стили менен элестүү, образдуу сүрөттөйт.

Урумкандан жалгыз кыз,
Ханбүбү деген аты бар,
Ар адамга баркы бар,
Ачык маңдай жал кашка,
Акылы толук бир башка,
Ылайык келет мейманга [74, 43-б.].

Кандын сунушун Ханбүбү да макул алып, кандын бул сөзүнө макул, бу көңүлгө алчу акыл деп, «Ал Ногой эмес, олуя»- деп алдын ала эле Ногойду касиеттүү адам катары жогору баалап, жактырат.

Асан Кайгынын байбичеси Бермет уулунун үйлөнөрүн угуп, кубанычка батып Кайгыга кайрылып, Ногойдон төрөлгөн бала баатыр, эл башкарган бийлик ээси болорун көрөгөчтүк кылып, айткан сөзү:

Жалгыз бала Ногойдон,
Тукум чыгат бир кезде.
Айланып карга конбогон,
Зоо чыгат бир кезде.
Үстүнө кеме жүрбөгөн,
Дайра чыгат бир кезде.
Калың колду кураган,
Канчалыкты сураган,
Улук чыгат бир кезде [74, 46-б.].

Боён кан баатыр жүрөк, балбан билек, кулак улама, кеп тапкан чечен, бетке айтчу көсөмдөрдү чогултуп, Асан Кайгыны ээрчитип, той өткөрүп, Ногой менен Ханбүбүнү баш коштурат.

Асан Кайгынын кубанычы койнуна батпай айткан сөзү:

Жигитке берет келбетти,
Баатырга берет жүрөктү,
Балбанга берет билекти,
Бир кудай берет тилекти [74, 47-б.].

Асан Кайгы уулун үйлөнткөн соң Кесик кандын чакыруусу менен кайрадан жер безип, эл кыдырып, жөнөп кетет. Хан Кайгыдан акыл-кеңеш сурап, дүйнөдө эмнени көрдүң деген суроосуна Кайгынын берген жообу:

Бу дүйнөнүн үстүндө,
Жан жаныбар макулук,
Канча болсо көтөргөн,

Жерди көрдүм дүйнөдөн.

Баарын жууп кетирген,

Сууну көрдүм дүйнөдөн.

Сурагы адил болбогон

Дүйнөгө көзү тойбогон,

Канды көрдүм дүйнөдөн.

Айды баштап койнуна,

Күндү баскан бооруна,

Дүнүйөгө нур чачкан,

Каным, көктү көрдүм дүйнөдөн [74, 51-б.].

М.Чокморов Асан Кайгынын акын катары жалпы элге белгилүү көркөмдүүлүгү жогору санат-термелерин дээрлик сөзмө-сөз билгени – таң каларлык көрүнүш. Академик А.Акматалиев канча кылым өтсө да, Асан Кайгынын санат-терме ырлары эч өзгөрбөй казак-кыргыз элдеринде бекем сакталганына таң берип, өз оюн төмөнкүчө айтат: «Көчмөндөрдүн философ-акыны (Ч.Валиханов) Асан Кайгы мурдагы (XIII-XIV) кылымдардагы Алтын ордого караштуу бир элдерге кыргыз, казак, кара калпак, ногойлорго) өзүнүн өлбөс-өчпөс чыгармаларын калтырып кеткен. Бир гана ушул асыл мурасты VI-VII кылым бою ашырса ашырып, акыры бир жерин да кемитпестен, кагазга атайын жазып калтыргандай оозеки сактап келген элдин эсине таң бересиң» [14, 281-б.].

Асан Кайгы жер, эл кыдырып жүрүп нечен каардуу, адилетсиз кандарды акылман сөзү менен адил, калыс канга айландырат. Кандыгын кечип, Кайгынын уулу Ногойго кандыгын өз эрки менен бергендер да болот. Бирок «Капкайдан келип тентиреп, же кошо жүргөн эли жок, тентип келген бул баланын кан болуучу эби жок», – дешип, айрым көрө албаган адамдар, өзүлөрүнүн арам ойлорун айтышып, Ногойго каршы болушат. Ошондо Ногой өз эрки менен кандык бийликтен кечип, келечекте элдин

тагдыры татаал, кыйын болоорун эскертип, өз жолуна түшөт да, эл бүлүнүп, чачылып, биримдик, ынтымак кетет.

Ханбүбүнүн боюнда алты айлык бала болот. Ногой Ханбүбүгө кайрылып, «Ээ, Ханбүбү, Урумкандан жалгыз кыз, мен да жалгыз, күн да жалгыз, ай да жалгыз, түшүңдө Үрүстөм дастан көрүпсүң, ал курсактагы балаңыз, арымы жетип ааламга, айбаты артык зор чыгат, тукумунан шер чыгат, туз көтөргүз эр чыгат»– деп [74, 65-б.], Ногой атасы Кайгыны, энеси Берметти алып, Ханбүбү менен коштошуп, сени оо дүйнөдө көрөмүн деп керээзин айтып кетет. Ногой өлгөндөн кийин эл бузулуп, ынтымак, биримдик ыдырап, эл оор, татаал мезгилге туш болот. Мындай заман болорун Ногой көрөгөчтүк кылып, алдын-ала айткан сөзү бар.

Ар кимдин көзүн карайсың,
Ар кайсы жерге тарайсың,
Капа түшөт барыңа.
Элге бузук салган бар,
Бузулганды сүйгөн бар [74, 63-64-бб.].

Ногойдун бул сөзү «Манас» эпосундагы төмөнкү ыр саптарын эске салат:

Ал Кара кан өлгөндө
Каяша айтар жан калбай
Калың журттан ал калбай,
Бирөө тентип каңгайга,
Бирөө тентип иреңге
Бирөө түшүп кетти тереңге» [66, 35-б.].

Асан Кайгы жөнүндөгү элдик уламыш, болумуштарда Асан Кайгынын акыркы өмүр жолу, өлүмү жөнүндө ар кандай маалымат бар. Асан Кайгы элине жайлуу жер, конуш издеп жүрүп, жайлуу жер таппай, татаал, каардуу шартка кабылып, эл оору сыркоого чалынып, Асан Кайгы да ооруп «Мени адам жүрбөй турган жерге алып барып койгула»– деп керээзин айтып өлгөн

имиш. Ошондой эле дагы бир божомолдо Асан Кайгынын сөөгү Ысык-Көлгө коюлган деп айтылат.

Окуянын андан ары уланышы төмөнкүдөй. Каапырдын каны Чын-Жуу Жакут менен Чаянды Ак-Жайык деген талаага, Эне-Сай деген сайга көчүрүп жиберет. Чаян барктуу кан болуп, уккан элге даң болот. Ханбүбү качып Эне Сайга келип уул төрөйт. Атын дубана келип Орумбет коет. Орумбет эр жетип, касташкан душман даай албай, баатыр, кан болот. Кыргыз урууларын чаап-тоноп бүлүнткөн капырдын каны Чын-Жууну багынтып, бүлүнгөн-чачылган элди бириктирип бир эл кылат. Ар кайдан келип журт болгон урууларды Аргын Ногой эли деп атайт. Тарыхый булактарга таянсак, Ногойдон туулган жалгыз бала Орумбет (Ормамбет) – Ногой ордосунун башкаруучуларынын бири, XVI кылымдын экинчи жарымында жашаган реалдуу тарыхый инсан.

«Манас» эпосунда айрым эпикалык каармандардын прототиптери (реалдуу тарыхый адам) болгондугу жөнүндө окумуштуулар бир ооздон белгилеп келүүдө. Асан Кайгы, Ногой Орумбет (Ормамбет) реалдуу тарыхый инсандар экендигинде талаш жок. Манасчы ошол тарыхый инсандар жөнүндөгү элдик уламыш-болумуштарды чыгармачылык менен пайдаланып, аларды эпикалык каарман катары эпоско киргизген. Окумуштуу Э.Абдылдаев бул маселе боюнча өзүнүн негиздүү оюн билдирип: «Айрым тарыхта болгон адамдардын эрдик иш аракеттери өздөрүнүн чыгармачылык чөйрөсүндө легендарлык уламыш катарында оозеки айтылып жүрүп, элдик эпостордун негизги каарманы болушкан фактыларды фольклор жөнүндөгү илим жокко чыгарбастан, ишенимдүү далилдеген учурлары көп. Тарыхый уламыштардын каармандарына айланган реалдуу адамдардын ишмердиги ошол учурдан баштап көркөм-эмоциялык жана идеялык-эстетикалык кабылдоо процессинде поэтикалык интерпретацияланууга дуушар болору түшүнүктүү. Ал эми эпикалык чыгармалардын каармандарынын функциясын аткара баштаган учурдан

тартып, эпикалык традициянын законлоруна багындырылып, маанилүү көркөм трансформацияланат» [3, 33-б.].

М.Чокморовдун вариантында Манастын ата-бабалары жөнүндөгү баянда Асан Кайгы менен Ногойго бөтөнчө көңүл бурулат. Ногой жөн гана ашкан баатыр катары мүнөздөлбөстөн, кереметтүү, касиеттүү инсан, кыргыз урууларын бириктирген, анын доорунда эл өзгөчө жыргал турмушта жашаган адам катары сүрөттөлөт. Ал эми башка варианттарда Кара кандын доорунда каяша берген душман жок деп айтылат, Ногойдун заманында да өзгөчө бейпил турмуш болот. Ногой көп жагынан Манас баатырдын образына жакын. Ырас, айырмасы аны олуя, боло турган окуяны алдына-ала билген көрөгөч катары көрсөтөт. Ногой атасы Асан Кайгыга да акыл үйрөтүп, кеңеш берген учурлары бар. Ногойдун образындагы мындай өзгөчөлүк М.Чокморовго гана мүнөздүү эмес. Буга чейин башка манасчыларда айтылып келген деп божомолдосо болот.

Кыргыз уруулары кийин «аргын», «ногой» аталып, бир бүтүн элди түзөт. Манасчынын вариантында Ногой көрөгөчтүк кылып:

«Ушу менден калган калың журт
Аргын, Ногой аталат», -дейт [74, 64-б.].

С.Орозбаков менен С.Каралаевдин варианттарында «ногой» – Манастын уруусу, «аргын» – Ажыбайдын уруусу. Бул «Манас» эпосунун өнүгүш этабынын кийинки мезгили экендиги ачык көрүнүп турат.

Ал эми Ногойдун аялы Ханбүбү да эпосто акылман, даанышман, боло турган ишти алдына ала билген көрөгөч, кереметтүү аял катары мүнөздөлүп, Ногойдун тукумунан Манас өңдүү баатыр чыгарын алдына ала айтат:

Аты Манас угулат,
Дин ислам журтунун,
Таалайы үчүн туулат.
Айбаты ашкан шер чыгат,

Азирети Аалыдай,
Ааламдын алы келбеген,
Айтышып менде жеңбеген,
Дин мусулман журтунун,
Шамы болуп көрүнөт.
Кармашам деген нечендер,
Айдаган кара жер болот.
Амыры менен Алданын,
Ааламдан ашкан зор болот [74, 75-б.].

Белгилүү тарыхый эстелик «Мажму-ат таварикте» да (XVI кылым) тарыхый окуялар, элдик уламыштар кеңири орун алганы белгилүү. «Манас» эпосунда Ногой темасынын алган орду жөнүндө Р.З.Кыдырбаева минтип жазат: «Эгерде байыркы замандан келген уламыштардагы материалдарга таянганыбызда, анда төмөнкү баяндалып жаткан енисейлик Ногой менен Шыгай:

Сыямук – Алтай жеринде,
Кырк уруу кыргыз элинде.
Бабыркан, Бууракан,
Түбөйкан, Көгөй кан
Көгөйдөн калган үч бала
Улуусунун аты Ногойдур,
Ортончусу Шыгайдыр,
Кенжесинин аты Чыйыр экен.

Эпостун баштапкы түзүлүшүндөгү Ногой темасына негиз болгон деп түшүнүүгө болот. Кийинчерээк элдик уламалардагы Алтын Ордодогу Берке-хандыктагыдан башка Ногой Темиктин аты менен байланышкан жаңы окуялар катмарланып кириши мүмкүн. Енисейде сейрек учурай турган Ногойдун аты менен эволюциялык өнүгүшүндөгү кийинки окуялар чүмбөттөп, жаап калган өңдүү. Мына ошондуктан эпос өзүнүн эпикалык

сюжетине эки башка мезгилдеги окуяны бир эпикалык фондо камтышы да толук ыктымал» [52, 14-б.].

Ушу пикирге жакын божомол оюн жазуучу К.Жусупов да билдирип, эки Токтогул болгон сыяктуу эки башка доордо жашаган эки Ногой да болушу мүмкүн дейт [17, 91-б.].

Ханбүбүнүн акыркы тагдыры сырдуу болуп, мындай баяндалат: «Өлгөн дайны билинбей, же тирүү дайны билинбей, бата берип кол жайганча Ханбүбү таштап кетти бул жайды» - деп айтылат.

Ошентип, М.Чокморовдун айтуусунда Манастын ата-бабалары жөнүндөгү баян – окуяларга бай кеңири сюжеттүү өзүнчө өзгөчөлүктөргө ээ болгон бөлүм. Белгилүү ойчул, философ, таланттуу акын, акылман, даанышман Асан Кайгы жөнүндө аңыз сөз, уламыш-болумуш кыргыз жеринин бүт булуң-бурчуна чейин кеңири тарагандыгы жалпыга белгилүү. Казак, кара калпак жана башка элдерде да Асан Кайгы жөнүндө уламыш узун сабак, көркөм баян катары кеңири тарагандыгын окумуштуулар ырастап келүүдө. Бирок Асан Кайгы белгилүү тарыхый доордо жашаган, болгондо да XIV-XV кылымда Толубай сынчы, Токтогул ырчы, Жээренче чечен жашап өткөн Жаныбек хандын тушунда реалдуу тарыхый инсан катары белгилүү. Демек, тарых үчүн кийинки эле мезгилде жашаган белгилүү ойчул кайдан барып «Манас» эпосуна кирип, Манас баатырдын түп атасы болуп калды деген мыйзамдуу, суроо жаралышы толук ыктымал. Ч.Валиханов болсо эпоско кийин кирген кошумчалар жөнүндө айтып, эпостун сюжети ошонун негизинде өзгөрүп турарын белгилеп «Бул поэма, биздин байкашыбызча, эң кийинки кошуп айтуучулар менен ар кандай өзгөрүүлөргө учурагандай» – дейт. Эпостун жаралышын Ч.Валиханов түз эле Ногой доору менен байланыштырып «Ногой доорундагы жапайы кыргыздарга жападан жалгыз «Манас» эпосу таандык», – деген. Ч.Валихановдун «Манас» эпосун Ногой дооруна таандык деп айтканынын негизи бар. Анткени казак элинин баатырдык эпосторунун бир кыйласы

ногой доорундагы тарыхый окуялар, реалдуу адамдардын өмүр жолу менен өтө тыгыз байланыштуу. Ч.Валихановдун “Манас” эпосу Ногой дооруна таандык дегенинин түйүнү мына ошондо. Ошентип, Манастын ата-бабалары жөнүндөгү баянда тарыхый окуялар, реалдуу тарыхый инсандардын өмүр жолу көркөм сүрөттөлгөнү – талашсыз чындык. Бирок өзгөчө белгилеп коё турган бир олуттуу жагдай бар. «Манас» тарыхтын көчүрмөсү, жылнаме эмес. Ал – баарынан мурда, элдик баатырдык эпос, көркөм чыгарма. Демек, эпоско көркөм чыгарма катары мамиле жасап, аны көркөм чыгарма катары баалап, иликтөө жүргүзүү керек. Тилекке каршы, айрым «аалымдар» «Манас» эпосунан бирин-экин ыр сабын сууруп алып, аны маанилүү реалдуу тарыхый факт катары баалап, Американы ачкандай жар салып, чуу көтөргөнү манастаануу илимине, деги эле фольклористика илимине зыяндан башка пайда алып келбейт. Ырас, XIX кылымда дүйнөлүк фольклористика илиминде тарыхый мектеп деген өзүнчө багыт болгону белгилүү. Ал мектептин өкүлдөрү элдик оозеки адабияттын тарыхый маанисин туура баалашып, бирок чыгармада сүрөттөлгөн окуялардын таза тарыхый изин табууну негизги максат кылып алышкан. Мындай метод өз убагында калпыс, илимий жагынан негизсиз деп бааланып, катуу сынга алынган. Бул маселе боюнча Ч.Айтматовдун олуттуу пикири эске түшөт. «Сөз жок - дейт Ч.Айтматов – «Манас» эпосунда реалдуу турмуш, тарыхый окуялар (кыргыз элинин тагдырына байланыштуу) чагылдырганы талашсыз. Ал турмак, эпостун келип чыгышы да белгилүү бир тарыхый кырдаалга байланыштуу болушу мүмкүн. Бирок «Манас» тарыхый санжыра эмес. Бул – баарынан мурда, ошол тарыхый жана реалдуу окуялардын негизинде кыргыз элинин чыгармачылык генийинен жаралган, улам такталып, тазарып артыкбаш жүктөрдөн бошонуп, кереметтүү, зарыл жаңы кошумчаларды кабыл алып, тулку боюна сиңирип, өзүнүн бүгүнкү көз кайкыган бийиктигине жеткен көркөм чыгарма» [12, 8-б.].

Окумуштуу Л. Үкүбаева “Манас” эпосуна элдик оозеки адабияттын үлгүсү катары мамиле жасоо зарыл экендигин мындай баса белгилейт: “Манас” эпосуна дүйнөлүк поэтикалык эстеликтердин бири катарында мамиле жасап, окуп үйрөнүү жөн. Анда санжырадагыдай бир элдин ичиндеги уруулардын же уруктардын таржымалы баяндалбастан, бүтүндөй бир элдин тарыхый коомдук-социалдык турмушу, этнографиясы жогорку көркөмдүктө поэтизацияланган. Ошондуктан аны кадыресе көркөм чыгарма, искусство катары карап, изилдеп үйрөнүү максатка ылайык” [103, 128-б.].

Манасчы Мамбет Чокморов, биринчиден, Асан Кайгынын белгилүү доордо жашаган белгилүү ойчул, реалдуу тарыхый инсан экенин кантип билбесин десек да туура болбос. Асан Кайгынын «Манас» эпосунун башкы каарманы, болгондо да түп атасы болуп сүрөттөлгөнүнүн жообун башка жактан издегенибиз туура болмокчу. М.Чокморов таланттуу манасчы катары элдик уламыштар, болумуштар менен жакшы тааныш болгондугун тана албайбыз, жокко чыгаруу мүмкүн эмес. Демек, манасчы Асан Кайгы жөнүндөгү элдик уламыштарды, аңыз сөздөрдү мыкты билген. Улуу ойчулдун акылман, даанышман, көрөгөч, терең философиялык мазмундагы бай, көркөм мурасы манасчы М.Чокморовго бөтөнчө таасир этип, ички жан дүйнөсүнө бүлүк салган. Асан Кайгынын «Манас» эпосуна башкы каарман болуп кирип калышынын башкы себеби мына ушунда. Оюбузду бекемдөө максатында дагы бир олуттуу мисалга кайрылсак, Асан Кайгы жөнүндөгү улама сөздөр, көркөм баяндар, аңыздар кытай жеринде жашаган кыргыздарга да кеңири тараганы белгилүү. «Жаңы Ала-Тоо” журналынын 2012-жылдын №8 санында Асан Кайгы жөнүндө бир уламыш жарык көрдү. Ошол уламыштын мазмунуна кыскача токтолуп коюуну максатка ылайыктуу деп таптык.  Ал улмамышта Асан Кайгынын жыйырмага жакын ата-бабаларынын ысымдары саналат. Ошолордун эң кенжеси Кырккезден Акылбек, Асан Кайгы, Озот, Казат, Басат, Кене, Сан деген жети уулу болот.

Эң улуусу Акылбектин энчисине Эдил жергеси, Эне Сай өрөөнү тиет. Акылбек чебер усталарды жыйнап, элдин эсебинен көздүн жоосун алган кооз шаар куруп, чоң шаан-шөкөт менен, тоодой эт, көлдөй чык кылып той берет. Тойго Асан Кайгыны чакырат. Тойго Асан Кайгы барбайт. Кулаалы таптап куш алдырып, кырк аялынын үстүнө кыз алып, дагы той өткөрүп, Асан Кайгыны чакырат. Ал дагы барбайт. Акылбектин ачуусу башынан ашып, бир эмчек сүтүн таткан бир тууганымдын мени менен каршылашканы эмнеси, башын алсамбы деп, Асан Кайгыга жигитин жиберет. Асан Кайгы:

Кан чакырса барайын,
Каадалуу сөзүм салайын.
Акыл кимде, жол кимде,
Аягын сынап багайын.
Нечен кыяр сөз болот,
Кээде душман өз болот,
Адамзаттын ичинде
Ийриси болот, түз болот.
Тура бербейт бу чоңдук
Зордун түбү кор болот,
Кылыч кеспес тил болот.
Адамдын күлү акылда,
Акылы барга жакында.
Акылсыз болсо башчылар,
Муздап турган башсыңар.

Акылбек ачуусун баспай, каарданып, иниси Асан Кайгыга айткан сөзү:

Туугандыктан сени мен,
Өлтүрбөй турам деп айтат.
Тар курсакты тебиштим,

Таш эмчекти эмиштим.

Агасынын ачуулу сөзүнө Асан Кайгы мындай жооп узатат:

Биринчи салдың калааны,
Кыргыз салбай жат салды.
Бул шаарыңдын кеткени,
Түбүңө калаа жеткени.
Экинчи ирээт той болду,
Карага акты бастырдың.
Үчүнчү ирээт той болду,
Кырк аялдын үстүнө
Кыз алууну ойлодуң.
Айтсаң ачык оюнум,
Чапсаң даяр моюнум.

Чогулган эл-журт Асан Кайгынын адилет, хандын каарынан коркпой, курч, бетине түз айткан акылман сөзүн угуп, жүрөгүнө туюп, Акылбек болсо акылына кирип:

Акылбек башын ийиптир
Кырк уруу кыргыз эл журту
Асан Кайгы чечендин
Акылманын билиптир [99. 24-36-бб.].

Ушундай эле мазмундагы санжыранын дагы бир вариантын жазуучу К.Жусупов келтирет: «Түп атабыз касиеттүү Ыстамдын уулу Кыркез сегиз уулдуу болуптур. Кыркездин сегиз баласынын эң улуулары Акыл, Асан болуптур. Ыстам Акылды өз элине башчы кылып, Асанды өнөрүң менен өз жаныңды кор кылбай бак деп айтып, көзү өтүптүр. Акыл Эдил боюна ордо салып, байлыктын, бийликтин ээси болуп маашыркап, чоң той берип Асанды чакырса, ал келбейт. Акыл кырк уруудан кырк аял алып, алардын үстүнө жаш кыз алып, дагы чоң той берсе, Асан дагы келбейт. Акыл ачууланып:

Аксакалы мен турсам,

Ал мени көзгө илбеди.

Эл чакырып, той берсем,

Бирөөнө да келбеди – деп бир желдетин жиберип Асанды келтирет. Асан тойго келбегенин мындай түшүндүрөт: «Атаң берген элчиге, элдин эсебинен Эдилге ордо салдың, журтуңдун малын чачып, кырк катын алдың, элиңде азган-тозгон, карып-мискил көбөйдү, «кулалы таптап куу алдырдың, шылдың болдуң» -деп. Асандын бетке айткан адил, курч сөзү Акыл терең ойго чөмүлүп, күнөөсүн сезип, адил кан болгон тура. Ошентип, Асан Кайгы жөнүндөгү болумуш санжыра кыргыздардын кыйрына, кытайга чейин жетип, элге кеңири тараган экен.

Асан Кайгы желмаян төө минип, дүйнө кыдырып, эл аралап, «куу санаага кабылып», көргөн билгенин асыл ойго батырып жашаган тура. Жогоруда биз келтирген эки болумуш, санжыра аңыздын мазмуну, маңызы М.Чокморовдун Манастын ата-бабалары жөнүндөгү кеңири сюжеттүү, көркөм баянына сөзмө-сөз болбосо да жакын, үндөш, окшош экендиги ачык көрүнүп турат.

«Манас» эпосундагы баатырдын ата-бабалары жөнүндөгү кеңири сюжеттүү, окуялуу көркөм баян М.Чокморовдун вариантында орун алышы кокустук көрүнүш эмес. Бул сюжет башка манасчыларда да айтылып жүргөн салттык мүнөздөгү көрүнүш болгон деген ой жаралат. Улуу манасчы С.Каралаевдин вариантында да Манастын ата-бабалары жөнүндөгү баян М.Чокморовдун айтканындай кеңири сюжеттүү болбосо да, өзүнчө чакан баян болуп айтылат. Демек, «Манас» эпосунда баатырдын ата-бабалары жөнүндөгү өзүнчө сюжеттүү баян мурунтан айтылып келген. Кийин бул сюжет окумуштуу Р.З.Кыдырбаева болжогондой, унутулуп же башка олуттуу окуяларга көбүрөөк көңүл бурулуп кыскача саналып калышы толук мүмкүн.

Дилгир, сөз баккан, көркөм аңызды, баалай-барктай билген таланттуу манасчы М.Чокморов Асан Кайгы жөнүндөгү аңыз кепти, уламышты чыгармачылык менен өздөштүрүп, Асан Кайгыдай көчмөн элдин философиясын терең акылга бай, учкул сөз, элдик макал ылакапка толгон көркөм мурасын «Манас» эпосуна киргизип, чыгармачылык менен пайдаланып, эпостун мазмунун байыткан, көркөмдүгүн арттырган деген бүтүм чыгарсак болот. Демек, Манастын ата-бабалары жөнүндөгү баянды манасчы М.Чокморовдун табылгасы, эпостун мазмунун байыткан, көркөмдүгүн арттырган көрүнүш катары баалоого болот.

### 1.3. Манастын кереметтүү төрөлүшүн, балалык чагын шарттаган салттык мотивдер

«Манас» эпосунун салттуу сюжети, негизинен, бардык манасчылардын варианттарында бекем сакталат. Ырас, бул маселе айтуучунун шыгына, талантына, көз карашына жараша ар кандай көлөмдө, көркөмдүктө сүрөттөөлөрү белгилүү. Эгер Сагымбай Орозбаков менен Саякбай Каралаев өңдүү улуу таланттар чакан сюжеттик мотивдерди да салттуу мүнөзгө жеткирип, кеңири, көлөмдүү баяндаса, айрым манасчылар олуттуу сюжеттик эпизоддорду кыска, схема түрүндө айткан учурлар кездешет.

Бул жагдай эпостун калыптанышы узак, татаал мезгилди, көп баскычты, өнүгүүнү ичине камтыганынан кабар берет. Маселен, академик В.М.Жирмунский «Манас» эпосунун эволюциялык өнүгүүсүнүн узак тарыхын, өзгөчөлүгүн жөнүндө пикирин төмөнкүчө билдирет: «Как всякий древний народный эпос, «Манас», веками передававшийся в устном исполнении сказителей-импровизаторов, способных в рамках традиции на новотворчество, переоформился неоднократно, и новые исторические события, имена, идеи и образы наслаивались на старые, отражающие

двухтысячлетнюю историю киргизского народа. Патриархально-родовой строй и воинский кочевой быт, сохранившиеся на протяжении почти всего этого долгих времени, многовековая тяжёлая героическая борьба малочисленного киргизского народа против более сильных соседей, угрожавших его свободе, независимости, и даже самому существованию - вот основные социально-исторические предпосылки замечательного расцвета героического эпоса киргизов» [36. 68-б.].

«Манас» өңдүү улуу эстеликтин жаралышына, калыптанышына, өнүгүшүнө нечендеген таланттуу манасчылардын муундары катышкандыгы белгилүү. «Манас» эпосу, анын сюжеттик курулушу, образдар системасы узак, көп стадиялуу өнүгүү процессинен өткөн, улам кийинки доордун мүнөздүү, олуттуу өзгөчөлүктөрү менен мазмуну байып, өзгөрүүлөргө, жаңыланууга, трансформацияланууга дуушар болуп келген. Окумуштуу Э.Абдылдаев белгилегендей: «Эпос өзү жаралган доордон бери эч өзгөрүүсүз сакталып келген архитектуралык эстелик эмес» [2, 214-б.].

«Манас» эпосунун сюжеттик өзөгүн чыгарманын башкы каарманы Манас баатырдын эпикалык биографиясы түзөт, чыгарманын идеялык мазмунун аныктайт да, эпосто орун алган бардык окуялар башкы каармандын айланасында топтолгон, алар баатырдын эпикалык биографиясы менен тыгыз байланыша өнүгөт. «Манас» эпосунун мындай өзгөчөлүгүн академик В.М.Жирмунский төмөнкүчө белгилейт: «Основная композиционная особенность киргизской эпопеи, по сравнению с национальными эпическими циклами большинства других народов, заключается в последовательном проведении принципа генеалогической циклизации эпических сказаний вокруг центральной фигуры эпического монарха, являющегося в то же время первым богатырем своего народа, воплощением его героического самосознания» [35, 96-б.].

Мындай өзгөчөлүк жеке гана «Манас» эпосуна эмес, түрк, монгол элдеринин баатырдык эпосторуна да мүнөздүү, кеңири белгилүү бекем

салтка айланган көрүнүш экендиги белгилүү. «Манас» эпосунун сюжеттик курулушу Манастын төрөлүшү менен башталып, анын өлүмү менен бүтөт да, андан кийинки окуялар генеалогиялык циклизация принциби боюнча уланып, баяндоо анын уулунун жана неберелеринин эрдик иштерине өтүп, өзүнчө кеңири сюжеттүү эпосторду жараткан.

Мына ушул эпостун системалуу, ырааттуу биримдиги узак, татаал көп стадиялуу өсүш жолду камтыйт. Манас баатырдын эпикалык биографиясы акырындык менен жаңы окуяларды камтып, толукталып, кеңейип отурган. Демек, Манас баатырдын классикалык образы да эпостун өзүндөй эле узак, татаал эволюциялык өнүгүү процессинин натыйжасында бийик көркөм жаралган. Манастын кереметтүү төрөлүшү баатырдын образынын экспозициясы, башаты десек болот. Окумуштуу Р.Сарыпбеков: «Эпостордогу каармандын образын түзүүгө киришүүдөгү биринчи кадам адатта анын төрөлүшүнүн өзүн баяндоо» - дейт [92, 12-б.].

«Манас» эпосунун негизги мазмунун кыргыз элинин сырттан басып кирген кытай, калмактарга каршы көп кылымдык боштондук күрөшү түзөт. Манас эр жеткенден баштап бүт өмүрүн каардуу душмандар менен болгон согуштарда, ар кандай казаттарда өткөрөт. Бирок мындан элдин жай турмушу, үрп-адат, салты эпосто орун албайт деген пикир жаралбашы керек. Мисалы, «Манастын төрөлүшү», «Манастын Каныкейге үйлөнүшү», «Көкөтөйдүн ашы» өңдүү көлөмдүү бөлүктөрдө элдин жай турмушу, каада-салты, үрп-адаты кеңири сюжет түрүндө көркөм баяндалат. Мына ушундай элдин жай турмушун сүрөттөгөн окуялардын бири – Манастын кереметтүү төрөлүшү. «Манас» эпосуна, жалпы эле дүйнөлүк баатырдык эпосторго мүнөздүү болгон болочок баатырдын кереметтүү төрөлүшү бир катар салттуу сюжеттик мотивдер менен коштолот. Алар төмөнкүлөр:

- Баласыздык
- Кереметтүү түш
- Түштү жоруу

- Кереметтүү бойго бүтүү
- Талгак болуу
- Болочок баатырдын бөтөнчө төрөлүшү
- Балага ат коюу
- Баатыр менен анын жоого минер атынын бирге туулушу
- Тентек болушу
- Биринчи эрдик көрсөтүшү

Дүйнөлүк фольклордо, өзгөчө, баатырдык эпосто бала көрбөй жүрүп балалуу болуу кеңири белгилүү, салттуу сюжеттик мотив. «Манас» эпосунун дээрлик бардык варианттарында, бөтөнчө, С.Каралаев менен С.Орозбаковдун айтуусунда бул мотив өзүнчө жеке сюжет катары кеңири баяндалат. Алгач эки улуу манасчынын варианттарындагы болочок баатырдын кереметтүү төрөлүшүн шарттаган салттык-сюжеттик мотивдерге кыскача токтолуп, аларды М.Чокморовдун айтуусундагы сюжеттик мотивдерге салыштырып, анализ жүргүзүү максатка ылайыктуу болот деп ойлойбуз.

Эл-журттун башына кыйын, мүшкүл иш түшүп, журт бүлүнүп-чачылып, киндик каны тамган Мекенинен куулуп, тагдыры олку-солку болуп, оор абалга туш келип турганда, элди-жерди коргой турган, душмандан өч ала турган баатырдын төрөлүшүн күтүү, эңсөө – жалпы элдин тилеги.

Улуу манасчы С.Каралаев элдин бүлүнүп-чачылышын, каардуу, көп сандуу душмандын кол салышын, ырайымсыздыгын, зомбулугун таасирдүү, бийик көркөмдүктө баяндайт:

Кытайдан Молто кан чыгып,
Калайманды баштады.
Каяша бергенди,
Койбой кырып таштады.
Молто менен Алооке,

Калың кыргыз Аргынды,

Такыр чаап алды эми.

Кайран Балта, Жакыпты,

Кырк үйлүү кыргыз баш кылып,

Алтай көздөй айдады.

Бирөө айдалды Иреңге,

Бирөө түшүп кетти тереңге» [66. 27-б.].

Эпостун башкы оң каарманынын төрөлүшүн кыйын кезеңге байланыштырып, окумуштуу Р.Сарыпбеков мындай пикирин билдирет: «Көрүнүп тургандай, кыйын кезеңдин өкүм сүрүшү менен катар эле келечекте оң каарман болуучу баланын жарык дүйнөгө келиши аркылуу элдик оптимизм (элдик философия десек болот), жамандык канчалык күтүүсүздөн келип, канчалык коркунучтуу оор болсо да ага каршы тура алган жакшылык күчтүү (добро) болорун жана ал акыры салтанат курарын белгилейт да, чыгарманын андан ары өнүгүшүн, багытын алдына ала көрсөтүп турат» [92, 34-бет].

С.Каралаев, С.Орозбаковдун айтуусунда кыргыздар өз мекенинен куулуп, сүрүлүп жер которууга аргасыз болушуп, Жакып, Акбалта Алтайга барышат. Жакып ал жерде дыйканчылык кылып, тез эле байып, Жакып бай деген атка конот. Жакыптын дыйканчылык кылып байыганын С.Каралаев мындай сүрөттөйт:

Жердин жүзүн ачтырып,

Уучтап тукум чачтырып,

Эгин айдап жай болуп

Эсепсиз кыргыз бай болуп

Бай Жакып деп аталып [66, 36-б.].

М.Чокморовдун айтуусунда Жакып мурунку жайынан куулуп, малга-жанга жайлуу, дыйканчылыкка ыңгайлуу Арсланбапка келип, эгин айдап, мал багып, бай Жакып аталат. Жакыптын Арсланбапка келишин

манасчынын диний көз карашы менен байланыштырып, өзгөчөлүк катары баалоо туура болот деп эсептейбиз.

Жакыптын Арсланбапка келиши М.Чокморовдо төмөнкү окуя менен да тыгыз байланыштуу экенине токтолсок, «Манас» эпосунун дээрлик бардык негизги варианттарында жеке сюжетке ээ болгон «Көз камандар» окуясы бар. М.Чокморовдун вариантында Чыйырды Көз камандын жаман ою бар экендигин Жакыпка эскертет. Жакып болсо, тууганымды көрө албай жатасың деп, «катындын тилин албайм, жаман атка калбайм», – деп Чыйырдынын сөзүн укпайт. Башка варианттарда Көз каман окуясы Манаска байланыштуу айтылат. Манас да Жакыптай Көзкаманды жылуу тосуп алат. Каныкейдин эскерткенин укпайт. Каныкей «Төрөм, кылыч тиер мойнуңа, кан төгүлөр койнуңа, ошондо төрөм билесиң» – деп эскерет. М.Чокморовдун айтуусунда Көкчөкөз ногойлорду бөлүп, аргындарга кордук, кысым көрсөтүп, жок кылуунун аракетин жасашат. Көз камандын жаман оюн билишип, Жакып, Чыйырды, Бакдөөлөт качып чыгышат да, Жакыптын үй бүлөсү көп азап-тозокту көрүп, кайда барып баш калкалап жан багуунун жолун издеп, оор, кыйын шартка туш болушат.

Ууртап ичер аш таппай,
Астына минер ат таппай,
Жердей турган жер таппай,
Элдей турган эл таппай .

Жөө жалаң жүрүшүп Ысык-Көлгө келишет. «Маңдайдан агат кашка суу, тескейден агат кашка суу, суусу суудан башка суу», – деп Жакып көлдүн көздүн жоосун алган ажайып кооздугуна суктанат [74, 95-б.].

Андан Арсланбапка келишип дыйканчылык кылышып мол түшүм алышып, малдуу жандуу болушуп өрүшүнө мал толот да, Жакып ашкан бай болуп, “бай Жакып” аталат.

Ошентип, кеп болуп жаткан варианттарда Жакып ашкан бай болуп, төрт түлүк мал күтүп, мол түшүм алып, малын, данын алтын, күмүшкө

сатып, дүйнөсү ашып-ташат, бирок чоң арманы – баласы жок. Мындай баласыздык мотиви дүйнөлүк фольклордо, айрыкча, баатырдык эпостордо кеңири тараган салттуу мотив экендиги белгилүү.

С.Каралаевдин айтуусунда Жакыптын бала көрбөй жүргөн арман-муңу төмөнкүчө айтылат:

Долоно саптуу айбалта,
Муну толгонтуп ийбей ким аштайт?
Бу тозуп жүргөн көп журтту,
Томсортпой муну ким баштайт?
Кара жаак айбалта,
Муну кайкалатпай ким аштайт?
Камоодо жүргөн калың журт
Муну капа бир кылбай ким баштайт [66, 38-б.].

Мисалда ачык көрүнүп тургандай, бул мотив элди, жерди коргой турган, каардуу, катаал душмандардан киндик кесип, кир жууган жерди бошото турган баатырдын төрөлүшүн эл чыдамсыздык менен күтүп жатканы ачык, көркөм сүрөттөлөт.

Ал эми Сагымбай Орозбаковдун вариантында бир аз башкача айтылат:

Тукуму жок өтөм деп,
Туяксыз кандай кетем деп.
Мойнуна курун салынып,
Мазарды көрсө бай Жакып,
Бакырып ыйлап жалынып.
Кунаным жүрөт кур болуп
Кууп минер балам жок.
Талаада жүрөт тайларым,
Таптап минер балам жок [69, 33-35-бб.].

С.Орозбаковдун айтуусунда баласыздык арманы артында тукум калтыруу маанисинде гана айтылганы ачык көрүнүп турат. Ал эми

С.Каралаевде болсо элдин болочок баатырдын төрөлүшүн чыдамсыздык менен күтүүсү баса белгиленип, өзгөчө маани берип сүрөттөйт. Ырас, бул жерде биз эки улуу талантты бири-бирине карама-каршы коюп, бири кыйын, бири начар деген ойду айтуудан алыспыз. Тек гана алардын айтуусундагы айрым сюжеттик өзгөчөлүктөрдү көрсөтүүнү максат кылдык. Кандай гана манасчы болбосун, эпостун бардык эле сюжеттик эпизоддорун бирдей көркөмдүктө айтпаганы белгилүү.

Баласыздык мотиви М.Чокморовдо болсо С.Орозбаков менен С.Каралаевдин варианттарындагыдай кеңири сүрөттөлбөйт. Бул жагдай Чыйырдыны кыз кезинде сынаган сынчылардын мүнөздөмөсүндө гана орун алган:

Карача кызы Чыйырды
Барат экен далайга
Бала көрбөй улгайып.
Азап тартып муңайып,
Чоң кайгыга батат го.
Ортого жашы жеткенде,
Оодарылып кеткенде
Ошондо көрөт экен деп.
Ошондо көргөн тукуму
Айбаттуу чыгат экен деп,
Ай ааламды сураган
Кайраттуу чыгат экен деп [74, 84-б.].

Байкалгандай, М.Чокморовдо баласыздык мотиви кеңири иштелбеген жана Жакыптын образы аркылуу эмес, Чыйырдынын образы аркылуу берилген.

Жалпы эле дүйнөлүк фольклордо, тарыхый уламыштарда, баатырдык эпостордо, анын ичинде «Манас» эпосунда кереметтүү түш, түштү жоруу салттуу сюжеттик мотивдердин бири катары олуттуу мааниге ээ.

Кереметтүү аян түш – алдыда боло турган жакшылыкты, маанилүү окуяны алдын-ала билдирген өзүнчө салттуу сюжеттик мотив. Кереметтүү түш жөнүндө В.М.Жирмунскийдин төмөнкүдөй пикири бар: «Чудесные сны родителей предвещают рождение героя» - дейт (36, 36-б.). Маселен, «Маджму ат-таварихте» түш көрүү мотиви айтылган. Белгилүү тарыхый инсандардын төрөлүшү да кереметтүү түш менен коштолгону арбын учурайт. Белгилүү тарыхый инсан, аскер башчы Аксак Темир жөнүндөгү уламышта түш көрүү мотиви бар. Темирдин атасы түшүндө ай-жылдыздарды коштоп, Самарканддын үстүнө жылып барат. Темирдин атасы уулдуу болуп, уулу дүйнөнү каратаарын, ашкан аскер башчы, даңазалуу кан болорун, Самарканд маданияттын, илимдин борборуна айланарын айтып, жакшылыкка жоруйт.

Баатырдык эпостордо болочок баатырдын төрөлүшү жана келечеги жөнүндө алгач кереметтүү түштө алдын-ала кабар берилет. Мисалы, С.Каралаевдин вариантында Жакыптын көргөн түшү:

Түндө жатып түш көрсөм
Ала-Тоо башын жайладым,
Мен бир бала барчын бүркүт кармадым.
Ошол көргөн түшүмдө
Бир зулпукор кылыч табылды.
Журтум, кадыр түн чалар, түн барбы?
Калмактан кудай куткарып,
Кыргыздын көрөөр күн барбы? [66, 45-б.].

Бүркүт, шумкар – болочок баатырдын төрөлүшүнүн символу катары эпосто кеңири сүрөттөлгөн өзгөчө туруктуу мотив. Элдин көкөйүнө көк таштай тийген каардуу душман калмак-кытайлардан куткара турган баатырдын төрөлүшүн бүт эл-журт чыдамсыздык менен күтүп жатканы өзгөчө көркөм сүрөттөлөт. С.Каралаев эпостогу боштондук идеяны,

баатырдык духту кереметтүү түштү баяндоо менен эле жеткилең, терең баяндай алган.

Ал эми С.Орозбаковдун варианты боюнча Жакыптын байбичеси Чыйырды кереметтүү түш көрөт да, түшүндө ак селдечен адам келип, алма берип, ошондон боюна бүтөт:

Алиги жеген ак алмам,
Курсагыма толуптур,
Артымдан чыкты ышкырып,
Ажыдаар болуптур,
Ачууланып ооп тартса
Ай ааламды соруптур [69, 41-б.].

«Манас» эпосунда кереметтүү түштү жоруу да – олуттуу мааниге ээ салттуу көрүнүш. Түштү ар ким эле жоруй бербестен, акылман, даанышман уруу башчылары же дубана жоруйт. Мисалы, С.Орозбаковдун вариантында кереметтүү түш жоруу өзүнчө чоң салт катары сүрөттөлүп, эл чогулуп, шаан-шөкөттөр өткөрүлөт. Жакыптын түшү төмөнкүчө жорулат:

Бай Жакып түшү түш экен,
Бул ордуна келген иш экен,
Ушу түшү чын болсо
Ойротту баскан киши экен,
Куш болгону баладыр,
Ай тийген жердин баарысын
Алат экен балаңыз,
Күн тийген жердин баарысын
Күтөт экен балаңыз,
Күндө тынып санааңыз!» [69, 65-б.].

С.Орозбаков өзүнө мүнөздүү жеке стили менен бул эпизодду да бийик көркөмдүктө, кеңири баяндап, өзүнчө жеке сюжет жараткан.

Ал эми С.Каралаевдин варианты боюнча Жакыптын түшүн уруу башчы, акылман Акбалта төмөнкүчө жакшылыкка жоруйт:

Ушул түшүң чын болсо,
Кара калмак-манжудан
Ажыратып алуучу
Бизге бир арстан бала табылат!
Үзүлгөнүң уланат,
Чачылганың жыйналат.
Өчкөн отуң тамылат,
Өлгөн жаның тирилет!
О, кудай, киндик кесип, кир жууган
Жерди табат экенбиз!
Паана берип, жараткан,
Элди табат экенбиз [66, 45-46-бб.].

М.Чокморовдун вариантында болсо түп атасы Асан Кайгынын доорунда эле кереметтүү түш боюнча Манастын төрөлөрүн, анын ким болорун төмөнкүчө баяндайт:

Акыры чыкчы тукуму,
Алтымыш жылда ал чыгат,
Айдыңынан жан чыгат,
Чачкында жүргөн мусулман,
Жыйып чыгат ал киши.
Кылычын канга боегон,
Баатыр чыгат ал киши.
Кылымдын алы келбеген,
Кашка чыгат ал киши.
Сүйлөшүп киши жеңбеген,
Кашка чыгат ал киши.
Ааламдын алы жетпеген,

Баатыр болот экен да» [74, 33-б.].

Ногойдун аялы Ханбүбү кереметтүү түш көрүп, түштүн мазмуну мындай айтылат:

Аты Манас угулат.
Дин ислам журтунун,
Таалайы үчүн туулат.
Ак пайгамбар жол берген,
Азирет Аалы дем берген,
Эшендер болот жолдошу,
Ээрчип жүрүп жолоочу,
Кайыптар болот жолдошу,
Камалган жерде колдоочу,
Айбаты ашкан шер чыгат,
Азирети Аалыдай,
Ааламдын алы келбеген,
Дин мусулман журтунун,
Шамы болуп көрүнөт.
Ааламда ашкан эр болот,
Амыры менен Алданын,
Ааламдан ашкан зор болот [74, 75-б.].

Мисалда ачык көрүнүп тургандай, түш дин мотиви менен коштолуп кереметтүү, касиеттүү белги баса белгиленет. Ушундай эле түштү кийин Манасты төрөрдө Чыйырды да көрөт. Түшүн думанага айтканда, думана ашкан баатыр төрөйсүң деп, болочок баатырдын эл бийлеп, атагы алыска кетерин айтат. М.Чокморовдун айтуусунда Жакыптын түшү төмөнкүчө баяндалат:

Ушундай узун түш көрдү,
Түшүндө кыйын иш көрдү.
Кашына барып бир киши,

Бээжинди пенде жеңбеген,
Сен көрөсүң бир тукум.
Кабыл болсо тилегиң,
Сенден туулат бир тукум [74, 94-б.].

Баатырдык эпостордо дагы бир кеңири тараган салттуу сюжеттик мотив – болочок баатырдын энесинин жолборс жүрөгүнө талгак болушу саналат. Бул мотив да көп элдердин баатырдык эпосторунда, айрыкча, казактардын баатырдык ырларында кеңири учураган салттык мотивдерден. Мисалы, «Кабыланды баатыр», «Шоро баатыр» ж.б. Казактын «Шора баатыр» деген баатырдык ырында Шоранын энеси жолборстун этине талгак болот. Койчу бала аркылуу жолборстун эти табылып, энесинин талгагы жазылат. Бул сюжеттик мотив болочок баатыр жолборстой күчтүү, айбаттуу эр болорун билдирет. Ошондой эле арстан, жолборс баатырды коштогон колдоочусу, баатырга кубат берген кереметтүү күч катары берилет. Бул образ М.Чокморовдун вариантында кереметтүү, касиеттүү колдоочу катары өзгөчө басым менен баяндалганын белгилей кетүүгө болот.

С.Орозбаковдун вариантындагы «Манастагы» талгак болуу мотивине көңүл буруп көрөлү:

Байбиченин көңүлү,
Башкага ооп кетиптир,
Өз тамагы эсте жок,
Бал, шекерге карабайт,
Башка тамак жарабайт,
Жесем деп жолборс жүрөгүн,
Мындан башка самабайт
Жетпейт жолборс жүрөгү,
Жинди болуп байбиче
Жеригенинен жүдөдү [69, 69-б.].

Академик В.М.Жирмунский да ырастап мындайча билдирет: «В основе этих рассказов лежат представления так называемой симпатической магии» [36, 36-б.]. Талгак болуу мотивинин негизинде симпатиялык магия түшүнүгү жатат десек болот.

С.Каралаевдин вариантындагы талгак болуу мотиви С.Орозбаковдун айтуусу менен үндөш, жакын:

Сойгон этин жеген жок,
Муну тамак экен деген жок.
Шердин этин көрсөм деп,
Андан кийин өлсөм деп [66, 49-б.].

Ошентип, жолборстун жүрөгүн же этин жесе, «жолборстой эр жүрөк, тайманбас баатыр болот» деген көз караш элдин байыркы түшүнүгүндө, ишениминде, элдик чыгармаларда кеңири тараган салттуу мотив.

Ошондой эле дүйнөлүк эпосторго мүнөздүү дагы бир салттуу сюжеттик мотив – баатырдын өзгөчө төрөлүшү, энесинин толгоосу көпкө созулушу. Бул мотив да баатыр баланын төрөлүшүнөн кабар берет. Патриархалдык доордун өзгөчөлүктөрү, ошол мезгилдеги кыргыз урууларынын татаал, оор, кыйын шартка кабылып, элдин баатыр баланын төрөлүшүн күтүү да салттык мотив. Болочок баатырдын элдин кыйын, татаал шартка кабылып, бүлүнүп-чачылып турган шартта төрөлүшүн белгилүү окумуштуу Я.Пропптун айткан мындай пикири бар: «Он рождается в момент беды и сразу же борется за дело освобождения» - дейт [102, 240-б.].

«Манас» эпосунда уруулук-патриархалдык доордун үрп-адат-салты, жол-жобосу кеңири орун алгандыгы, ошол мезгилдин өзгөчөлүгүнө жараша элдин көз карашы кеңири сүрөттөлөрү – мыйзам ченемдүү көрүнүш. Маселен, С.Каралаев менен С.Орозбаковдун варианттарында болчок баатырдын ата-энеси да, эл да эркек баланын төрөлүшүн чыдамсыздык менен күтүп жаткандыгы баса белгиленет. С.Каралаевдин вариантында:

Эркек болбой, кыз болсо,
Атап койгон ала бээ
Тоюна союп жеп койгуң,
Кайран Жакып көк жалың,
Туяксыз өттү деп койгуң,
Эгерде эркек уул туулса,
Дегениңе көнөйүн
Багып жүргөн сан кара,
Баарын сага берейин [66, 51-б.].

Ал эми С.Орозбаковдун вариантында мындай баяндалат:

Баласы жоктон жүдөдүм,
Эркек деп бирөө жүгүрсө,
Жарылып кетээр жүрөгүм.
Ботосу жоктон майышып,
Боздоп жүрдүм кайышып,
Сүйүнчү десе бир адам
Тура албасмын тайышып,
Айылга туруп нетейин,
Адырга чыгып кетейин,
Токтолуп туруп нетейин,
Тоого чыгып кетейин [69, 74-б.].

Бул өңдүү патриахалдык доордун өзгөчөлүктөрү, шарттары, салттары «Манас» эпосунда кеңири учурайт.

«Манас» эпосунда баатырдын бөтөнчө белгилер менен төрөлүшү да өзүнчө сюжеттик мотив болуп айтылат. Мисалы, колуна кан-жин чеңгелдеп түшүүсү, жалдуу төрөлүүсү, салмагынын өтө чоңдугу ж.б. Алсак, С.Орозбаковдун вариантында:

Карынды катуу сүзгөнү
Эки колун толтура,

Кан чеңгелдеп түшкөнү» [69, 77-б.].

Ал эми С. Каралаевде:

Манасыңды тууганда
Таманы менен тик түштү.
Оң колуна кара кан,
Кармай түштү кан Манас.
Көргөндүн көөнү бөлүндү,
Арт жагында балаңдын,
Кара көк жалы көрүндү [66, 54-б.].

«Кара көк жал» эпостун алгачкы этабында баатырды колдоочу кереметтүү белги болушу мүмкүн. Кийин бул белги өзүнүн өзгөчө касиетин өзгөртүп, жөн гана эпикалык идеализациянын милдетин аткарып калганы ачык көрүнүп турат.

Ал эми М.Чокморовдун вариантында Манас төрөлгөндө ичтен капкалуу түшөт. Аны кайып колдоп, кайыптын добушу менен ал капканы жарып чыгат. Баланы караса эки колу бекем түйүлгөн, түйүлгөн эки колунун отунда уучтаган кан болот [74, 103-б.].

Баатырдын мындай кереметтүү белгилер менен төрөлүшү «Манас» эпосунда эле учураган көрүнүш эмес. Мисалы, дүйнө элдерине кеңири белгилүү иран-тажик элдеринин баатырдык эпосу «Шах-намэде» башкы каарман Үрүстөмдүн төрөлүшү да бир катар фантастикалык, жомоктук мотивдер менен шартталат. Үрүстөмдүн энеси Рудабянын толгоосу кыйын болуп, көпкө созулуп, Алп кара куштун кеңеши боюнча энесинин ичин жарып баланы алышат.

Баатырдын мындай өзгөчө белгилер менен төрөлүшү анын келечекте ашкан баатыр, эр болорун айгинелейт. Ырас, мындай белгилер алгач кыйын мезгилде баатырды душмандан сактап, колдой турган касиет болгондур. Бирок эпостун өнүгүү процессинде бул белгилер өзү алгачкы кереметтүү касиетин басаңдатып же жоготуп, көркөм каражат катары милдет аткарып

калгандай сезим калтырат. Мындай кереметтүү белгилер дүйнө элдеринин фольклорунда, байыркы гректердин мифтеринде кеңири учураган салттуу көрүнүш. Байыркы гректердин баатыры Ахилл жөнүндө мындай мифтин сюжети бар. Энеси Фетида Ахиллди өлбөс кылуу үчүн төрөлгөндө касиеттүү сууга чөмүлтөт. Согончогуна суу тийбей калып, Ахиллестин өлөр жери анын согончогу болуп калат. Душмандары Ахиллестин өлөр жерин билип, жаа менен согончокко атып өлтүрүшөт. «Ахиллестин согончогу» деген ылакап мына ошондон калган. Демек, аялуу, өлөр жери деген мааниде айтылат. Ошондой эле байыркы гректердин дагы бир баатыры Антей жерди басып турганда, аны эч ким жеңе албайт. Анткени анын энеси – жер, жерден, энесинен күч-кубат алып турат. Аны жерден-энесинен ажыратып өлтүрүшөт. «Манас» эпосунда «өпкөнүн кара тушу, өлөр жери ушул» деп көп кайталанат. Ырас, мында жогорудагы грек мифтериндегидей кереметтүү мифтик касиет жок. Баатырдын өлөр жери эпосто реалдуу сүрөттөлгөн, анткени өпкө адамдын дем алуусундагы, демек, тирүү болушундагы эң негизги органдардын бири экендиги белгилүү.

С.Каралаев менен С.Орозбаковдун варианттарында, башка көпчүлүк негизги варианттарда Манас Алтайда төрөлгөн болот. Ал эми М.Чокморовдун вариантында Манас Арсланбапта төрөлөт. Бул сюжеттик мотив кокустук эмес. Манасчынын көз карашы, диний ишеними вариантта айрым сюжеттик өзгөчөлүктөрдүн орун алышы маанилүү. Негизинен, эпостун салттык сюжетин бекем сактоо менен бирге айрым бир сюжеттик мотивдерди өзгөртүп, жаңы окуяларды эпоско кошуу – табигый көрүнүш экенин баса белгилөөгө болот.

Түрк, түрк-монгол элдеринин эпосторунда, алардын түшүнүгүндө көчмөн элдин турмуш шарттарында, баатырдын эпикалык биографиясында балага ат коюу да өзгөчө мааниге ээ. Болочок баатырга ат коюу анын тагдыры менен байланыштуу көрүнүш катары бааланат. Баатырга ат коюу жөн гана формалдуу көрүнүш эмес. В.М.Жирмунский баатырга ат коюу

мотивин мындай түшүндүрөт: «Важным моментом, по старинному представлению тюркских народов, является наречение имени, имеющее магическое влияние на дальнейшую судьбу человека» [36, 36-37-бб.].

Бул сюжеттик мотивге «Манас» эпосунда олуттуу көңүл бурулат. Ат коюу маанилүү окуя катары саналып, эл чогулуп, той берилип, кеңеш өткөрүлөт. Минтип эл менен кеңешип, элге кайрылып, элдин акыл-кеңешин угуу – «Манас» эпосунда өтө кеңири тараган бекем салттуу көрүнүш. Азыркы замандын тили менен айтканда, бул – чыныгы элдик демократиянын өзгөчө бир белгиси. Ат коюу жөрөлгөсүн көп учурда уруу башчылары, акылман, даанышман адамдар же сыйкырдуу, касиеттүү думана аткарат. Маселен, кайдан-жайдан, күтүлбөгөн жерден думананын келип балага ат коюшу – бардык эле манасчыларда учураган салттуу сюжеттик мотив. Ырас, бул жерде ат коюу салтына диний түшүнүктүн аздыр-көптүр таасири тийгени байкалып турат. Бул дубананын образы менен байланыштуу. Мисалы, С.Орозбаковдун вариантында кайдан-жайдан думана пайда болуп, жаңы төрөлгөн балага мындай атты сунуш этет:

Аты болсун Манас деп,
Алда таала сактасын
Ар балаадан калас деп.
Бата кылды баарысы,
Жашы менен карысы [69, 105-б.].

С.Каралаевдин вариантында болсо Кыдыр келип балага ат коет:

Пайда болуп келиптир,
Бир аксакал дубана,
Бул төрөгөн балаңыз,
Алты шердин кенжеси,
Алланын сүйгөн пендеси
Аты Манас, артык шер!
Ушул болот ок менен,

Оозандырып бериңиз.

Бир кереги чын тиет,

Ушу жакасына тигиңиз» [66, 56-б.].

Ал эми М.Чокморовдун вариантында Манаска Машурук аттуу дубана келип ат коет. Токтоло кетүүчү нерсе: ак сакалдуу дубана – жеке эле «Манас» эпосунда эмес, башка түрк тилдүү элдердин эпосторунда кеңири учураган туруктуу образ. Мисалы, шор, якут-саха элдеринин фольклорунда да болочок баатырга улгайган адам ат коет. Сибирде жашаган түрк тилдүү элдердин эпосторунда байыркы архаикалык эпостордун элементтери көбүрөөк сакталып калган. «Манаста» архаикалык эпостун айрым белгилери өзгөрүп, трансформацияланып, диний мотивге айланганы ачык көрүнүп турат.

Дагы бир маселеге токтоло кетүү жөндүү деп ойлойбуз. Эпосто диний мотивдердин орун алышы жеке эле Сагымбай же Мамбет Чокморовго мүнөздүү көрүнүш эмес, башка айрым манасчыларда да учурайт. Мындай мотивдер манасчынын билими, дүйнө таанымы менен байланыштуу экендиги айтылып жүрөт. Ошондой болсо да ислам дининин таасири эпостун мазмунуна терең кирип, улуттук мааниге ээ болгон, өзгөчө диний мотив катары олуттуу роль ойнобойт деп айтууга негиз бар. Анткени эпостогу диний мотивдердин үстүртөн айтылганын жана алар кийин кирген катмар экендигин окумуштуулар адилеттүү белгилеп жүрүшөт. Маселен, окумуштуу М.П.Рудов «… момент религиозный, хотя он и не играет особо существенной роли в быту данной эпохи, тоже нашел свое отражение в образе хана Манаса – притом как раз именно в той мере, какая фактически соответствует «слабо исламизованному» быту кочевого народа» [85. 83-б.].

Ошентип, Манас баатырдын төрөлүшүн шарттаган салттуу мотивдер, негизинен, бардык манасчыларда, анын ичинде М.Чокморовдо да бекем, туруктуу салт катары сакталганы жөнүндө сөз кылдык, ошол эле учурда

айрым бир сюжеттик айырмачылыктар, өзгөчөлүктөрдүн болушу да мыйзам ченемдүү экендигин белгиледик.

Түрк-монгол элдеринин баатырдык эпосторунда кеңири тараган, бекем, туруктуу салтка айланган дагы олуттуу сюжеттик мотивдердин бири - бул болочок баатырдын тентек болушу. С.Каралаевдин вариантында бул мотив мындай сүрөттөлөт:

Жети жаштан сегиз жаш
Бала чыгып келгенде,
Күйүп турган чок болду.
Кырк үйлүү кыргыз ичинде,
Мындай тентек жок болду [66, 59-б.].

Жакып баласынын тентектигин жактырбай, чочулап, капаланып, кооптонуп, тынчы кетет:

Сенин тентектигин сында жок,
Теңдешип союл чабуучу,
Теңиз кыргыз мында жок .

Балам, биз тентип келдик Алтайга [66, 60-б.]. Баласынын шоктугуна, тентектигине Жакыптын наалышы, мал-жанымдын баарын түгөтүп бүттү деп, чочулашы анын малга кароо, битир экендигин көрсөтөт. Ал эми акылман, көрөгөч, даанышман Бакай баланын тентектигине, шоктугуна кубанып, келечекте эл, жер коргогон баатыр болоруна көзү жетип, Жакыпты жемелеп турган жеринен мисал келтирип көрөлү:

Ой, ой Жакып, ой Жакып,
Тамашаңды кой Жакып.
Береке ушул, бел ушул
Калмак турмак канчага,
Кыргын салар шер ушул,
Эркек бала шок болсун,
Мал багаар уул болгончо,

Бар болгуча жок болсун! [66, 62-б.].

М.Чокморовдун вариантында болочок баатырдын тентек болушу кыска мүнөздө схема түрүндө баяндалат. Мында Манас өзгөчө тентек, оюна келгенин кылган, элге жолобой өзүнчө жүрө бергени баян этилген. Баласынын шоктугуна, анын айынан толгон малынан айрылганына Жакып наалып:

Бу Манастын кылганы,
Ак Жайлак менен Эне Сай,
Муну таштап мен келдим
Калмакты сабап катырды
Кытайды сойду, кыйратты
Ошолордун колуна,
Азан, түмөн мал бердим
Бу Манастын айынан
Калмактан азап көргүчө,
Кытайдан кыргын көргүчө
Дүйнө малга карабай,
Дүрбөп мен көчүп келдим [106, 15-б.].

Бул вариантта Бакай, Сарытаз Манастын тентектигин туура көрүп, анын келечекте баатыр болооруна терең ишенип кубанычын билдирет. Сарытаз М.Чокморовдун вариантында Бакай сыяктуу эле акылман, даанышман катары мүнөздөлөт.

Дүйнөлүк эпостордо, анын ичинде «Манас» дастанында кеңири тараган дагы бир салттуу сюжеттик мотив – болочок баатырды койчу же уйчу тарбиялашы. Бул жагдай, бир жагынан, баланын ашкере тентек болушу, анын шоктугун койдуруу аракети менен байланышса, экинчи жагынан, эмгектенүүгө тарбиялап, дүнүйө-мүлк кандай табыларын, анын кадыр-баркын сездирүгө болгон умтулууга байланышат деп ойлойбуз. С.Орозбаковдун вариантында мындай сүрөттөлөт:

Мал азабын балага,

Бир тарттырып көрөлү.

Жайлоодогу койчуга,

Алты ай малай берели.

Эркелетип отурбай

Катыктырып көрөлү.

Ошпур деген койчу бар,

Оңдоп койсун ошолор» [69, 109-б.].

С.Каралаевдин айтуусунда да Жакып уулу Манастын тентектигин басуу үчүн Ошпур койчуга малай кылып берет:

Койчу башчы Ошпур бар,

Ошпурга берди бай Жакып,

Аты Чоң Жинди аттуу баланы [66, 64-б.].

Ушул эле вариантта Алмамбет бала кезинде Мажик менен уй кайтарганы баяндалат. Байыркы гректердин мифтеринде Геракл баатыр да уй кайтарганы айтылат.

Бул мотив да М.Чокморовдун вариантында төмөнкүчө айтылат:

Кармап берсе молдого,

Молдону уруп боздотуп

Кой кайтарса токтойт деп,

Колуна таяк бериптир.

Койчуну уруп кыйратып,

Жылкычыга бактырса,

Токтолмок турсун толкутуп,

Алтымыш калмак каапырды

Кыргын салып кетиптир. [106, 14-б.].

Айрым эпостордо бул мотив өзгөчөлөнүп, кан же канзааданын койчу менен дос болушу  катары да сүрөттөлөт. Элдик түшүнүктөрдө кан менен

карапайым элдин өкүлүнүн дос болушу кандын адилет, камкор, жөнөкөй, элге жакын болушун билдирет.

Түрк-монгол элдеринин баатырдык эпосторунда болочок баатырдын биринчи эрдиги да – өзүнчө салттуу сюжет болуп баяндалган типтүү көрүнүш. Мисалы, «Алпамыш» эпосунда Алпамыш жети жашында, «Урак жана Мамай» эпосунда баатыр тогуз жашында, С.Орозбаковдун вариантында Манас тогуз жашында, ал эми С.Каралаевдин вариантында он эки жашында биринчи эрдигин көрсөтөт. В.Радлов жазып алган вариантта бул мотив алты жашында деп эскертилет. «Маджму ат-таварикте» баяндалган боюнча, Манас он эки жашында эрдик көрсөтөт. Баатырдык эпосто алты, тогуз, он эки жаш эпикалык сан катары бөтөнчө маани-маңызга ээ болуп, баланы эр жетти, баатыр деп эсептөөгө толук негиз бар деп эсептешет. Жоокерчилик заманда жаш балдардын ата-агалары менен жоого каршы аттанышы – реалдуу көрүнүш. Мына ушундан тартып Манас баатырдын кыргыз элинин каардуу душманы болгон калмак, кытайларга каршы боштондук күрөшү башталат. Манастын биринчи баатырдык эрдиги кыргыз элин бириктирип, анын көз каранды эместигин коргоого мүмкүндүк берет. Манастын алгачкы көрсөткөн эрдиги менен анын оолуккан жиндилиги токтолуп, оң жолго түшөт. Манас кырк чоро күтүп, чоролорунун сунушу менен аны кан көтөрүшөт. «Ошол Манас кайран эр, жиндилик аты өчүптүр, баатыр болуп токтолуп, башына сыймык толуптур». Манасты кан көтөрүү зарылчылыгы, анын олуттуу себептери С.Орозбаковдун вариантында өтө далилдүү, негиздүү, кеңири көркөм баяндалат.

Өкүм болбой өнүкпөйт,
Өзүнчө бул журт жөнүкпөйт.
Башчысы болбой марыбайт,
Баш аламан жарыбайт,
Жайыты болбой, мал болбойт,
Жабылсак кытай жан койбойт.

Тегерегиң баары жоо,
Тепсесе душман жан койбойт.
Калкалайм десең жаныңды,
Көтөрүңөр каныңды [ 69, 282-б.].

Мисалда ачык көрүнүп тургандай, Манас баатырды кан шайлоо ошол мезгилдеги кыргыз элинин оор, кыйын, татаал тарыхый абалына, «тегерегин жоо каптап» журттун тагдыры эмне болот деген жагдай жаралып, «канын көөкөргө куюп, башын канжыгага байлап», каардуу душмандан эл намысын, журт намысын коргой турган баатырды кан көтөрүш зарылдыгына байланыштуу болгон.

Ошентип, Манасты ак кийизге салып, алтын такка мингизип кан көтөрүшөт. Мына ушуну менен Манастын образына карата «кан», «падыша», «султан» деген туруктуу титулдук эпитеттер көркөм каражат катары кеңири колдонула баштайт. Чынында, Манас кан болгону менен, анын образында кандык жеке бийликке, мансапка, байлыкка умтулуу, өзүмчүлдүк, өз башынын кызыкчылыгын бийик коюу өңдүү терс сапаттар жок.

Белгилүү окумуштуу С.Байгазиев эпосто баатырды кан көтөрүү мотивин мындай түшүндүрөт: «Элибизде маанилүү маселелер дайыма көпчүлүктүн элегине салынып, чечилип келген. Манас ата да калкыбыздын ошондой демократиялык жөрөлгөсүн боюна сиңирген инсан. Бекеринен ал эпосто «айкөл» делип айтылбайт. Калк тагдырына тиешелүү чордонду маселелерди Манас ар дайым ортого коюп, эл менен кеңешип, акылдашып чечет. Калайык калктын эрки, бүтүмү ал үчүн ыйык» [18, 54-б.].

Эпосто Манас элдин кызыкчылыгы менен жашаган катардагы эле каарман катары сүрөттөлөт. Манас чоролору менен бирге жатып, бирге туруп бардык кыйынчылыктарды тең бөлүшөт. Манас «Чоң казатка» баратканда он башы Тазбайматтын карамагында катардагы жоокер болуп кызмат өтөйт. «Манасты унуткан Тазбаймат» деген ылакаптын да өзүнчө

чоң олуттуу мааниси бар. Демек, Манас – чыныгы элдин урмат-сыйына ээ болгон өз элинин кызыкчылыгын баарынан жогору койгон, чыныгы элдик баатыр.

Дүйнөлүк эпосто баатыр жана анын жоого минер аты жөнүндөгү баян өзүнчө сюжет болуп айтылат. Бул – бекем салтка айланган мотив. С.Каралаев менен С.Орозбаковдун, Б.Сазановдун варианттарында Манас менен бир күндө анын жоого минер аты туулат. Бул мотивдин маани-маңызы эпосто өзгөчө орунда турат. Баатыр менен анын жоого минер атынын тагдыры бир деген олуттуу маанини билдирет. «Манас» эпосунда «Чоң казатта» Алмамбет шейит кетип, Аккула окко учуп, Манас оор жарадар болуп, Таласка келип каза болот. Баатырдык эпостун алгачкы үлгүсүн түзгөн кыргыздардын «Эр Төштүк» өңдүү мифтик баатырдык эпосунда Чалкуйрук Төштүккө акыл үйрөткөн, адамча сүйлөгөн, көп кыйын-кыстоо шарттарда баатырга жардам берген кереметтүү тулпар катары сүрөттөлөт. Ырас, «Манаста» да Аккуланын ролу зор. Бирок байыркы архаикалык мүнөзгө ээ болгон Чалкуйруктай баатырга кеңеш айтып, акыл үйрөтүп, көп кыйынчылыктардан куткара албайт. Негизинен, Аккула эпосто реалдуу сүрөттөлөт. Ошондой эле Манас баатырдын негизги душманы болгон Коңурбайдын Алгара тулпары да амалдуу, айлакер болуп, көп учурда ээсин ажалдан куткарат. Кыскасы, «Манас» эпосунда баатырдын жоого минер атынын да өзүнчө өнүккөн, кеңири сюжеттүү, баатыр ээси сыяктуу эле эпикалык биографиясы бар.

С.Каралаевдин вариантында:

Мал башчысы кула бээ,
Баш башчысы куу катын
Бойдок жүрөт кула бээ,
Төрөбөй жүрөт куу катын.
Кула бээ тууса тулпар туур,
Куу катын тууса шумкар тууйт.

Төрөбөй жүргөн кула бээ,
Быйыл тууган кези экен.
Туугандан мыктап кула бээ,
Куюн тууган кези экен
Казатка минип жүрсүн деп,
Качырып жоого тийсин деп,
Сага ылайык жараткан. [66, 48-б.].

Баатыр менен анын жоого минер атынын бир күндө төрөлүшүн белгилүү окумуштуу, академик В.М.Жирмунский мындайча түшүндүрөт: «Они вошли в состав этой биографии, вероятно, на самом позднем этапе ее сложения как обязательные для народного сознания элементы эпической идеализации народного героя» [36, 36-б.]. Ырас, окумуштуунун бул мотив эпоско кийин кирди деген пикирине кошулуу кыйын. Анткени баатырдын жоого минер атынын эпосто алган орду өзгөчө маанилүү, маңыздуу. Баатыр атсыз жоону жеңе албайт, эрдик иштерди жасай албайт. Баатырдык атсыз (богатырский конь) баатыр трагедияга, өлүмгө учурашы, жеңишке ээ болбошу – айдан ачык көрүнүш. «Семетей» эпосунда «Тайбуурулдун тартуу болуп кеткени – Семетейдин ажалынын жеткени» деген ылакаптын өтө терең философиялык мааниси бар. Кыргыз элинде: «Ат, аттан кийин жат» деген элдик акылман сөз бекер жаралган эместир. Демек, баатырдын жоого минер атынын образы да – байыркы архаикалык эпостон бери келе жаткан, бекем салтка айланган образ болуу менен салттуу сюжеттик мотивдин жаралышына негиз берген.

М.Чокморов бул мотивди бир аз башкача баян этет. Манаска Аккуланы Шайкожо аттуу бай адам, жылкысын кайтаргандыгы үчүн акысына белек кылып берет:

Казатта минип жүрсүн деп,
Качырып жоого минсин деп,
Сага ылайык жараткан» [74, 21-б.].

Ошондой эле, Сарыкожо он эки түрдүү жоо кийим, куралдарды Манастын берди колуна деп айтылат. Алар: ок өтпөс тон, кандагай шым, ак бараң, мылтык, сыр найза. Сарыкожо Манаска мылтык атуунун, жаа тартуунун жолун, ыгын көрсөтүп, каапыр менен урушкун деп батасын берет.

Жалпылап алганда, манасчы М.Чокморовдун вариантында Манас баатырдын кереметтүү төрөлүшүн шарттаган салттык-сюжеттик мотивдер: баласыздык, кереметтүү түш, түштү жоруу, кереметтүү бойго бүтүү, жолборстун жүрөгүнө талгак болуу, болочок баатырдын кереметтүү төрөлүшү, балага ат коюу, тентек болушу, аны уйчу же койчу тарбиялашы, биринчи эрдиги, кырк жигит күтүп кан болушу сыяктуу салттык-сюжеттик мотивдер, негизинен, бекем сакталган деп айтууга болот. Ырас, анда айрым бир сюжеттик өзгөчөлүктөр да бар экени байкалды.

М.Чокморовдун диний ишеними, көз карашы, түшүнүгү эпостун сюжетинде ачык байкалат. Алсак, Жакып Арсланбапка келгенге чейин эле мазарларга барып, сыйынып зыярат кылып, конуп-түнөп жүрүп келет. Манастын Арсланбапта төрөлүшүн да манасчынын диний ишеними менен байланыштырып карап, баа бергенибиз туура болот деп ойлойбуз. Бирок М.Чокморовдун диний көз карашы эпостун негизги салттык окуяларын бекем сактоого олуттуу тоскоол болгон эмес. Ислам дининин таасири С.Каралаев баш болгон бардык эле манасчыларда аздыр-көптүр бар. Академик В.М.Жирмунский адилеттүү белгилегендей, бул диний мотив эпоско кийин кирген катмар экендиги ачык эле көрүнүп турат: «Все это - отражение позднейших мусульманских влияний» [36, 37-б.].

Ушул жерде дагы бир маселени эске салсак, «Манас» эпосунда ар кандай уруулар биригип бир эл түзүлгөнү айтылат. Манастын кырк чоросу кырк уруунун өкүлү катары сүрөттөлөт. Эпосто «кыркы кырк жерден келген кул эле, атсыз келген чорого ат мыктысын мингизди, тонсуз келген чорого тон жакшысын кийгизди, үстүнө үй тигип, мал бөлүп берди эр Манас», –

деп айтылат. С.Орозбаковдун айтуусунда Манастын кырк чоросу ар кайсы уруусунан экени саналып айтылат. Мисалы, Манас баатыр ногой уруусунан болсо, Ажыбай аргындан, Чубак нойгуттан ж.б. Манас баатырдын «Кулаалы таптап куш кылдым, курама жыйып, журт кылдым», – деп кыргыз элин түзгөнү бардык варианттарда эле айтылат.

Ал эми М.Чокморовдун вариантында кыргыз уруулары эки гана уруу эл катары сүрөттөлөт: «Биз Талас, Кең Көл жерденбиз, Аргын, Ногой элденбиз» – деп көп кайталанат. Бул вариантта башка варианттардай эле негизги душмандар калмак, кытайлар болгондугу баяндалат да, Манас жалпы эле мусулмандын баатыры катары көрсөтүлөт:

Дин мусулман мендени,
Ошо Манас багат деп,
Капырга аткан ок болот [106, 17-б.].

Демек, М.Чокморовдун айтуусунда Манас кырк уруу кыргыздын эмес, жалпы эле мусулмандардын коргоочусу, жактоочусу, бириктирүүчүсү, алардын эркиндиги үчүн күрөшкөн баатыр катары мүнөздөлөт.

«Манас» эпосундагы салттуу сюжеттик мотивдердин мүнөздүү өзгөчөлүктөрү жөнүндө окумуштуу С.Бегалиев өзүнүн «Манас» эпосу аттуу эмгегинде төмөнкүдөй пикирин билдирет: «Эпосто традициялык сюжеттен тышкары, традициялык поэтика, композиция, көркөм ыкмалар бар экендиги белгилүү. Манасчылар эпостун ушул жалпы, олуттуу белгилерин өздөштүрүшөт. Ырас, эпостун традициялык белгилерин механикалык түрдө кабыл алышпайт, көп жерлерин оңдойт, өзгөртөт, кеңейтет же кыска схема түрүндө баяндашат. Бул процессте ар бир манасчынын жеке шыгы таланты, көз карашы, ишеними чечүүчү мүнөзгө ээ» [24, 25-б.].

Бул өзгөчөлүктөр залкар манасчылар С.Орозбаков, С.Каралаев менен айрым башка айтуучулардын  жана М.Чокморовдун варианттарында кандай экендигин жогоруда мисалдар менен көрсөтүүгө аракет кылдык. Жогорудагы талдоолордун соңунда, жалпысынан, «Манас» баатырдын

кереметтүү төрөлүшү, балалык чагы белгилүү манасчылардын бардыгында негизинен, үндөш, жакын, окшош деген бүтүм чыгаруу туура болот. Ырас, бул бөлүмдөгү сөз болгон салттуу сюжетик мотивдер айтуучунун шыгына, талантына, көз карашына жараша айрым бир сюжеттик өзгөчөлүктөр менен коштолот. Бирок салттуу сюжеттик мотивдердин маани-маңызы, формасы, көркөм ыкмасы, жалпыга белгилүү баатырдык эпоско мүнөздүү салттуу көрүнүштөр бекем сакталганына күбө болобуз. Ал эми М.Чокморовдун варианттарындагы мифтик диний мотивдерди, окумуштуу В.М.Жирмунский адилеттүү баса белгилегендей, кийин кирген катмар катары баалоо зарыл. Алар эпостун баатырдык духуна, идеялык-мазмунуна  анча олуттуу таасир этпейт деген ойдобуз.

## Биринчи глава боюнча жыйынтык

Биз изилдөөбүздүн биринчи бабын белгилүү манасчы Мамбет Чокморовдун манасчылык өнөрү жана анын вариантындагы «Манас» эпосунун изилдениш абалы” деп атап, мында М.Чокморовдун вариантындагы «Манас» эпосунун сюжеттик курулушунда олуттуу, маанилүү орунга ээ болгон, эпостун идеялык мазмунун ачып берген салттуу сюжеттик мотивдердин өзгөчөлүктөрүн көрсөтүүдө улуу манасчылар С.Орозбаков менен С.Каралаевдин варианттары, зарылдыгына жараша айрым башка манасчылардын варианттары менен салыштырып анализ жүргүзүүгө аракеттер жасалып, Манас баатырдын ата-бабалары, кереметтүү төрөлүшүн жана балалык чагын шарттаган салттык-сюжеттик мотивдерин талдоого алууга аракеттендик. Манасчы Мамбет Чокморов «Манас» эпосунун негизги үч бөлүмүн толук айткан, көркөмдүк деңгээли жогору өз алдынча варианттарды жараткан манасчы болгонуна карабай, анын айтуучулук өнөрү, вариантына жана анын айтуусундагы варианынын өзгөчөлүктөрү боюнча системалуу мүнөздөгү ар тараптуу изилдөө иши атайын иликтөөгө алынбаса да, Манас таануучулар Р.Кыдырбаева, Э.Абдылдаев, С.Бегалиевдер М.Чокморовдун

вариантындагы айрым бир сюжеттик өзгөчөлүкөрү жана жалпылыктары жөнүндө анализ берилгенине учкай сереп салып жана баатырдык мотивге тиешелүү болгон кыргыздардын чабылып-чачылышы, баласыздык, кереметтүү түш көрүү, кереметтүү бойго бүтүү, талгак болуу, кереметтүү төрөлүү, ат коюу, тентек чоңойушу, башка бирөөнүн колунда тарбияланышы, алгачкы эрдиктери, хан көтөрүү ж.б. сыяктуу сюжеттик өзгөчөлүктөрү жана жалпылыктары жөнүндө анализ берилди. Ошондой эле манасчы Мамбет Чокморовдун вариантында Манас баатырдын ата-теги тууралуу баяндын берилиш өзгөчөлүгүнө кеңири талдоо жүргүзүлүп, аталган вариантын негизги өзгчөлүгү катары белгиленип, Асан Кайгынын Манастын ата-бабасы катары берилишин негиздөө боюнча аргументтер келтирилди.

Манасчынын вариантындагы баатырдын ата-бабалары жөнүндөгү көлөмдүү баян иликтөөчүлөр тарабынан олуттуу өзгөчөлүк катары бааланып, баатырдын төрөлүшүн шарттаган салттык мотивдер М.Чокморовдун вариантында кыска, чакан баяндалганы талдоодон өттү.

# 2-ГЛАВА

## МАМБЕТ ЧОКМОРОВДУН ВАРИАНТЫ БОЮНЧА ЭПОСТО СЮЖЕТТИК НЕГИЗГИ ОКУЯЛАРДЫН БЕРИЛИШ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

### 2.1. М.Чокморовдун вариантында Манастын Каныкейге үйлөнүшү окуясынын берилиши

Биз эпостун мазмуну менен кеңири таанышканыбызда, Манас баатырдын өмүр жолу, эпикалык биографиясы жалаң согуш менен өткөндөй таасир калтырат. Манас баатыр бала кезинен тартып өмүрү өткөнгө чейин калмак-кытайларга каршы элин, жерин коргоп согуш менен күн өткөрөт. Бирок мындан «Манас» эпосунда элдин жай турмушун сүрөттөгөн окуялар жок деп кескин ой айтууга негиз жок. Анткени эпосто кыргыз элинин үрп-адатын, жашоо-тиричилигин, улуттук бийик асыл салттарын кеңири, көркөм сүрөттөгөн «Манастын кереметтүү төрөлүшү, балалык чагы», «Көзкамандар», «Алмамбеттин окуясы», «Манастын Каныкейге үйлөнүшү», «Көкөтөйдүн ашы», «Жети кандын чатагы» жана башка ушу сыяктуу жеке сюжетке ээ болгон, бир кыйла көлөмдүү, көркөмдүгү бийик, терең мазмундуу окуялар өтө арбын. Окумуштуу А.А.Петросян адилеттүү белгилегендей, "Манас" – это поистине энциклопедия исторического развития киргизов на протяжении длительного времени" [46, 7-б.].

Мына ушул окуялардын ичинен өзгөчө маанилүү бөлүктөрдүн бири – «Манастын Каныкейге үйлөнүшү». Түрк тилдүү элдердин, ошондой эле монголдордун эпосторунда баатырлардын үйлөнүү мотиви – кеңири кезигип, өзүнчө бекем салтка айланган көрүнүш. «Баатырдык менен үйлөнүү темасы дүйнөлүк эпикалык традициялар үчүн мүнөздүү, туруктуу тема экендиги фольклор таануу илиминде жалпы кабыл алынган жобо» экенин изилдөөчү Э.Абдылдаев белгилейт [4, 66-б.].

Манас баатырдын үйлөнүшү бардык манасчылардын варианттарында өзүнчө кеңири сюжеттүү, окуяларга бай, көркөмдүгү бийик болгону менен бири-биринен кескин айырмаланып турат. Ырас, айтуучунун шыгына, талантына жараша аталган окуя ар кандай көлөмдө болушу мүмкүн. Анткени манасчылардын  көркөм дүйнөсү да ар кандай деңгээлде болушу – табигый көрүнүш. Улуу таланттар Сагымбай, Саякбай Манас баатырдын Каныкейге үйлөнүшүн өзүнчө башталышы, өнүгүшү, бүтүшү бар кеңири баян түрүндө, сюжеттүү чыгарма катары баяндашат. Көркөмдүгү жагынан да башкалардан кескин айырмаланып, өзгөчө эстетикалык ырахат тартуулайт. Мамбет Чокморовдун айтуусунда да Манастын Каныкейге үйлөнүшү көлөмү жана көркөмдүгү жагынан жогорку варианттардан калышпайт. М.Чокморов  өзүнө мүнөздүү жеке стили менен кеңири мүнөздө көркөм сүрөттөйт. Негизинен, жалпыга белгилүү салттуу сюжет бул вариантта да бекем сакталган. Ошол эле учурда олуттуу мааниге  ээ болбогон айрым бир сюжеттик өзгөчөлүктөр бар. Үч вариантта тең Каныкей Букар канынын кызы. Сагымбайдын вариантында Каныкейдин атасы Шаатемир, Саякбайда Темиркан, ал эми М.Чокморовдо Каракан. Сагымбай менен Саякбайдын варианттарында Манастын Каныкейге чейинки аялдары – Ооган каны Шооруктун кызы Акылай, калмак канынын Карабөрк аттуу кызы – олжого түшкөн аялдар. Ал эми  М.Чокморовдун айтуусунда Акылай менен Карабөрк Манасты жактырып, өз эрки менен Манаска баш кошушат.

Баатырдык үйлөнүү темасы – дүйнөлүк фольклордо, ошондой эле «Манас» эпосунда өзүнчө салтка айланган сюжеттик мотив. Ырас, доордун өзгөрүшү менен бул мотив өзүнүн алгачкы маанисин өзгөрткөнү – табигый көрүнүш. Ч.Валиханов жазып алган вариантта Манас Каныкейди күч менен алгандыгы айтылат. Каракан Жакыпты теңсинбейт, «Моей дочери приличен ханский сын, твоему сыну – бийская, плебейская дочь» - сказал хан. Манас начинает войну и берет царевну силой» [31, 40-б.]. Бул мотив В.В.Радлов жазып алган вариантта да эскерилет. Ушул жерде баатырдык үйлөнүү мотиви тууралуу М.В.Жирмунскийдин пикири негиздүү: «Сватовство Манаса к Каныкей мотивировано у Орозбакова в духе обычаев мусульманской религии. Однако это истолкование сватовства Манаса является позднейшим переосмыслением. Как видно из записи Валиханова, свадебная поездка Манаса первоначально имела характер героического сватовства, в котором невеста добывалась силой». [36, 38-39-бб.].

С.Орозбаков Манастын Каныкейге үйлөнүшүнө Алмамбет себепкер болгонун, эки аялың болсо да, бойдок экенсиң, өзүңө татыктуу аялың жок экен деген маанидеги сөзүн айтат:

Карабөрк менен Акылай,
Катыным деп ойлойсуз.
Карап турсам өзүңүз,
Кадимкидей бойдоксуз! [70, 344-б.].

Мына ушундай кийин Манас атасы Жакыпты өзүнө ылайык жар издөөгө жиберип, ал Букардын каны Шаатемирдин кызы Санирабиганы тандаганы баяндалат. С.Орозбаковдун вариантында Акбалтанын кеңеши менен көп мал берип, куда болгон жайы бар. Куда болуу салты эпосто өзгөчө маанилүү, жагымдуу көрүнүш катары бааланат. Ал мындай сүрөттөлөт:

Мурункулар кеп айткан,
Буюрган сөзүн көп айткан:

Ырысы жокко доочу,

Ырыс болор ушу кеп,

Ырыстууга жуучу деп,

Ырысы кеткен кай бирөө

Келсе жуучу куучу деп [70, 371-б.].

С.Каралаевдин вариантында Манастын Каныкейге үйлөнүшүн Чубак менен байланыштырат. Чубак Каныкейди кыз кезинде күч менен алууга аракеттенип, Каныкейден качып араң кутулган жайы бар экенин сөз кылат. Ал эпосто мындайча сүрөттөлөт: Каныкей менен Чубак жекеме жеке сайышып, Чубактын айласын кетирет.

Кара жолтой Каныкей

Каарды катуу баштады.

Кан Балтанын Чубагы

Көгаланын үстүнөн,

Кулап кете таштады.

Ээринен арт кетип,

Үзөңгүдөн бут кетип,

Качып Чубак калганда,

Эркек болсоң качпа деп,

Кууп жүрөт Каныкей [66, 229-б.].

С.Каралаевдин айтуусунда Бакайдын сунушу менен Манас Каныкейге үйлөнөт. Бакай «алган зайбың Акылай адеби жок капырай» - деп ага терс мүнөздөмө берет да, «ургаачынын төрөсү, алып келсең Каныкей, кырк чоронун энеси» – деп жогору баалап, оң пикирин билдирет. Манас Каныкейге үйлөнө электе эле Каныкей Манас үчүн кандай кызмат этерин, Манастын баркын, баасын, даңкын чыгарарын, Каныкейдин акылман, даанышман, көрөгөчтүгүн айтып, аны күч менен алуу мүмкүн эмес экендигин эскертет:

Каныкей алсаң оңосуң,

Калкка бааша болосуӊ,
Каныкей келсе Таласка,
Кадыр түн келет жолуӊа,
Сайып жүрүп бак кылар,
Салып жүрүп там кылар
Санжыралуу башыӊды
Жер жүзүнө кан кылар,
Ургаачынын төрөсү
Кырк чоронун энеси [66, 235-б.].

Ошону менен бирге эле Каныкей жөн эле колго тие турган кыз эместигин катуу эскертет:

Теӊдик менен албасак,
Зордукка көнөр жан эмес.
Олжо болуп бизге эле,
Оӊой менен Каныкей
Колго тийчү ал эмес.
Намыс кылып барышсак,
Өлбөгөн жерде калышсак,
Тирүү калбайт кишибиз,
Ургаачы менен кармашсак,
Кыйшайып кетээр ишибиз [66, 235-б.].

Мында акылман Бакай Каныкейдин намыскөй, ардуу, кайраттуу, намысын бийик туткан, эр жүрөк экендигин айтып, күчкө салбай ата-бабанын салты боюнча көп мал алып, куда түшөлү деген оюн билдирет.

Манасчы М.Чокморов Манастын Каныкейге үйлөнүшүн айрым жеке сюжеттик кошумчаларды киргизип баян этет. Кошой «Кереметтүү ургаачы, никелесе токтолот», – деп көрөгөчтүгүн билдирип, Манас «жиндилигин» коет дейт. Эки аял алса да, өзүнчө токтоло албай «жинди» деген аты

өчпөгөн Манаска аял алып берүүгө Аргын-Ногой эли кеңешип, жуучу кылып:

Кеп айтышса, кеп билет,
Сөз айтышса сөз билет,
Жоон билек, эр жүрөк,
Баатырдыгы дагы бар
Айтып кепти жөн билги,
Чечендиги дагы бар.
Беттешкенден тартпаган,
Көсөмдүгү дагы бар,
Кыз издөөгө бул жарайт [106, 11-12-бб.] - деп Элеман байдын таз Үрбүсүн жибермек болушат:

Арстан Манас баатырга,
Зайып алып бергиле,
Кереметтүү кабылса,
Манаска ошондой
Кереметтүү табылса,
Ошондо токтолот бу Манас.
Акылдуу киши табылса,
Айлакер киши табылса [106,13-б.].

Ошол эле учурда Каныкейге Манас сыяктуу өзгөчө баатыр гана ылайык келери тууралуу идея да орун алган. Бул идея кереметтүү түш көрүү мотиви аркылуу берилген. М.Чокморовдун вариантында Каныкейдин энеси төмөнкүдөй маанидеги кереметтүү түш көрөт:

Уктап жатып түш көрдү
Түшүндө айкын иш көрдү.
Өз баласы Каныкей
Көсө куйрук көк бөрү
Башына оңго салыптыр.

Бала чаар ак жолборс
Кошо кармап алыптыр.
Ажыдаар ак жылан
Алты оролуп куйругу,
Капилеттен белине,
Кемер болуп калыптыр [106, 29-30-б.]

Мисалда сүрөттөлгөн «көсө куйрук көк бөрү», «ак жолборс», «Ажыдаар ак жылан» Каныкейди колдогон кереметтүү жандыктар катары гана айтылбастан, ал – Каныкейге «көк бөрү», «жолборстой», «ажыдаардай» ашкан баатыр жолугарын да билдирген өзгөчө кереметтүү, касиеттүү белги. Каныкейдин энесинин бул түшүн, салт болгондой, кайдан-жайдан пайда болгон думана жоруйт:

Балаңды алчу күйөөсү
Ай ааламды багынткан,
Зорго тиет экен деп.
Дүйнөнү сураган,
Чоңго тиет экен деп.
Бет алып жеңе албаган,
Баатырга тиет экен деп.
Катылганды катырган,
Шерге тиет экен деп [106, 28-б..]

Кереметтүү түштү жоруган думананын сөзү Каныкейдин тегин адам эмес, ашкан баатырдын жары болорун ырастап жатат.

Биздин жеке пикирибиз боюнча, Манас баатырдын кулк-мүнөзүндөгү кенебестик, бөтөнчө айкөлдүктү эске алсак, баатырга Каныкей өңдүү даанышман, акылдуу аял ылайыктуу болот. Элдин идеалына да Каныкейдей аял туура келет. Каныкейдин образында дүйнөлүк эпосто кеңири учураган баатыр кыздарга мүнөздүү кайраттуулук, кайра тартпас эрдик мүнөздүү. Ырас, уруулук-патриархалдык доордун шартына жараша Каныкей өзүнүн бир катар баатырдык сапатын басаңдатып, өзгөрткөнүнө күбө болобуз.

Каныкейдин намыстуулугу, өзгөчө кайраты, баатырдык мүнөзү Манас күйөөлөп барганда ачык көрүнөт. Сагымбайдын вариантында Манас күйөөлөп барып, Каныкейдин койнуна колун салганда ал канжар (ак тинте) менен Манасты билекке саят эмеспи:

Алтын барда бетинде,
Алтындаган тактада,
Алтымыш кабат пахтада,
Жайнап жаткан Сааниге
Койнуна колун салганы.
Ичиркенип бой жыйып,
Имерилбей сөз кылып,
Атакемдин ак ордо,
Алтын сарай, кең коргон
Ачып өткөн сен кимсиң,
Тарткын азыр колуңду,
Азыр чыгып кетпесең,
Анык сенин өлөрүң,
Кан баласын бир муштап,
Канжар туткан колуна [70, 398-399-бб.].

М.Чокморовдун айтуусунда Манастын Каныкейдин койнуна колун салып жарадар болушу төмөнкүчө баяндалат:

Тал чыбыктай буралып,
Ак жибектей чубалып,
Алтын таажы карабет,
Жаткан экен Каныкей.
Төшөгүнө кыналып,
Ошондо Манас баатырың
Барып колун салды эми.
Суук кол тийип этине,

Чочуп кетти Каныкей.

Даяр койгон ак тинте,

Кармай салып сабынан,

Сууруп алып кабынан [ 106,45-б.].

Бул көрүнүш Каныкейдин намыстуу, кайраттуу эрдигин көрсөтөт.

Дегеле, баатыр менен анын ала турган колуктусунун ортосундагы конфликт – эпикалык чыгармаларда кеңири учураган салттуу сюжеттик мотив. Бул мотив бөтөнчө баатырдык эпостордо үйлөнүү темасында өзүнчө сюжет болуп баяндалат. Башкаларды айтпаганда да, кыргыздын кенже эпостору «Кожожаш», «Эр Төштүк» эпосторунда да башкы каармандар чоң сыноолордон өтүп үйлөнүшөт эмеспи. Бул сюжеттик мотив боюнча М.Ауэзов: «Борьба, основанная на контрастах - излюбленный прием всех эпических произведений» - деген негиздүү пикирин айткан. [16, 45-б.].

«Манаста» Каныкейдин Манасты билекке сайганын, т.а., баатыр менен болочок колуктунун кагылышын окумуштуу В.М.Жирмунский салттуу мотив экендигин белгилеп, өз пикирин мындай билдирет: «Столкновение между Манасом и его невестой является ослабленным вариантом широко распространенного сюжета укрощения богатырской девы, которая, будучи побеждена героем в единоборстве или во время брачных состязаний становится его возлюбленной или женой, после чего она обычно теряет свою богатырскую силу» [35, 103-б.]. Алсак, С.Орозбаковдо калмактын каны Кайыптын кызы Карабөрк да Сайкал сыяктуу баатыр кыз, аны Манас жекеме- жеке кармашта жеңип, ага үйлөнөт. Сайкал да баатыр кыз катары сүрөттөлүп, ал Манас менен кармаштан кийин ага акыреттик жар болууга макулдашат эмеспи. Манастын Кыз Сайкалга үйлөнүшүндө баатырдык үйлөнүү мотиви толук сүрөттөлүп, негизги белгисин бекем, ачык сактаган.

Баатыр кыздын образы дүйнөлүк фольклордо кеңири тараган салттуу мотив экенин эске алсак, маселен, кенже эпостогу Жаңыл Мырзанын образы

– буга ачык күбө. «Алпамыш», «Коркут ата», кара калпактардын «Кырк кызы» деген ж.б. чыгармаларда алп кыздардын образдары өзүнчө жеке сюжет болуп айтылат. Эпостун байыркы доорго мүнөздүү болгон архаикалык айрым элементтери, белгилери «Манас» эпосунда аз эмес. Буга Сайкалдын, калмактардын алп кызы Ороңгунун жана баатыр кыз Канышайдын образдарын мисал катары көрсөтсө болот. В.М.Жирмунский. баатыр кыздын образы дүйнөлүк эпосто бекем салтка айланган көрүнүш экендигин конкреттүү мисалдар менен ырастап, бул сюжеттик мотив түбү энелик доорго таандык экенин көрсөтөт. Окумуштуунун пикири боюнча: «По своему происхождению он восходит к бытовым отношениям периода матриархата» [35, 104-б.].

Каныкейдин образындагы баатырдык белгилер Манасты билекке канжар менен сайганда гана көрүнбөстөн, Манас Каныкейди алып, айылдан узап чыкканда артынан куугун түшүп кол салганда, Каныкей Манас менен бирге  согушка катышып, аларды кыргынга учуратканда, ошондой эле «Семетей» эпосунда «алты арамга» каршы күрөшүндө байкалат. Сөзүбүздү төмөнкү мисал далилдейт:

Алтын жаа, болот ок,
Алма башка салды эми,
Тартып, тартып ийди эми.
Алты жашар чагында,
Мылтык кармап, ок аткан.
Мерген болгон Каныкей [106,43-б.].

Бирок «Манас» эпосунун дээрлик бардык варианттарында Каныкей баатырдыгынан мурда, негизинен, акылман, даанышман, көрөгөч, айлакер, уз, камкор аял катары сүрөттөлгөнүнө күбө болобуз. Мисалы,  С.Орозбаков Каныкейдин сырткы көрүнүшүн төмөнкүдөй   таасирдүү, көркөм сүрөттөйт:

Жыла сүйлөп шыңк этип,
Акыл толгон кез экен.

Он алты жарым жашы бар,

Жатык тилдүү, ширин сөз,

Ай чырайлуу бото көз [70, 354-б.].

С.Каралаевдин вариантында Каныкейге мындайча мүнөздөмө берилет:

Он эки кыздын кенжеси

Кудайдын сүйгөн бендеси,

Кара сурдун сулуусу

Мусулмандын нурдуусу

Узун чачтын ыктуусу

Ургаачынын мыктысы

Кең көйнөктүн тазасы,

Ургаачынын паашасы [66, 240-б.].

Демек, С.Орозбаков менен С.Каралаев Каныкейдин образын сүрөттөөдө анын акылына, даанышмандыгына, көрөгөчтүгүнө, уздугуна көңүл буруп, ошондой эле анын көздүн жоосун алган ашкан сулуулугуна өзгөчө басым коюп, Каныкейди бийик көркөмдүктө сүрөттөшөт. Угуучуларды жагымдуу, жүрөк толкундаткан эстетикалык ырахатка бөлөп, Каныкейдин кайталангыс, эсте каларлык, классикалык образын жаратышат.

Ал эми М.Чокморов Каныкейди кереметтүү, касиеттүү, өзгөчө сапатка ээ болгон аял катары сүрөттөйт.

Каракан кызы Каныкей

Ак саамайын сылаган

Алладан ыйман сураган

Оң саамайын сылаган

Кудайдан ыйман сураган.

Туулганда ак болгон

Кайыптан алат кабарды

Манаска жолдош болот деп

Буюрган кудай никесин

Ургаачыдан ардактуу

Каракан кызы Каныкей [106, 24-бет].

Мисалда көрүнүп тургандай, манасчы Каныкейди башка маанайда, «кудайдан ыйман сураган», «туулганда ак болгон», Манаска жар болоору да белгилүү «буюрган кудай никеси» деп басым коюп сүрөттөйт. Айтуучунун көз карашы, диний ишеними Каныкейдин образына аздыр-көптүр таасир эткени ачык байкалып турат. Бирок мындан Каныкейди бир беткей эле ыксыз касиеттүү, диндин ырым-жырымын, жөрөлгөлөрүн бекем сактаган аял кылып сүрөттөйт деп жыйынтык чыгарууга болбойт. Каныкейдин жүрүш-турушунда, башкаларга жасаган мамилесинде, окуяларга карата берген баасында, ал, негизинен, акылман, көрөгөч, айлакер аял болуп сүрөттөлөт.

Жалпылап алганда, Каныкейдин образы – «Манас» эпосунун дээрлик бардык варианттарында өзгөчө орунга ээ болгон, кайталангыс, классикалык образ. Элде «Манасты Манас кылган Каныкей» – деп бекер айтылбайт. Манастын образын толуктап, тереңдетип, кеңейтип, өзгөчөлөнткөн жагынан Каныкейдин асыл сапаттары зор мааниге ээ.

Каныкейдин образынын реалдуу тарыхый окуя менен байланышы бар экендигин окумуштуу-тарыхчылар белгилеп келишүүдө. Алар тарыхый булактарга таянып, Каныкейди белгилүү тарыхый инсан, кол башчы Токтомуштун кызы деп көрсөтүшөт. Жеке эле Каныкей эмес, «Манас» эпосунда сүрөттөлгөн көптөгөн эпикалык каармандардын реалдуу тарыхый инсандар менен байланышы бар экендигинде калет жок. Бул олуттуу маселе боюнча окумуштуу Э.Абдылдаевдин жөндүү пикири бар: «Манас» эпосундагы тарыхый адамдардын ысымдары, этнонимдер, курал-жарак, жоо кийимдер көп катмарлуу болгону менен, эпикалык окуялар бир мезгилде болгон окуя катарында баяндалып, алар жалпысынан бир доорго таандык болуп көрүнөт». [4, 50-б.]. Демек, эпостун каармандарын кийинки

доорлордо жашап өткөн реалдуу тарыхый инсандар менен байланыштыруу тенденциясы мыйзам ченемдүү нерсе деп айтууга болот.

М.Чокморовдун варианты боюнча Манас баатырдын үйлөнүшүнө тиешелүү дагы айрым бир жагдайларга, образдарга токтоло кетүү зарылдыгы бар. Айталык, М.Чокморовдун вариантында бардык негизги варианттарда учураган «калың берип, кыз алуу» салты да өзүнчө сюжеттик баян болуп айтылат. Кошойдун кеңеши менен калың мал берип, куда түшүп, Манас Каныкейге үйлөнөт:

Айры өркөчтүү нар берип,
Айдап калың мал алып,
Дүңгүл өркөч нар алып
Сүрүп калың мал алып,
Чаң тийбес күлүк аттардан
Алтымышты дагы алып,
Алтын, күмүш зар алып
Куда болуп, баш ийип
Букардын зор канына
Кызын сурап баралы [106,17-18-бб.].

Бирок Жакып калың мал берип Манаска аял алып берүүгө каршы болот:

Келгендерге сүйлөнүп
Каарыды Жакып күүлөнүп,
Талаада жаткан мал барбы?
Чачылып калган мүлк барбы.
Малымды чачпайм бекерге
Ошо Манас кайран эр
Эчен эрди өлтүрүп,
Күнкөр кылып салыптыр.
Дүнүйөкор Жакыптын,

Манастан көөнү калыптыр [106, 30-31-бб.].

«Манас» эпосунда Жакып, негизинен, малга кароо, битир адам катары сүрөттөлөт. «Тели куш таптап куш кылган, тентиген элди журт кылган» уулум дебейм Манасты» деп да Жакыптын наалыганында негиз бар. Манастын кырк чоросу – ар бири өзүнчө уруунун өкүлү. Аларга Манас тон кийгизип, ат мингизип, аял алып берип, мал бөлүп берип, камкордугун көрсөтөт. Манастын айкөлдүгүн Жакып тескери түшүнүп, малымдын баарын чачып жоготту деп уулуна наараزы болгон учурлары арбын.

Бул вариантта Каныкейдин атасы Каракан акылман, даанышман, адилет кан болуп мүнөздөлөт. Каракан кудалардын сансыз калың малына кызыкпаган, Жакыптай дүнүйөкор эмес:

Айдап калың мал жебейм,

Мен кызымды бар дебейм,

Куда болуп калың жебейм.

Кулдук уруп той жебейм [106,29-б].

Уруулук-патриархалдык доордун салтында, шартында бу сейрек учураган көрүнүш экендиги ырас.

С.Орозбаковдун вариантында Темиркан, тескерисинче, ыксыз көп калың сурап, Жакыпты сасыган байсың, мен канмын, менин кызым канга ылайыктуу деп теңине албай, бирок Манастын кабарын угуп, чочулап, көп мал, арбын дүйнө калың алып, кызын бергени маалым.

М.Чокморовдо Каракан малга, дүнүйөгө кызыгып, кызы Каныкейди анын эркинен тышкары күчкө салып күйөөгө бергиси келбейт:

Куда болуп, калың жеп,

Беремин деп айта албайм,

Мен баланын десин кайтарбайм.

Баламдын өзүнөн кабар алгыла,

Мен кызымды күчкө сала албайм,

Мен арага киши сала албайм.

Мен баламдан кабар ала албайм [106, 29-30-бб.].

Каныкейдин атасы Каракандын жуучуларга ачык, кескин маанайда айткан «Куда болуп, калың жеп, кызымды беремин деп айта албайм» дегени Каракандын малга, дүйнөгө, байлыкка кызыкпаган адам экендигин ачык көрсөтүп турат. Көчмөн элдин турмушунда, уруулук-патриархалдык доордун шартына туура келбеген, элдин турмушунда калың алуу салты бекем, бузулбас мыйзамга айланган көрүнүштөн баш тартуу, мындай караганда, жасалма, кокустук көрүнүш катары таасир калтырышы мүмкүн. Экинчиден, Каракандын «мен кызымды күчкө сала албайм» дегени да ошол мезгил үчүн күтүлбөгөн, элдин аң-сезимине бекем, терең орноп калган салттын бузулганындай түшүнүктү жаратып жатат. Бул көрүнүш башка манасчыларда жолукпайт. Ырас, негизинен, М.Чокморов да Каракан элдик салтты бузбай, калың алып, кызын бергенге макул болот. Бирок кызы Каныкей өз ыктыяры менен Манасты жактырып, шаан-шөкөтсүз эле, баатырды ээрчип кетет. Бул жерде М.Чокморов эркин сүйүү темасын бир кыйла күчөткөнүнө күбө болобуз. Демек, аталган жагдайды М.Чокморовдун вариантындагы маанилүү өзгөчөлүк катары оң баалоого болот. М.Чокморовдун «Манас» эпосунун жалпыга белгилүү салттык белгилерин, элементтерин бекем сактоо менен бирге, өзүнүн жеке түшүнүктөрүн, көз карашын, баа-ченемин билдирип, айрым бир сюжеттик өзгөчөлүктөрдү эпоско киргизген жагын баса белгилөөгө болот. Мындай сюжеттик өзгөчөлүктөрдү М.Чокморовдун кемчилиги катары баалабай, айтуучунун ар бир салттык сюжетке чыгармачылык менен мамиле жасап, эпостун мазмунун жаңы окуялар менен байытып, көркөмдүгүн арттырып, элдин асыл оюн, бийик тилегин билдиргенге умтулуусу катары оң баалоо керек.

М.Чокморовдун вариантында Каныкейдин эжеси Ак Эркечтин, Кошой, Бакай өңдүү акылмандардын да эпизоддук мүнөздөгү образдарын киргизген. Алсак, Ак Эркечти өзгөчө сүйкүмдүү, акылдуу аял катары мүнөздөйт:

Казактардын кан Көкчө

Зайыбы жандан бир башка,

Калемдей кашы чийилип,

Бул өңдөнгөн ургаачы

Табылып берер бекен деп,

Кара кандын Ак Эркеч

Алты кыздын туну эле [106,18-б.].

Ал эми Бакай, Кошойлор да баатырдын кеңешчи, акыл кошчулары, адилет, көсөм аксакалдар катары симпатия менен сүрөттөлөт. Бул бөлүмдө Бакайга караганда Кошойго бөтөнчө көңүл буруп, аны эл башкарган, журт аксакалы, акылман, даанышман, көрөгөч катары, Манаска оң жол көрсөткөн акылман карыя катары, эл оор абалда калып, каардуу, күчтүү душман кол салса, бөрү этектен, жоо жакадан алганда, Манас баатыр канын нөөкөргө куюп, башын канжыгага байлап, «эл четине, жоо бетине» жанын аябай, коркпой чыгарын айтып, Манастын эл-жерин коргогон баатыр экендигин, каардуу, көп сандуу душманга каршы чыгаарын алдына ала көрөгөчтүк кылып айтат, адилет сөзүн айтып элге кайрылат:

Эртең капыр камап келбейби,

Ордодогу үйдү алат,

Жайыттагы малды алат

Катын, бала чыркырап,

Карылар ыйлап буркурап,

Башын алат кылычтап,

Айдаган койдой кетирет.

Ошондо Манас ат минет,

Ошондо Манас шер болот...

Ушул элдин ичинде

Такылдаган чечен бар

Көп жашаган кары бар,

Көптү көргөн дагы бар.

Айдап малды алгыла

Букардын каны Каракан

Касиеттүү деп угам

Куда болуп баргыла [106, 19-20-бб.].

Манас үйлөнгөндө Кошой өзү да мал берип, куда башы болуп барат.

М.Чокморовдун варианты, негизинен, салттуу сюжетти сактоо жагынан С.Каралаевдин вариантына көп окшош, жакын экени байкалат. Бирок стили жагынан такыр башка, окуялардын системалуу өнүгүшү Саякбайдыкындай ырааттуу эмес. Айрым сюжеттик мотивдери Сагымбайдын вариантына да жакындап, окшоп кеткен жайы бар. Мисалы, куда түшүү М.Чокморовдо мындай баяндалат.

Ырыстуунун астына,

Жуучу келет дечү эле.

Ырысы жоктун астына,

Доочу келет дечү эле [106, 36-б.].

Мисал дээрлик С.Орозбаковдун айтуусуна сөзмө-сөз окшош деп айтсак болот:

Мурункулар кеп айткан,

Буюрган сөзүн көп айкан:

Ырысы жокко доочу деп,

Ырас болоор ушу кеп,

Ырыстууга жуучу деп

Ырысы качкан кай бирөө

Келсе жуучу куучу деп [70, 371-б.].

Бул жерде М.Чокморов Сагымбайды туураган деп айтууга болбойт. Айрым ыр саптары көркөм, элдик макалдарга жакын болгондуктан, алар сөзмө-сөз ар кайсы варианттарда учурай бере турганы – табийгый көрүнүш.

Ошентип, манасчы М.Чокморовдун вариантында Манастын Каныкейге үйлөнүшү, негизинен, салттык сюжет бекем сакталгандыгы ачык көрүнүп турат. Ырас, манасчы М.Чокморовдун көз карашы, ишеними эпоско өзүнүн таасирин тийгизгенин жогоруда эскертип кеткен элек. Бирок ошого карабастан, М.Чокморов белгилүү манасчы катары «Манас» эпосунун салттык-сюжеттин чыгармачылык менен өздөштүрүп, өзүнүн окуяларга бай, бир кыйла көлөмдүү оригиналдуу вариантын жараткан. М.Чокморовдун айтуусундагы «Манастын Каныкейге үйлөнүшү» – өзүнчө илимий иликтөөнүн объектиси боло турган олуттуу маселе. Ырас, бул изилдөөбүздө «Манас» эпосунун олуттуу, өзөк окуяларынын бири болгон аталган бөлүккө биз жалпы мүнөздө кыскача анализ берүүгө аракет кылдык.

## 2.2. Алмамбеттин эпикалык өмүр жолу

«Манас» эпосунда чыгарманын өзөгүн түзгөн окуя бул Манастын эпикалык биографиясы экени белгилүү. Манас баатырдын образы – «Манас» эпосунда көп баскычтуу, өнүгүү деңгээлинен, жетилүү процессинен өткөн, көп кырлуу монументалдуу образ. Манастын образында байыркы архаикалык эпосторго мүнөздүү белгилер менен кошо кийинки эле реалдуу, тарыхый доордун өзгөчөлүктөрү да камтылган. Окумуштуу Э.Абдылдаев Манас баатырдын образынын олуттуу өзгөчөлүктөрү жөнүндө өзүнүн оюн төмөнкүчө билдирет: «Эпостун магистралдык идеясын туюндуруучу борбордук каарман катарында Манастын образы эпикалык өнүгүүнүн бардык этаптарында, тарыхтын бардык кырдаалдарындагы катмарларды камтыган татаал образ болуп эсептелет» [3, 51-б.].

Эпосто Манастыкындай эле татаал образ, эпикалык биография Алмамбетке да таандык. Буга байланыштуу, «Манас» эпосунун сюжеттик курулушундагы жеке сюжетке ээ болгон өзгөчө көлөмдүү окуялардын бири – бул «Алмамбеттин жомогу» же “Алмамбеттин арманы” деп да айтылган окуя. Алмамбет баатыр «Манас» эпосунун бай образдар системасында

катардагы эпизоддук каармандын бири эмес, чечүүчү көркөм милдет аткарган образдардын катарында турат.

Алмамбеттин образы – Манас баатырдын образындай эле архаикалык эпостун белгилерин, элементтерин өз ичине камтып, кийинки тарыхый доордун өзгөчөлүктөрүн да тулку боюна сиңирген көп жактуу, өнүгүү процессинде стадиялуу баскычтарды басып өткөн монументалдуу, классикалык типтүү образ катары мүнөздөлөт.

Алмамбеттин трагедиялуу тагдыры дээрлик бардык манасчылардын варианттарында өзүнчө сюжет болуп айтылышын, Алмамбеттин образынын эпостун сюжеттик тутумунда алган өзгөчө ордун окумуштуу Р.Сарыпбеков мындай түшүндүрөт: «Манас» эпосунда «Алмамбеттин окуясынын» популярдуу болушу эң алды менен каармандын трагедиялуу тагдырына байланышкан окуяларынын кызыктуулугу жана Алмамбеттин кайрат күчү жагынан башкы каарман Манастан кем эмес, ал тургай айрым сапаты жагынан андан ашып турган каарман катары элдин зор сүймөнчүлүгүнө ээ» [93, 6-б.].

Анын эпикалык биографиясы кереметтүү төрөлүшү, бийлик ээси- кан болушу, Коңурбай менен каршылашуусу, «атасы Азизканды жай кылып, алтын тагын май кылып» Көкчөгө келиши, андан Манаска келип, орун-очок алып, үйлөнүшү, Чоң казатта өлүшү сыяктуу окуяларда берилген. Демек, «Манас» эпосунда Манас баатыр сыяктуу эле Алмамбет баатырдын эпикалык биографиясы толук, кеңири, көркөм баяндалат.

М.Ауэзов өзүнүн «Манас» - кыргыз элинин баатырдык поэмасы» аттуу эмгегинде Алмамбеттин образына өзгөчө көңүл буруп, Алмамбет «Манас» эпосунун сюжеттик курулушунда Манастай эле олуттуу орунга ээ экендигин баса белгилейт: «Борбордук орунду Манас менен бирге бөлүшө алган жалгыз образ» - дейт да, оюн андан ары улантып, Манас менен Алмамбеттин образдарындагы окшоштуктар тууралуу: «Эпизод “Прибытия Алмамбета” в своей биографической части сходен с аналогичными темами

биографии Манаса и отличается от них в деталях» деген обьективдүү илимий пикирин билдирген [16, 50 –б.].

Белгилүү окумуштуу – манастаануучу Р.Сарыпбеков да өзүнүн «Алмамбеттин образынын эволюциялык өнүгүшү» аттуу илимий монографиясында Алмамбеттин образына өзгөчө маани берип, анын мүнөздүү өзгөчөлүктөрү жөнүндө мындайча баалуу пикирин билдирет: «Эпостогу негизги оң каармандардын монументалдуу образдарынын ичинен анын образы өзүнүн көп кырдуулугу менен акыл жана күч кайраты, аярлык жана аскер өнөр билимин бирге ала жүрүшү менен айрыкча орунда турат» [93, 170-б.]. Алмамбет – ашкан гана баатыр болбостон, ал – согуштун стратегиясын, тактикасын мыкты өздөштүргөн айлакер, таланттуу кол башчы. Ошондой эле Алмамбетке таандык дагы бир өзгөчө өнөр – жайчылык кесиби. Алмамбет жаратылыштын сырын билген гана өзгөчө баатыр болбостон, согуштун стратегиясын, тактикасын мыкты билген өзгөчө сапатка ээ болгон, башка баатырлардан ушул жагы менен айырмаланган каарман. Академик М. Ауэзов да Алмамбеттин көп кырдуу баатырдык сапаттарын жогору баалап: «Но Алмамбет не только владеет тайными знаниями, он в то же время смелый, предприимчивый глава войска, храбрый богатырь» [16, 38-б.].

«Манас» эпосунда Алмамбет баатырдын образынын алган өзгөчө олуттуу ордун окумуштуулар адилеттүү белгилеп келүүдө. Ал эми ошол окумуштуулардын ичинен Р.Сарыпбеков өзгөчөлөп, жогоруда аталган илимий монографиясында «Манас» эпосунун образдык системасында маанилүү орунга ээ болгон, момументалдуу, типтүү, татаал образдын бири Алмамбет баатырдын образынын эволюциялык өнүгүп-өсүшүн иликтөөдө тарыхый-салыштыруу методун чыгармачылык менен колдонгон. Автор Алмамбеттин байыркы мифтик-фантастикалык эпостун каарманынан тартып, тарыхый баатырдык эпостун эпикалык каарманына чейинки көп баскычтуу, көп стадиялуу эпикалык өмүр жолун кеңири илимий негизде

системалуу анализге алган. Биздин оюубузча, Р.Сарыпбеков «Манас» эпосунун идеялык-мазмунун аныктоодо Алмамбеттин образынын алган ордун илимий жагынан негиздүү, далилдүү көрсөтөт.

Ошол эле Р.Сарыпбековдун пикиринде Алмамбеттин эпикалык биографиясындагы негизги өзөк окуяларын алгач учурда элдин «мифтик-фантастикалык ишенимдери, көз караштары, түшүнүктөрү» түзгөн. Мисалы, чоң казатка аттанганда Алмамбеттин кол башчы болуп шайланышы тууралуу сюжеттик мотив – дүйнөлүк эпосто кеңири учураган салттуу көрүнүш. Байыркы гректердин баатырдык эпосу «Илиадада» кол башчы кылып Агамемнонду шайлайт. Ал эми «Манас» эпосунун айрым варианттарындагы «мусулман динине ылайыкташкан айрым мотивдердин орун алышы», мурунку окуялардын үстүнө түшкөн чаң деп каралат. Бул өтө туура пикир. Бул пикирди ырастап, академик В.М.Жирмунский: «Алмамбет, первый из богатырей Манаса в его названный брат, китайский царевич, отрекшийся от язычество ради «истинной веры», проводник Манаса его походе на Бейджин, имеет наиболее сложную и законченную биографию» – дейт [35, 130-б.].

Алмамбеттин окуясына дээрлик бардык манасчылар кайрылган. В.В.Радлов жазып алган вариантта да Алмамбеттин окуясы бар экенин айта кетүүгө болот. «Алмамбеттин арманы же Алмамбеттин окуясы» дээрлик баардык манасчыларда өзүнчө кеңири жеке сюжетке ээ, окуяларга бай, көркөмдүгү бийик, маанилүү, кызыктуу окуя катары өзгөчө жугумдуулук менен бийик көркөмдүктө сүрөттөлөт. Айрыкча, көлдүк манасчылар Чоюке, Саякбай, Мамбет Алмамбеттин окуясын бөтөнчө муңдуу, кайгылуу маанайда баяндашканы бизге маалым.

Алмамбеттин классикалык трагедиялык образын жараткан – бул С.Каралаев. С.Каралаев устаты чоң манасчы Чоюкедей «Алмамбеттин» образын өзгөчө таасирдүү көркөм сүрөттөп, Алмамбеттин трагедиялуу образын бийик көркөм деңгээлге жеткирген. Бул тууралуу окумуштуу

К.Рахматуллин: «Сличение вариантов показывает, что история Алмамбета в описаний Саякбая богаче событиями и красочнее, чем у Сагымбая. Кроме того, переход Алмамбета к Манасу Саякбай объясняет не только религиозными мотивами, как делает это Сагымбай, но и политическим конфликтом – с сорой с китайскими ханами» - дейт [89, 127-бет]. Бул пикир да негиздүү. Саякбайдын Алмамбеттин окуясын баяндоодо байкалган, башкалардан айырмаланган өзгөчөлүгү жөнүндө Р.Сарыпбеков: «Сюжеттик линия, негизинен, бардык варианттарда бирдей сакталганы менен, окуянын өнүгүшү, каармандын иш-аракетинин талкуруга алынышы – мотировкаланышы ар биринде өзүнчөлүккө ээ» [93, 5-б.].

Алмамбеттин эпикалык өмүр жолу тууралуу салттуу сюжеттик окуяны М.Чокморов да бекем сактап, өзүнчө кеңири сюжеттүү, окуяларга бай баянга айландырган. Бул вариант боюнча, Алмамбеттин атасы Азизкан улгайганча бала көрбөй жүрүп балалуу болот. Баласыздык мотиви түрк-монгол элдеринин баатырдык эпосторунда кеңири учурап, бекем салтка айланган көрүнүш экендиги белгилүү.

М.Чокморовдо болочок баатырдын төрөлүшү көп жагынан улуу манасчы С.Каралаевдин вариантына жакын, окшош деп айтсак болот. Бирок жалпы салттуу сюжеттик мотивдер окшош, жакын болгону менен, эки манасчынын баяндоо стили, көркөм сүрөттөө жагынан айырмачылыктары бар.

Манастын кереметтүү төрөлүшү бир катар сюжеттик салттуу мотивдер менен кандай шартталса, Алмамбеттин кереметтүү төрөлүшү да дээрлик бардык варианттарда ошондой салттуу сюжеттик мотивдер менен коштолгонуна күбө болобуз. С.Каралаевдин вариантында Алмамбет нурдан бүтөт:

Энекем алтындан торко кийчү экен
Балалуу болуп өлсөм деп
Ошону тилеп жүрчү экен.

Нурдун кызы ушул деп
Ошол келген дубана
Нурдун уулу ушул деп
Түнүндө нике кыйыптыр [73, -бет].

М.Чокморовдун вариантында да Алмамбеттин энесинин боюна нурдан бүтөт. Мындай кереметтүү бойго бүтүү – дүйнөлүк эпосто да кеңири тараган салттуу мотив. Белгилүү окумуштуу В.Я. Пропп өзүнүн «Мотив чудесного рождения» аттуу илимий макаласында кереметтүү төрөлүштүн көптөгөн түрлөрүн, мотивдерин кеңири анализге алган. Алмадан, же башка жер жемиштин түрлөрүнөн, сөздүн магиялык күчүнөн, батадан, нурдан ж.б бойго бүтөрүн конкреттүү мисалдар менен берген. Бул сыяктуу кереметтүү салттуу мотивдердин жаралышын манастаануучу Р.Сарыпбеков мындай түшүндүрөт: «Эпикалык каарман Алмамбеттин керемет менен бойго бүтүшү жөнүндөгү мотив алгачкы учурда кыргыз элинин байыркы мифтик-фантастикалык ишенимдеринин, көз караштарынын топурагында жаралган» [93, 25-б.].

Ал эми Сагымбайдын варианты боюнча Манастын төрөлүшү улгайган ата-энесинен кудайга жалынып, уулдуу болушу менен түшүндүрүлөт. Бул алгачкы сюжеттик мотивдин кийин өзгөргөнүн ырастайт. Белгилүү советтик окумуштуу, академик В.М.Жирмунский өзүнүн «Введение в изучение эпоса «Манас» аттуу эмгегинде минтип жазган: «Рассказ о рождении и детстве Манаса слагается из ряда традиционных мотивов, широко распространенных в мировом эпосе и сказочном фольклоре. Герой рождается чудесным образом по молитве престарелых родителей, терпящих стыд и поношение за свое бесплодие». [35, 98-б.].

Болочок баатыр төрөлөрдүн алдында анын ата-энеси кереметтүү түш көрүшөт. Манас баатырдын, ошондой эле Алмамбеттин кереметтүү төрөлүшүн шарттаган салттуу сюжеттик мотивдер эпосто көркөм идеализациянын милдетин аткарат. В.М.Жирмунскийдин ою боюнча:

«Чудесные сны родителей предвещают рождение героя. Вкушение матерью во сне чудесного яблока представляет смягченную форму широко распространенного мотива чудесного зачатия от вкушения какого-нибудь плода, чаще всего именно яблока, которое подносит бездетной матери ее божественный покровитель или от лучей солнца, от глотка воды из священного источника, от запаха цветка и т.п. По своему происхождению подобные древние сказания связаны с первобытными представлениями о партеногенезисе» (т.е. девственном зачатии) восходящими к эпохе материнского рода. В более позднее время эти фольклорные мотивы остаются в эпосе и сказке как традиционный элемент чудесного в биографии героя» [35, 99-б.].

Бул пикирге таянсак, энелик доордун (матриархат) олутуу өзгөчөлүктөрү, эненин коомдо алган орду, бийик укугу, балага карата болгон чечүүчү ролу көптөгөн элдердин баатырдык эпосторунда, жомокторунда, аңыз-уламыш сөздөрүндө көркөм чагылдырылгандыгын жокко чыгаруу мүмкүн эмес. Тагыраак айтканда, азыркы биздин түшүнүгүбүздө баланын атасы аткарган ролду анын энеси аткарган. Баланын ата-теги энеси жактан айтылып, энеге башкы роль берилген. Патриархаттык түзүлүштүн келиши менен коомдо олуттуу өзгөрүүлөр жаралып, атанын ролу биринчи планга чыкканы менен, энелик доордун көз карашы, түшүнүктөрү көпкө чейин сактала берген. Илимде адилет белгиленгендей, аталык доордо энелик доордун кереметтүү белгилерин жеришкен эмес. Ал культ бийлик башындагылардын баркын бийик көтөрүү үчүн зарыл фактор болгон.

Демек, болочок баатырдын нурдан төрөлүшү энелик доорго таандык. Академик В.М.Жирмунский адилет белгилегендей, байыркы мотив кийин мусулман дининин таасиринде өзгөргөн. Нур болуп кубулуп келген жаш жигиттен бойго бүтүшү көптөгөн эпостордо, жомоктордо ал тургай кийинки тарыхый уламыштарда кеңири учурайт. М.Чокморовдун вариантында

Алмамбеттин энеси Айымкан нурдан боюна бүткөндөн үч ай өткөндө Азизханга келет. Нур болуп кубулган жаш жигит акырындап алгачкы түрүн өзгөртөт. М.Чокморовдун вариантында мындай айтылат:

Энекеси Айымкан,
Азизканга барганда,
Азизкан аял кылып алганда,
Күндүзкүсүн жанында,
Күлүп, ойноп каткырчу.
Түнүчүнкүсүн болгондо
Азизхандын койнуна,
Өзү эмес, карамышык жаткырды [107, 1-б.].

Мындай сюжеттик мотив «Семетей» эпосунда да бар. Айчүрөк Кыяздын койнуна башка аялды жаткырат. М.Чокморовдун вариантында Алмамбеттин кереметтүү төрөлүшүн шарттаган мотивде мусулман дининин таасири ачык эле байкалат.

Айымкан түш көрөт,
Бейлинде жакшы иш көрөт .
Түшүндө кабар кеп угат,
Жебирейил periште.
Ишарат кылат деп угат
Эми шартын байкаса
Бейлин кудай салыптыр
Бир күнү боюна болуп калыптыр [107, 1-б.].Ошентип, байыркы мифтик-фантастикалык мотив доордун өзгөрүшү менен диндик мотивге айланганына күбө болобуз. Бирок диний мотивдер, катмарлар «Манас» эпосуна кийин пайда болгондугу жөнүндө окумуштуулар адилеттүү баса белгилеп келишүүдө. Диний мотивдер, катмарлар эпостун идеялык-мазмуна терең таасир этпеген, үстүртөн айтылган көрүнүш экендигин В.М.Жирмунский баса белгилеп, өзүнүн оюн төмөнкүчө

билдирет: «Наиболее поздними и поверхностными являются в «Манасе» наслоения мусульманские» [35, 158-б.]. Биз да мындай пикирге толук кошулабыз.

Окумуштуу Р.Сарыпбеков болочок баатырдын кереметтүү төрөлүшүн ай менен да байланыштырат. Бир катар элдердин, анын ичинде кыргыздардын элдик чыгармаларында «ай» жаш жигиттин образы катары берилет, чоң айдын культу кенен баяндалат. А.Сарыпбеков баатырдын энесинин боюна бүтүү мотиви боюнча мындай жыйынтык чыгарат. «Ошентип, эпикалык каарман Алмамбеттин керемет менен бойго бүтүшү жөнүндөгү мотив алгачкы учурда кыргыз элинин байыркы мифтик-фантастикалык ишенимдеринин, көз караштарынын топурагында жаралган, башкача айтканда, өзүнүн алгачкы башатын кыргыздардын түпкү ата-бабаларынын матриархаттык доордогу айдын культуна карата болгон мифтик түшүнүгүнөн, ишениминен алганда, ага кийинчерээк мусулман дининин түсү кире баштаган. Болочок баатырдын керемет менен бойго бүтүшү «…окуянын андан аркы өнүгүшүнө каармандардын ортосундагы конфликттердин чыгышына түздөн түз байланыштуу болушу менен кызыктуу» – дейт, окумуштуу Р.Сарыпбеков [93, 25-б.].

Кыскасы, «Алмамбеттин кереметтүү бойго бүтүшүнүн алгачкы тамыры элдик мифтердин негизинде пайда болгон» – деген Р.Сарыпбековдун пикиринин негизи бар деген ойдобуз. Ал эми кийин мусулман динине чалдыкканын эпостун мазмуну, анда орун алган көптөгөн олуттуу көрүнүштөр тастыктап, далилдеп турат.

Болочок баатырдын кереметтүү төрөлүшү да дүйнөлүк фольклордо кенири учурап, бекем салтка айланган мотив экени, кереметтүү төрөлүштү шарттаган салттуу сюжеттик мотивдер түрк-монгол элдеринин баатырдык эпосторунда кеңири, учураганы белгилүү. Өз убагында В.В.Радлов белгилегендей, Алмамбет менен Манастын кереметтүү төрөлүшүндө

жомоктун элементтери да бар, мисалы, Алмамбет төрөлгөндө энеси кырк күн толгоо тартат. С.Каралаевде:

Курсактан мен түшкөндө,
Каканчындын Бээжинге,
Жетимиш күнү күн жаап,
Жер титиреп кетиптир [67, -бет] – деп гиперболалык маанайда апыртылып сүрөттөлөт. Алмамбет төрөлүп жатканда жаратылыштын ушундай эле кескин өзгөрүүсү В.Радлов жазып алган вариантта жана С.Орозбаковдун вариантында да учурайт.

Алмамбеттин кереметтүү төрөлүшүн шарттаган дагы бир салттуу сюжеттик мотивке көнүл бөлсөк, М.Чокморовдун вариантында Алмамбеттин энеси төрөй албай көпкө кыйналып, чынардын түбүнө барып төрөйт. Чынардын культу башка эпостордо, башка элдердин эпикалык мурастарында да айтылат. Ошол эле С.Каралаевдин «Семетей» эпосунда Каныкей Таластан качып Букарга барган жолдо мурун гүлдөп турган Кең-Көлчүк соолуп, чынар бак куурап калганын көрөт.

Көлчүгү соолуп какшыптыр,
Тегереги чынар бак,
Такыр гана куурап калыптыр [67, 62-б.] – деп, сүрөттөлөт. Ошондо Чыйырдынын Каныкейге айтып турган сөзү:

Көлчүгүң соолуп калганы,
Көк жалың Манас өлгөнү.
Чынарың куурап калганы,
Тайган иттей желгениң,
Азапты тартып Каныкей,
Таластан тентип келгенин [67, 63-б.].

Демек, чынар теректин гүлдөп турушу, куурап калышы – жакшылык менен жаманчылыктын белгиси, теректин культу ачык көрсөтүлүп турат. Жаратылыш менен адамдын ажырагыс органикалык биримдиги, кубанычы,

кайгы-капаны бирге бөлүшү «Манас» эпосунда ар кандай шартта сүрөттөлөт.

Окумуштуу Р.Сарыпбеков адилет белгилегендей, Алмамбеттин кытайдан качып мусулман болуусунун себептери анын кереметтүү төрөлүшүндө эмес. С.Каралаев менен М.Чокморовдун варианттарында Алмамбет – элдин асыл идеалын билдирген, адилет үчүн күрөшкөн баатыр. Р.Сарыпбеков Алмамбет баатырдын өз жерин таштап Манаска келишин мындай түшүндүрөт: «Алмамбеттин адил, ак ниет, калыс башкаруучу катары элдин калың массасынын таламын талашып, аларды бийлеген адилетсиз жогорку төбөлдөрдөн коргоп чыгуусу, анын кытай жеринен кетишинин негизги себептеринин бири катары каралат» [93, 175-б.].

«Манас» эпосунун көпчүлүк варианттарында Алмамбет төрөлгөндө эле мусулман болуп төрөлөт. Ал башка диндеги элдин арасында жашагысы келбегенин ачык эле айтат. М.Чокморовдун вариантында Алмамбет төрөлө электе эле аны жок кылуу аракеттери башталат. Мында негизги мотив – өзгөчө карама-каршылык туудурган мусулман дининин таасири десек болот. Бул кийинки мотив М.Чокморовдун вариантында бир кыйла басымдуу сүрөттөлүп, башкача таасир калтырат. Бул мотив боюнча окумуштуу Р.З.Кыдырбаеванын мындай пикири бар: «Подобные строки несколько усложняют сюжет эпоса попытки принесения религиозных мотивов, обязанности, идейных канонов затушевывают временами в варианте Чокморова сугубо народные богатырские традиции, характерные для всего сюжета эпоса» [52, 21-б.].

Башка варианттарда Алмамбет төрөлгөндө эле «даңзага аты чийилип, Бээжинге аты билинет». С.Каралаев менен М.Чокморовдун варианттарында Алмамбет туула электе эле Бээжин менен Какандын Пичке менен даңзага Алмамбет болуп чийилди» деп, анын келечекте Кытайга бүлүк салаары айтылат. Болочок баатырдын келечегин билүү «Манас» эпосунда гана учураган көрүнүш эмес. Ал – түрк-монгол элдеринин фольклорунда арбын

учураган салттуу көрүнүш. Мындай баёо түшүнүк байыркы доордун адамдарына мүнөздүү болгондугу белгилүү.

М.Чокморовдун вариантынан мисал алсак:

Ошо аман жүрүп чоңойсо,
Акун менен Бээжинге,
Чыны чырды сала турган бала деп [107, 10-б.].

Ошондуктан Коңурбай баштаган бээжиндин хандары баланы өлтүрүүнүн жолун издешет:

Узартпай ушул баланы,
Биз тындырып салалы [107, 10-б.] - деп Алмамбет төрөлгөндөн баштап эле кытайлар аны өлтүрүү жолун издешип, орго салып өлтүргөнгө да аракет кылышат. Бирок периштелер колдоп, ал аман калат. Ошентип, Алмамбеттин образында байыркы мезгилдин көз карашы, түшүнүгү кеңири орун алуу менен бирге, ислам дининин таасири да орун алганын жокко чыгарууга болбойт.

Алмамбеттин атасынын бала төрөлгөндө шектенүүсү, тактап айтканда, менин баламбы же башканыкыбы деши, ата баланын кармашы – көптөгөн элдердин фольклордук чыгармаларында кеңири учураган мотив. Р.Сарыпбековдун пикиринде: «Алмамбеттин образынын айланасына топтолгон сюжеттердин эң байыркыларынын бири энелик доордон аталык доорго өтүү мезгилиндеги социалдык конфликттин натыйжасында пайда болгон. …ата менен законсуз туулган баланын ортосунда конфликт чыккан. Ата менен баланын салгылашы деген тема менен илим дүйнөсүндө маалым» [93, 172-б.].

Кереметтүү бойго бүтүү жөнүндөгү сюжеттик мотивдин жаралышын, ата-менен баланын кармашын В.Я. Пропп матриархат менен патриархат доорлорунун өзгөчөлүктөрүнөн көрүп «Мотив чудесного рождения» аттуу илимий макаласында «...в возможность зачатия без участия мужчин некогда

широко верили. Создательницей рода считалась только женщина» - дейт [102, 206-б.].

«Семетей» эпосунда Сейтектин төрөлүшү, ага карата Кыяздын шектенүүсү, Айчүрөктүн баланы тогуз айдан көп көтөрүп төрөшү – буга ачык мисал болот. Ырас, доордун өзгөрүүсү менен көз караш, ишеним, мамиле да өзгөрүп, жаңы маани-мазмунга ээ болоору да мыйзам ченемдүү көрүнүш.

«Манас» эпосунда ата-баланын келишпес кармашы Манас менен Жакыптын, Семетей менен Жакыптын, Сейтек менен Кыяздын, Азизкан менен Алмамбеттин образдары аркылуу берилген. Кийинчерээк бул конфликт бир аз өзгөргөн маани «Курманбек» эпосунда Тейитбек менен Курманбектин образында сакталган. Бул сюжеттик мотивди окумуштуулар матриархат доорунун патриархат дооруна өтүшү менен байланыштырышат.

Түрк-монгол элдеринин эпосторунда болочок баатырдын тентек болушу – кенири учураган, бекем салтка айланган сюжеттик мотив. Мисалы, «Манас» эпосунда Манас өтө тентек болуп, атасы Жакып «бала эмес эле балээни көргөн экенмин» - дейт. Ушул сыяктуу эле Алмамбет да кичинесинен тентек өскөнү баяндалат. М.Чокморовдун вариантында да Алмамбет тентек болуп өсөт. Академик В.М.Жирмунский адилеттүү белгилегендей, Манастын эпикалык биографиясы сыяктуу Алмамбеттин образында да жомоктун элементтери кездешет. Алмамбеттин атасы уулунун тентектигин койдурам, жакшы билим берем деп, жер алдынан окутмак болот.

Алмамбет жер астынан чыкканда,
Суунун тилин билиптир.
Смиуу үстүндө калкыган,
Куунун тилин билиптир.
Ааламда баары жашаган,

Жердин тилин билиптир [107, 20-21-бб.] Ажыдаардын окуусуна «Жетимиш бала бир барып, жети бала гана аман» келет.

Алмамбеттин ажыдаардан окушу «Манас» эпосуна кокустан эле кирип калган сюжеттик мотив эмес. Дүйнө элдеринин фольклорунда ажыдаар (жылаан), желмогуздар менен болгон күрөш – өтө кеңири учураган салттуу мотив. Демек, ажыдаар – классикалык фольклордук каарман. Адамдын каардуу душманы, дүйнөнүн сырдуу жана коркунучтуу өкүлү. Ал – мифтик персонаж. Ырас, доордун өзгөрүшү менен ажыдааар олуттуу жаңы касиеттерге, белгилерге ээ болот. Тактап айтканда, тарыхый реалдуу душманга айланат. Кыргыз эл жомокторунда, өзгөчө, «Эр Төштүк» эпосунда ажыдаар өзүнүн алгачкы байыркы архаикалык касиетин сактап калганын кезиктиребиз. «Манас» эпосунда байыркы архаикалык эпостун көптөгөн белгилери, элементтери арбын экендиги белгилүү. Ал архаикалык эпоско мүнөздүү болгон сюжеттик мотивдер доордун өзгөрүшү менен олуттуу өзгөрүүлөргө кабылары – табигый көрүнүш. Булар тууралуу белгилүү окумуштуу Б.Н.Путилов өзүнүн оюн төмөнкүчө билдирет: «Одна из важнейших задач науки состоит в том, чтобы обнаружить, как на почве определенной действительности – социальных отношений, этногрфических институтов, исторических событий, системы представлений – закономерно рождается определенное фольклорное явление – жанр, сюжет, образ. Фольклор – это всегда трансформация – сложная, подчас многоступенчатая – какого-либо аспекта действительности» [102, 9-б.].

«Манас» эпосу изилдөөгө алынган эмгектерде Алмамбет деген ысымды түздөн-түз эле ислам дини менен байланыштырган фактылар да бар. Ал эми окумуштуу Р.Сарыпбеков далилдүү аргументтердин негизинде Алмамбет деген аттын «айлакер», «аяр», «жадыкөй» деген мааниде экендигин түшүндүрүүгө аракет жасаган. Алмамбеттин жайчылык өнөрүн, ажыдаардан окуганын негиз кылып алат. «Манас» эпосунда жалгыз

Алмамбетке мүнөздүү жайчылык касиет, баатырларды кыйын, татаал абалдан көп учурда куткарат.

Арстан Алмаң көк жалың
Алды ташты колуна
Асмандан мөндүр төгүлүп
Жайдын күнү кыш болуп
Таталаган көп кытай
Кара чокту калмактар
Качаарына жер таппай
Чоң бүлүктү салганы [107,117-б-бет.]

Жогоруда биз белгилегендей, Манастын башкы чоролорунун ичинен Манас баатырдай же өзгөчө эпикалык биографиясы бар, кеңири сюжет болуп баяндалган, ашкан баатырдын бири – Алмамбет. Манасчылардан өзгөчө бөлүнүп, Саякбай Каралаев «Алмамбеттин жомогун» өтө көркөм, ар бир деталына чейин кеңири баяндоого алып, муңдуу, кайгылуу мүнөздө баяндайт да, Алмамбеттин трагедиялуу, монументалдуу образын жаратат.

С.Каралаев сыяктуу эле М.Чокморов да Алмамбеттин татаал жана өзүнчө бүткөн оригиналдуу эпикалык биографиясын жараткан. Алмамбет эпикалык жомок каарманы болуп сүрөттөлөт. В.М.Жирмунскийдин мындай пикиринде: «Киргизский эпос более глубоко и реалистически раскрывает трагические противоречия, заключаюшиеся в образе Алмамбета»- делет. [36, 90-б.]. Ал эми Алмамбеттин образынын эволюциялык өнүгүшүн кеңири ар тараптан, толук иликтеген окумуштуу Р.Сарыпбеков төмөнкүдөй жыйынтык чыгарат. «Алмамбеттин образы эпостун архаикалык стадияларында, мифтик-фантастикалык элементтерди камтыган баатырдык жомоктун тушунда пайда болсо да, өзүнүн калыптанып бүткөн кейпине баатырдык-тарыхый эпостун рамкасында гана ээ болгон» [93,174-б.].

Алмамбеттин эпикалык биографиясынын уландысы «Манас» эпосунун «Чоң казат» бөлүгүндө уланып, өзүнчө окуялуу кеңири сюжет болуп баяндалат.

### 2.3. М.Чокморовдун вариантындагы «Чоң казат» окуясы

«Манас» эпосунун сюжеттик составында «Чоң казат» окуясынын алган орду өзгөчө маанилүү жана олуттуу орунга ээ десек болот. Эпостун сюжети окуялардын системасынан турары, башкача айтканда, окуялар ырааттуу өнүгөрү белгилүү. Окуянын башталышы, өнүгүшү, өсүп жеткен кульминациясы, бүтүшү бар. «Чоң казат» – «Манас» эпосунун идеялык мазмунун аныктоодо маанилүү роль ойногон өзгөчө бөлүмү, тагыраак айтканда, сюжеттин кульминациясы. Окумуштуу О.Сооронов «Чоң казат» боюнча мындай дейт: «Манас» эпосунда «Чоң казат» борбордук эпизод болуп саналат. Ага чейинки окуяларды «Чоң казат» үчүн даярдык десек болот. «Чоң казатсыз» үчилтиктин биринчи бөлүгү толук кандуу эпос боло албайт. Эпосто «Чоң казат» – байыркы жоокердик доордун көптөгөн олуттуу, мүнөздүү өзгөчө белгилерин кеңири чагылдырган бөтөнчө көлөмдүү бөлүк. Талаш маселелердин баары ушул «Чоң казаттын» айланасында болуп келгени да бекер эмес» [97, 26-б.].

«Манас» эпосунун тагдыры дайыма эле барктуу-баалуу, урмат-сыйдын төрүндө болуп келбегендиги белгилүү. XX кылымдын 50-жылдарында «Манас» эпосунун тагдыры катаал абалга учурап, элдик эпос эмес деген түшкө кирбес оор күнөөгө кабылган. Советтик идеологиянын каардуу илеби «Манас» эпосун ары толкутуп, бери толкутуп, «устаранын мизиндей» болгон мезгил эпостун күрөө тамырын кыркып кое жаздаган, эпоско каршы багытталган улуу чабуул мына ушул «Чоң казаттын» орусча котормосу «Великий походго» байланыштуу башталган. «Манас» эпосун орусчага которушкан белгилүү окумуштуу Е.Д.Поливанов, жазуучу, котормочу С.Липкин да куугунтукка алынган. Ошол кыйын мезгилди

Липкин мындай эскерет: «Кыргызский эпос победил всех своих врагов, так же, как его главный герой» [112, 8-б.].

Бактыга жараша, ошол «казатта» кыргыз эли, кыргыз жери, «Манас» эпосу үчүн «каны көөкөргө, башы канжыгада болгон» улуу инсандар «Манас» эпосун аман сактап калышканы – улуу эрдик, кийинки муундар үчүн жасалган баа жеткис баатырдык.

«Чоң казат» тууралуу кеп кылганда, төмөнкү жагдайга токтоло кетүү абзел. «Манас» эпосу – байыркы жоокерчилик доордун салттарын, рухун бүтүндөй камтып, аларды типтүү образдар аркылуу жалпылыштырып көркөм чагылдырып келген элдик зор эпопея. Андагы согуштук окуялар алгач кыргыз элинин эркиндиги, көз каранды эместиги үчүн чачылган, бүлүнгөн урууларды бириктирүү үчүн жүргүзгөн боштондук күрөш катары жүрөт. Ырас, элди, жерди коргоо мотивинде айрым учурларда бүтүн дүйнөнү каратып алууга умтулган учурлар да бар. Мындай баскынчылык согуш феодалдык доорго мүнөздүү. Түрк-монгол элдеринин баатырдык эпосторунда да мындай мотивдер кездешет. Белгилүү «Өгүз хан» эпосунда бүтүн дүйнөнү каратып алуу мотиви бар. Анткени мындай мотив – дүйнөлүк эпосто кеңири тараган салттуу көрүнүш болуп саналат.

С.Каралаевдин вариантында, өзгөчө, С.Орозбаковдун вариантында басып алуу мүнөзүндөгү казаттар бар. Бирок алар эпостун идеялык мазмунун аныктаган күрөш, элдик мүнөзгө ээ. Эпосто согуштук окуялардын көпчүлүгүн кыргыз элинин көз каранды болбос үчүн жүргүзгөн боштондук күрөшү түзөт. Кыргыздар, негизинен, сырттан басып кирген душмандарга, бөтөнчө кытай, калмактарга каршы өз элин, жерин коргоп күрөшөт. Бардык манасчылар сыяктуу эле М.Чокморовдун вариантында да, негизинен, боштондук күрөш чыгарманын идеялык мазмунун аныктайт. Өзгөчө белгилеп кое турган нерсе: М.Чокморовдун айтуусунда атайлап башка элди, жерди басып алуу мотиви жок. Асан Кайгы менен анын уулу Ногойдун адилеттигин, чынчылдыгын, калыстыгын баалап, айрым кандар өз эрки

менен бийлигин өткөрүп бергени белгилүү. Мындай көрүнүш элдин үмүтү, тилеги, калыстыгы, адилеттиги, теңчиликти каалоо катары баалануууга тийиш.

«Манас» эпосунда элдер капыр, мусулман деп бөлүнүп, Манас мусулман элинин коргоочусу, сырттан басып кирген душмандарга каршы эркиндик үчүн күрөшкөн баатыр болуп сүрөттөлөт. Манасчылардын диний ишенимине жараша элдерди бөлүшүнүн да олуттуу себептери бар. Бул жагдай каардуу, көп сандуу, кытай, калмактарга карата диний жек көрүү сезиминин жаратат. Аталган маселеге академик В.В.Радлов мындайча түшүндүрмө берет: «Очень часто противоположенность между язычеством и исламом выступает причиной о жесточенной борьбы; этот эпический мотив борьбы из-за веры несвойствен первоначальным преданиям, и внесен в них после кровавых войн прошлого столетия. Эти войны свойственно не были религиозными, но калмыцкие князья и китайцы своими притеснениями возбудили в киргизах магометаных религиозную ненависить к неверующим врагам. Эта ненависть сохранились до настоящего времени в народе, который сам имеет об исламе только какие-то смутные понятия» [86, 24-б.]. «Манас» эпосунда ар түрдүү мүнөздөгү, мазмундагы кеңири сюжеттүү казаттар арбын. Бөтөнчө, С.Каралаев менен С.Орозбаковдун варианттарында ондон ашык ар кандай мазмундагы казаттар кеңири баяндалат. Бирок ал согуштук окуялардын, казаттардын мааниси, маңызы ар башка. Мисалы, Сагымбай менен Саякбайдын варианттарында Чоң казаттын алдында уруу башчыларынын, кандардын Манаска каршы нааразычылыктары жаралып, кол салууга аракеттенишет. Уруу башчыларынын каршылыгынын себеби – Көкөтөйдүн ашын Манас башкарып, бардык байгени ээлеп, Манас билип, биз куру калдык деген жеке наааразычылыктары делет. Кандардын чатагы элдин биримдигин, ынтымагын бузган, көрө албастык, жеке кызыкчылык катары терс бааланат. Бирок бул жаңжал ырбап чоң чатакка айланбайт. Ырас, алгач Манас баатыр

кандардын ыксыз, эч негизсиз каршылык көрсөтүүгө жасаган аракетин жактырбай, ачууланат. Манас өзүнүн наразычылыгын ачык, так кандарга төмөнкүдөй билдирет:

Атаңдын көрү жети кан,
Тең тууган болом дедиңби,
Куланың куба качтымбы?
Сандыкта пулун чачтымбы?
Сааныңды тие качтымбы?
Туу болуп туруп четине,
Тозгонумду билбейсиң?
Курама темир курч эмес,
Куралган кандар журт эмес.
Чалгыры турат көзүндө,
Чамасы келсе бул кандар,
Чалганы турат өзүмдү [67, 76-б.]

Акылман, даанышман Бакай Манасты ачууга жеңдирбегин, булардын кандары акмак эмеспи, «Калың журтта не жазык» – деп токтотот. Манастын жеке кызыкчылыгы, дүйнөкорлугу, өзүм билемдиги жок экендигине көздөрү жетип, «аты да Манас турбайбы, заты да Манас турбайбы, Манаска каршы чыксак, бизди кудай урбайбы» – деп кандар Манастын алдында баш ийишип, Чоң казатка барууга баары макул болушат. Демек, «Манас» эпосунда уруу башчыларынын, кандардын чатагы, наразычылыгы – ошол доордун, согуштук демократиянын мүнөздүү көрүнүшү болуп саналат.

Белгилүү манасчылар С.Каралаев менен С.Орозбаков өзүлөрүнүн варианттарында «Чоң казат» окуясын кеңири, окуяларга бай, бийик көркөмдүктө сүрөттөшөт. Ырас, С.Орозбаковдун варианты боюнча «Чоң казат» окуясы аягына толук чыкпай, системалаштырылбай калган өңдүү таасир калтырат. Муну манасчынын ден соолугуна байланыштырып, түшүндүрүү туура болот деген ойдобуз.

Ал эми М.Чокморовдун вариантында да «Чоң казат» кеңири сюжеттүү, окуяларга бай, көлөмдүү, көркөмдүгү бир кыйла бийик, олуттуу окуя катары сүрөттөлөт. М.Чокморовдун айтуусунда Манас баатыр он алты кан мусулман элин жыйып Бээжинге казат кылаарын элге жарыялайт:

Мен силерди жыйганым,
Байгамбар батып албаган,
Азиретаалы барбаган,
Искендер изин салбаган,
Амир-Темир тийбеген,
Менден мурун эчен пир,
Ошолор барып көрбөгөн,
Каканга, Бээжин калаага,
Кара шаар камбылга,
Казат кылып өтөлү.
Ажал жетсе жалгандан,
Окко учуп кетели [74, 111-б.].

Бээжинге казат кылуу оңой-олтоң иш эмес экендигин, «Пайгамбар батып албаган, Искендер изин салбаган» өтө коркунучтуу, «жерге чыккан чөптү көр», «чөпчөлүк кытай көптү көр» дегендей кол салуу каардуу, сырдуу, күчтүү душманга барарын, өмүрүн курман кыларын Манас баатыр терең түшүнүп турса да, элдешпес душманга барууну чечет.

Дегеле, «Манас» эпосунда ар бир олуттуу окуя болоор алдында Манас баатыр элге кайрылып, элдин, элден чыккан акылман көсөмдөрдүн пикирин угуп, анан чечим кабыл алганы да көп кайталанып, салттуу көрүнүшкө айланган. Эпосто олуттуу, маанилүү ишти Манас баатыр жеке өзү билип, өзү туюп жеке чечпейт. Ар бир чоң ишти эл чогултуп, элге салып, элдин пикирин угуп, элдин колдоосуна татыктуу болгондо гана жалпы журт чечет. Бээжинге казат кылуу татаал, катаал экендигин Манас өзү да сезип, бул казат өтө кооптуу, өтө коркунучтуу, баатырлардын, элдин тагдырын чече

турган улуу казат экендигин түшүнүп, элге кайрылып, элдин оюн уккусу келет:

Байгамбар батып албаган,
Азирет Аалы барбаган,
Искендер изин салбаган,
Амир-Темир тийбеген,
Менден мурун эчен пир,
Ошолор барып көрбөгөн,
Каканга, Бээжин калаага,
Бир кудай салды санаама,
Кара шаар Камбылга,
Калдый менен Жамбылга,
Казат кылып өтөлү.
Ээси келсе жалгандан,
Окко учуп кетели.
Бели катуу эренди,
Муну башка жыйнайлы,
Өлүмдөн кайтпас жиндини,
Муну бөлүп жыйнайлы.
Мылтык атаар мергенди,
Жазбай атып бергенди,
Найза саяар ыктууну,
Жоого тиер мыктыны,
Беттешсе кайра тартпаган,
Мына ошолорду жыйнайлы.
Деп ошентип эр Манас,
Акыл салды элине.
Эл бийлеген бегине [74, 111-112-бб.].

Жыйылган калк Манастын сөзүн угуп, алгач өз пикирлерин эл бийлеген бектер, сөз билген чечендер, Бакай, Кошой өңдүү акылмандар айтышат. Алардын мүдөөсүн угуу жөн гана кайдыгер көрүнүш эмес. Алардын пикири өзгөчө маанилүү, олуттуу экендиги баса белгиленет. «Манас» эпосунда мына ушундай акылман, көсөм, көрөгөч ак сакалдар Бакай, Кошой өңдүү элдин урмат-сыйына ээ болгон улуу адамдар баатырга (Манаска) дайыма акылдуу кеңешин, асыл ой-тилектерин айтып, оң багыт көрсөтүп турушат. «Манас» эпосунун дээрлик көпчүлүк варианттарында Бакай даанышман, акылман, аксакал катары дайыма кеңеш берген, олуттуу сөзүн айткан калк башчысы катары өзгөчө орунга ээ. Ал эми М.Чокморовдун вариантында акылман Бакайдын орду башка варианттардай эле өзгөчө олуттуу, бирок М.Чокморов Кошойго бөтөнчө басым коюп, аны дайыма эскерип, Манас андан акыл сурап, акылын угуп иш кылгандай баяндалып, Манастын кемчилигин бетке айткан улуу аксакал эсте калат. Кошой «Чоң казат» оңой-олтоң эле иш эмес экендигин алдын-ала сезип, казатка алдуу-күчтүү, согуштун татаал экендигин түшүнгөн, каардуу душмандан коркпой-үркпөй кармаша турган кайраттуу жигиттерди тандоону сунуш этет:

Жыйырма жаштан ылдыйкы,
Булар үйгө калсын деп,
Журт карысы кан абам,
Акыл салды элине [74, 113-б.].

Бакай, Кошой менен катар эле, «Манас» эпосунда катышкан башка каармандардын мүнөздөрү, иш-аракеттери, алган орду, адамдык касиет-сапаттары ар түрдүү экендиги белгилүү. «Чоң казатта» Манас баштаган айрым оң каармандардын монументалдуу, кайталангыс, типтүү образдары бийик көркөмдүктө сүрөттөлгөнү менен башкалардан өзгөчөлөнүп, көзгө башкача көрүнүп, терең таасир калтырат. Алсак, уруу башчыларын жөн гана санап койбостон, алардын ар бирине кыска мүнөздө баа берүү таасири

өзүнчө бекем салт. Мындай эпикалык формула, көркөм ыкма С.Каралаев менен С.Орозбаковдун варианттарында да арбын учурайт. М.Чокморов да уруу башчыларын санап, Кошой баштаган акылмандардан баштап, кыскача ар бирине төмөнкүдөй мүнөздөмө берип кетет:

Кан Кошой журттун атасы,
Ушу баатыр Манаска,
Тийген мунун батасы.
Эки кемин жайлаган,
Эгизден күлүк байлаган.
Элчиликке жараган,
Таздын уулу Эр Үрбү
Эрби деген чечен бар,
Атка жеңил, тайга чак,
Адамдан баш эр Сыргак.
Турпандын каны Турусбек,
Бу көп адамдан дурус деп.
Арстан баатыр Манаска,
Акылдашаар эчен бар [74, 116-б.].

«Чоң казат» тууралуу сөз болгондо, Каныкейдин образына да кайра кайрылуу зарылдыгы бар. Анткени Каныкейдин образы – «Манас» эпосунун идеялык-мазмунун аныктаган борбордук олуттуу оң образ катары М.Чокморовдун айтуусунда да терең иштелген, акылман, даанышман, баарынан мурда боло турган ишти алдына-ала билип, сезген көрөгөчтүк касиети менен өзгөчө таасир этип, башка каармандардан адамдык бийик сапаттары менен айырмаланып турган классикалык, типтүү образ экендигин белгилөөгө болот.

Каныкейдин көрөгөчтүгүнө байланыштуу дагы бир олуттуу учур «Чоң казат» менен байланыштуу. Каныкей «Чоң Казаттан» Манас өлүп, чоролору курман болоорун билип, алдына-ала эскертет:

Барган жерден келбейсиң,

Барамын дейсиң дегдейсиң,

Артыңда калган калкыңды,

Айланып кайра көрбөйсүң,

Алдыңдан Аккула буудан ат өлөт,

Жаныңдан Алмамбет, Чубак алп өлөт.

Алтымыш түмөн калк өлөт  [74, 122-б.] – дейт.

Көк жалым, менин тилим сен алсаң,

Бээжинге казат барба?– деп,

Балаң менен энеңди,

Бейталга муну салба?– деп [74, 123-б.].

М.Чокморовдун айтуусунда Манас өзү да каардуу, көп сандуу душмандан, тагыраак айтканда,  «Чоң Казаттан» аман кайтпасын сезет. Бирок элдешпес душман менен кандуу кармашуудан баш тартпайт. Бул баатырдын элинин эркиндиги үчүн курман болууга даяр экендигин айгинелейт:

Оо, Каныкей деп айтат:

Бээжинге барам дегеним,

Ыймандын камын жегеним,

Каканга барам дегеним,

Акырет камын жегеним.

Өлбөгөн менде болобу?

Ажал жетип, күн бүтсө,

Алты катар темир үй,

Ага баксаң калкалап,

Төрөңдү албай коебу?

Жоодон өлгөн салтанат,

Биз өңдөнгөн баатырга,

Үйүнөн өлгөн жаман ат.

Алың келсе чыракка,

Кирдүү кийим кийгизбе,

Кишинин тилин тийгизбе.

Эресе тартып эр болсо,

Эр уулуна тең болсо,

Алтын жака тон киер,

Алача буудан ат минер,

Атамдын жолун алам деп,

Айкөлүм атам баатыр деп,

Калкалап элим багам деп,

Каарман баатыр болор го [74, 124-б.].

Чыныгы элдик баатыр үчүн эли-жерин коргоп, элдин келечегин ойлоп жоодон өлгөнү – салтанат, улуу намыс, бийик сыймык.

Эпосто эпизоддук мүнөзгө ээ болгон, көп окуяларга жандуу катышпаган, айрым окуяларда гана эскерилген каармандар да аз эмес. Бирок эпизоддук деп аталган каармандардын да эпосто алган орду, барк-насили, кулк-мүнөзү, эсте калаарлык олуттуу, маанилүү, адамдык бийик сапаты бар. Мына ушундай образдын бири – Манасты жарык дүйнөгө алып келген кадырман энеси Чыйырдынын образы болуп саналат. Эпосто Чыйырдынын образы эпизоддук каарман өңдөнгөнү менен, манасчы эсте калаарлык, терең иштелген типтүү образын жарата алган. Манас баатыр чоң казатка жөнөөрдө энеси Чыйырды  кол жайып батасын берет:

Ободо жылдыз оң болсун,

Асмандан булут ачылсын,

Атышып чыккан душманды,

Азирет Аалы качырсын.

Жолуңан чыккан душманды,

Үрүстөм Дастан качырсын.

Оо, жалгызым, кулунум!

Аскериң аман, сак болсун,

Айланайын кырк балам!

Кырк чилтен, кайып жар болсун [74, 119-б.].

Бул олуттуу маселеге токтолсок, «Манас» эпосунда иран-тажик элдеринин баатырдык эпосунун башкы каарманы Үрүстөм көп эскерилет, «Үрүстөмдөй сыягы» деп ага көп салыштырат. Жогорудагы контекстте да Үрүстөм Дастан айтылып жатат. Эпосто аны Азиретаалы пайгамбар менен бирге айтып, кереметтүү каарман катары сүрөттөшөт. М.Ауэзов бул көрүнүштөн жазма, китеп түрүндөгү эстеликтердин таасирин көрүп «…вопрос о книжном влиянии эпоса других народностей на «Манас», мы должны указать в первую очередь на персидский эпос, в особенности на «Шах-намэ» - дейт [16, 80-б.]. Мында «Манас» эпосуна жазма эстеликтин таасири тийген деген пикирди бир беткей түшүнүү туура эмес. «Шах Намэ», анын башкы каарманы Үрүстөм жөнүндө маалымат китеп аркылуу эмес, оозеки уламыш-болумуш катары элге кеңири тарагандыгы белгилүү. Мына ошол маалыматтарды манасчылар эпоско киргизгендиги менен байланыштырсак туура болот деп ойлойбуз.

Ошентип, Манастын кошууну Бээжинге чоң казатка аттанат. Ушул жерде «Манас» эпосундагы дагы бир салттуу көрүнүш болгон колдун жүрүшү бардык манасчыларда өзгөчө шаңдуу, бараандуу, сүрдүү сүрөттөлөт. М.Чокморовдун вариантында да колдун жүрүшү көркөм, образдуу, элестүү баяндалат:

Аскердин башы былкылдайт,

Найзанын учу жылтылдайт,

Карагай найза кагышып,

Арстан Манас баатырдын,

Бээжинди көздөй бет алып,

Аскери жүрдү жарышып [74, 118-б.].

«Чоң казат» окуяларында дагы бир бөтөнчө көңүлгө ала турган маанилүү салттуу фактор – бул согуштук тактика жана стратегия. Бул жагынан бардык негизги варианттарда чалгын чалуу бөтөнчө сырдуу, зарыл иш катары бааланып, кеңири сүрөттөлөт. С.Каралаевдин варианты боюнча чалгынга Алмамбет менен Сыргакты ылайыктуу деп тандашат. М.Чокморовдун вариантында да чалгын сыры өзүнчө кеңири сюжет болуп айтылат. Чалгын согуштук иште олуттуу чечүүчү орунду ойнорун сезип, баалап, Манас бул татаал маселени да элге кайрылып эл менен бирге кеңешет:

Мурун кабар албасак,
Чалгынчыга чалдырып,
Андан кийин барбасак,
Бээжинге кандай барабыз.
Акылды кандай кылабыз – дейт [74, 126-127-бб.]. Манастын сунушун ар ким ар башка баалап, уруу башчылары өз пикирлерин, сөзүн ортого салып, Буудайкандын Музбурчак чалгынга акылман Бакай барсын деген сунушун билдирет:

Пендеге ойчул жан эле,
Бериштеси бар эле,
Чалгынды Бакай чалбайбы,
Жанындагы кырк жайсаң,
Сүйгөнүн жолдош албайбы – дейт [74, 127-б.].

Кашкардын каны Эсенбек да өз оюн, пикирин билдирип, мындай негиздүү оюн сунуш этет:

Берен Манас айкөлүм,
Ушул калктын ичинде,
Көйнөктүн кирин жууган бар,
Ушул капка Бээжинге,
Энекеси тууган бар,

Ичинде жүрүп чоңоюп,
Баарын билген баатыр бар,
Көрбөгөн жер - көрүстөн,
Бул Алмамбет барбайбы.
Атка минип жоо сайса,
Өзүңдөн кайдан кем эле?
Кээ бирөөлөр кеп айтат,
Жер көрбөгөн Бакайды,
Чалгынга чыксын деп айтат.
Менин тилим алсаңар,
Алмамбет чалгын чалсын деп,
Чубакты жолдош алсын деп,
Чалгынды экөө чалсын», – дейт [74, 127-б.].

Көпчүлүк кашкардын каны Эсенбектин жүйөлүү, акылдуу пикирин угуп, туура деп макул болушат. Ырас, Бакай акылман, даанышман, көрөгөч, баатыр экендигинде талаш жок, бирок согуштун тактика, стратегиясын, тагыраак айтканда, сырын билбегенин Кашкардын каны Эсенбек өтө сергек сезип, туура баамдаган. Ал эми Манас Чубактын чукул кыялын, ачууга жеңдирген мүнөзүн сезип, Чубактын өзү менен макулдашсак болот эле деген пикирин айтат.

Ырас, баатыр Манас Чубактын ашкан баатыр, эр жүрөк экендигинен кам санабайт. Аны тынчсыздандырган – Чубактын орой, чорт кыялы. Манас баатырдын мүнөзүндө өзүмчүлдүк өңдүү терс көрүнүштөр жок экендиги ушул жерде да ачык көрүнүп турат. Чубактын өзү менен макулдашкысы келип турбайбы. Ырас, С.Каралаевдин вариантында да алгач Алмамбет Чубакты чалгынга алам деп сөз берген жайы бар. Алмамбет-Чубак чатагында Чубак Алмамбетке бет алып, ачууланып айткан сөзү:

Таластын төмөн жагында,
Төрөңдүн тиккен багында,

Ошондо айткан сөз гана,
Кол алышкан ант кана [73, 554-бет].

Алмамбет Чубактын ашкан эрдигине баа берип, чалгынга ылайыктуу баатыр экен деген чечимге келип, антташып, сөз берип койгон. Кийин Чубактын чукул кыялын сезип, Сыргакты «атка жеңил, тайга чак, уйкусу жок, жолго сак» – деп чалгынга ылайыктуу деп тандайт эмеспи. Алмамбет менен Чубактын чатагынын түйүнү мына ушул жерде жатат.

Ал эми М.Чокморовдун вариантында Алмамбетке кайрылып:

Көптү көргөн көсөмсүз,
Кепти билген чечensиз,
Бээжинге казат кылабыз,
Ажал жетип күн бүтсө,
Бээжинден өлүп тынабыз, -дейт [74, 128-б.].

Чубактын сунушун Алмамбет туура көрүп, кабыл алып, экөө сөздөрүн бекемдеп, кучакташып ант беришет:

Алмамбет, Чубак эки шер,
Убаданы бек кылып,
Ушу сөздөн тангaнды,
Төшү ачык жер урсун!
Төбөсү ачык көк урсун!
Алакан жайган бата урсун!
Ак келтенин огу урсун!
Ак милтенин чогу урсун!
Каныкей менен Чыйырды
Экөө берген туз урсун! [74, 129-б.].

Алмамбет Чубактын эрдигин, кайратын, каардуу душмандан кайра тартпас, өзгөчө касиетин баса белгилеп, элдин ак батасын сурап турган жери:

Сунган найза тартпаган,

Кууган жоодон качпаган,

Беттешкенин мерт кылган,

Өзүң күткөн кырк баатыр,

Чубактайы жок эле.

Баатыр Чубак кайран шер,

Карарып күйгөн чок эле,

Ат үстүндө жүргөндө,

Кадап койгон ок эле,

Берсе кудай тилекти,

Бээжинден чалгын чалайын,

Батаңарды бергиле [74, 131-б.].

Алмамбеттин сөзүнө баары муюп, макул болуп, адил, акыл сөз деп баалап, бата бере турган болгондо, Кошой өзүнүн каршы пикирин мындай билдирип, Манаска кайрылат:

Мен айткан кепти уга тур,

Чубакты жолдош алам деп,

Алмамбеттин сөзүнө,

Кубанасың дардактап,

Алганың үч илек калың кол,

Калың колдун ичинде,

Ар башканын баары бар,

Сынчыбек менен Көкчөнүн,

Ичинде толгон арам бар.

Эл ичинде шектүү бар.

Эл кайтарган эки дөө,

Экөө кетип калганда,

Элди бөлүп албайбы?

Чубак мында калсын деп,

Андан башка кырк бөрү,

Алмамбет сүйүп алсын деп,

Абаң Кошой карыя,

Ачууланды Манаска [74, 132-б.].

Чынында эле, акылман Кошойдун кебинде да өзүнчө кооптонуунун, тынчы кетүүсүнүн негизи бар. Анткени уруу башчылары «Чоң казатка» чейин эле Манаска каршы чыккан жайы белгилүү эле. Жогоруда эскертип кеткендей, Бакайга караганда Кошой Манаска көбүрөөк көңүл буруп, кеп кеңешин, анын туура эмес ишин бетине ачык билдирет. Кошойдун сунушуна жалпы эл, Манас баштап макул болуп, ырасташат. Алмамбет өзүнүн ак ниетин, калыстыгын, сөзгө бекем турганын билдирип, элге кайрылат.

Акбалта кандын Чубагы,

Акыреттик дос эле,

Алышып койгон колум бар,

Айтып койгон сөзүм бар [74, 132-б.]. Алмамбеттин сөзү элди ойлонтуп, терең ойго салат. Бакай Алмамбетке кайрылып:

Чубак экөөң антташкан,

Оо, кагылайын Алаке,

Асманда жылдыз оң эле,

Ушу бүгүн аттана турган күн эле,

Ободо жылдыз оң эле,

Кокустан Чубак таарынса,

Экөөңдүн кылган антыңды,

Мен мойнума алдым, – [74, 133-б.] дегенде Алмамбет акылман Бакайдын акыл сөзүнө макул дегенге мажбур болот. Жалпы элдин кубаттоосу менен калк чалгынга Алмамбет, Сыргактын барышын кубаттап батасын берип, ак жол каалашат.

«Манас» эпосунда Алмамбет менен Чубактын чатагынын чыгышына олуттуу себеп болгон, куйту, терс мүнөз, баатырлардын ынтымагын бузган

адамдар да жок эмес. С.Каралаевдин вариантында кырк жигиттин бири, улуусу, башчысы Кыргыл чал куйту, терс мүнөз каарман катары сүрөттөлөт. Ал эми Кыргыл чал ошол эле С.Каралаевдин варианты боюнча «Семетей» эпосунда Манас өлгөндөн кийин алты арамга кошулуп, Манастын ордосун чаап, Каныкейге зомбулук-зордук көрсөткөн жайы да бар.

М.Чокморовдун варианты боюнча да бузуку Кыргыл оорукта жөн жаткан Чубакка кабар салып, Алмамбет менен Чубактын ортосуна от жагып, эки баатырды кармаштырат:

Сен Акбалта кандын Чубагы,
Манастын арамзаа жүргөн Сыргагы,
Калмактан келген кайранчың,
Арамзаа жүргөн Сыргакты,
Жолдош кылып алыптыр.
Чалгынды калмак чалганга,
Өзүң оруктан чыкпай калганга,
Ойгуттан ногой көп беле?
Манас сенден бек беле?
Эр Сыргакты ээрчитип,
Калмагыңдын кеткенин,
Эми көрүп келдим мен, – [74, 134-б.] дегенде Чубак Кыргылдын сөзүнө ишенип, Алмамбетти «ант бузган каапыр деп» ачууга жеңдирип, акылынан адашып, калың нойгут өз элинин колун алып Алмамбеттин артынан барып, чоң чатакты баштайт. Манас бул кабарды угуп, капа болуп, ачууланып, алардын артынан барат. Алмамбет Чубактын кытай, калмактын элин чаап алчудай болуп көп кол менен келгенин жактырбай, «калмак», «качкын» деген сөзгө уугуп, күйбөгөн жери күл болуп ачууланып, Чубакка карата адилет, бирок катуу сөздөрүн айтып, кол салууга даяр болуп:.

Кытайлыгым чын болсо,

Ачуу кепти мен уктум,

Эми кол салбай койбойм бириңе.

Арстаным Чубак угуп тур,

Ошо жерге туруп тур.

Кызматты кылдым ким үчүн,

Калмактан келдим дин үчүн.

Ушундай сөздү укканча,

Анык өлүм ак экен,

Таалайы тайкы Алмаңдын,

Эгем талаа кудурет,

Азапка жазган шор экен.

Кызыталак Чубак кул,

Ойгутуңду чакырып,

Салдыңбы мурун бузукту,

Алмамбет кулуңдан Чубак,

Көрөсүң го кызыкты – [74, 138-б.] деп эки баатыр эрегишип, кан төгүлө турган болгондо, «кара тилин кайраган, кан алдында сайраган» алгач Ажыбай ортого түшөт:

Калк бузулуп турганын,

Биле койду Ажыбай

Оо, кагылайын Алаке,

Болбогон ишке таарынып,

Сен Бээжинге барарда,

Ак боз бээ чалып, той кылдык,

Талак кылып буттарын,

Таштаган киши экен деп,

Кайда болсо жол ачык,

Дин ислам журтуна,

Маана болот экен деп,

Арстан Манас баатырга,

Жөлөк болот экен деп,

Ишенген журттун үмүтүн,

Оо, Алаке баатыр шер,

Үзбөйсүң деп ойлойбуз – [74, 138-б.].

Ажыбайдын акыл сөзүн Алмамбет угуп, ынанып, ачуусун басып, муңайып, тынчып калат. С.Каралаевдин вариантына салыштырып караганда, М.Чокморовдо Алмамбет менен Чубактын чатагы, С.Каралаевдин вариантына салыштырып караганда, эки баатырдын катуу кармашына, кагылышуусуна чейин өсүп жетпейт. Ырас, «калмак», «кытай» деген ачуу сөздөрү Алмамбеттин намысына тийип, ал оюн жашырбай Чубакка катуу айткан жайы бар:

Калмак, калмак дей бердиң,

Кытай, кытай дей бердиң,

Кытай деп бокту жей бердиң,

Каңкылдаган ит Чубак

Каның экөөң бир болчу

Кагайынбы жиниңди

Бузайынбы динимди - [67, 204-б.]. Бирок ортого Манас түшүшү эки баатырдын кармашын басат.

Алмамбет Ажыбайдын сөзүнө муюп, Сыргакты алып, чалгынга кетишет. Артынан Бакай, Манас баатырлар барышат. Алмамбет менен Сыргак белгилүү Тал-Чокуга жетип, өзү Бээжинде турган кезинде Алмамбет Тал-Чокуга кереметтүү сарай салганын айтат. Сыргак Алмамбеттин сөзүнөн шек санап, Алмамбет качканы турганбы деген да ойго кетет. Алмамбет Сыргактын шек санаганын сезип:

Мага азили Бээжин жер эмес,

Бу кытай мага эл эмес,

Пейлиңди бузба, Сыргагым – дейт [74, 144-б.].

М.Чокморовдун вариантында Тал-Чокуну кереметтүү, касиеттүү жер катары, ажыдаар, жолборс кайтарган өзүнчө кооз көркөм жай катары сүрөттөйт:

Талгардын башы Тал-Чоку,
Мелтиреген бийик зоо,
Эзели адам барбаган,
Жолун ажыдаар, жылан кармаган,
Үрүстөм чыккан бел ошол,
Тал-Чоку бийик жер экен,
Бу тарыхта калчу кеп экен [74, 150-б.].

Алмамбет, Сыргактын артынан Тал-Чокуга Манас, Чубак, Бакайлар келишип, бир аз өргүгөндөн кийин Манас Бээжинге дүрбү салып, Бээжиндин тарыхын билиш үчүн Алмамбетке кайрылышат. Алмамбеттин туулуп өскөн жерин, кытай элин, эл бийлеген бектерин, кандарын айткан баяны М.Чокморовдун вариантында кыска, схема түрүндө айтылса, С.Каралаевдин вариантында Алмамбет өзүнүн кайгылуу, муңдуу татаал тарыхын узун сабак кылып баяндайт. М.Чокморовдун айтуусунда Алмамбет душмандын каардуу күчүн, алдыдагы тоскоолдукту, Малик баштаган жалгыз көздүү дөөнү төмөнкүчө мүнөздөйт:

Бу каканды кайтарган
Ээси болот деп айтат
Адили алы жетпеген,
Дөөсү болот деп айтат.
Билинип калса өзүнө
Жол кайтарган Макелек
Дөө Маликти алабыз
Макел дөөнү биз алсак
Чоң Бээжинди, калааны
Анын эбин табабыз

Ошол дөө Маликтин
Маңдайында жалгыз көз
Казып койгон ородой
Керкинин мойнун кучактап
Дүркүрөшү бир башка [74, 154-155-бб.].

Мына ушул кыска баяндан кийин Алмамбет, Чубак Малик дөөнү өлтүргөнү айтылат. С.Каралаевде да бул эпизод б.ар. Бирок ал вариантта Макел дөө деп айтылып, өтө апыртылып, фантастикалык деңгээлге жеткирилип сүрөттөлөт. Макел дөөнүн зорлугун, алптыгын анын башын кесип, атка жүктөп келгенин Саякбай юмор кошуп өзгөчө сүрөттөйт. Андан ары окуя Алмамбет, Сыргактын Айжаңдын кызы Арууке, Эсенкан кызы Бурсукан, турна көкүл, чолок чач Дудунун кызы Кара көзгө жолукканы айтылат. Кытай, калмактар менен болгон согуштар сүрөттөлөт. Алмамбет Коңурбайга окшоп алтын чин кийип, Сыргакка да ошондой чин кийгизип, шаарга киришет. Ажыдаар кайтарган дарбазалардан өтүп, Алмамбет жайчылыгы менен күндү жайлап, Чынмачын деген шаарга барышат. Ал шаардын тарыхы жөнүндө да Алмамбет мындай баян этет:

Салып кеткен чебим бар
Таштап кеткен элим бар
Сайган терек багым бар
Ордо кылып салдырган
Он эки түрлүү тамым бар [74, 170-б.].

Алмамбет менен Сыргактын чалгыны согуштук окуялар менен коштолот. Алар көптөгөн майда согуштарды башынан өткөрүп, калмак-кытайлар менен болгон кагылыш улана берет.

Бэжинге кирип, Алмамбет, Сыргактар кытайдын жылкысына тийишет. Жылкы тийген кабарды угушуп калмак, кытайлар көп колдору менен каптап кирип, чоң согуш башталат.

Жайнаган калың кол чыкты

Дөө бай Коңур чоң чыкты
Тумандай каптап жоо чыкты
Чоң Жолой деген дөө чыкты
Кара курттай эл чыкты
Каптап кетчү сел чыкты [74, 186-б.].

Кытай, калмактардын көптүгү С.Каралаевдин вариантында да көп айтылып, туруктуу сүрөттөөгө айланган. С.Каралаевде кытайлардын көптүгү «жерге чыккан чөптү көр, чөпчөлүк кытай көптү көр», – деп сүрөттөлөт.

Кытай, калмактар менен болгон согуш өтө татаал, кыйын болгондугу, ошондой эле алардын көп санда болушу эпосто арбын кайталанат. Эпосто ал мындай баяндалат:

Чырым этип уйку алышпайт,
Каныкей берген күл азык,
Жан калтадан алышат,
Таңдайына салышат,
Кайра кирип бакырып,
Манастап ураан чакырып,
Токтобой уруш салышат [74, 191-б.].

Көп сандаган каардуу душман менен болгон согуш көпкө созулуп, күндүр-түндүр тынымсыз уланат.

Дегеле «Манас» эпосунда баталдык эпизоддордо согуштук кармаш, адамдардын өлүмүн сүрөттөө өзүнчө туруктуу ыр саптары менен көп кайталанат. М.Чокморов ошол туруктуу бекем салтка айланган көркөм ыр саптарын чыгармачылык менен чебер пайдаланат.  Ыр саптары үндөш, жакын болгону менен, анда манасчынын жеке, индивидуалдуу өзгөчөлүгү ачык байкалып турат:

Күнү-түнү төрт күн,
Жоо бөрүсү эки шер,

Аралап уруш салганда,
Алмалуунун боюнда,
Кан Жайлактын оюнда,
Азууларын оркойтуп,
Ат өлүмү андан көп.
Муруттарын сербейтип,
Эр өлүгү мындан көп [74, 191-б.].

Бул ыр саптары С.Каралаевдин айтуусуна үндөш, жакын. Согуш кыймылдуу, динамикалуу, жандуу болгондугу, улам күчөтүлүп, градация ыкмасында көркөм сүрөттөлөт:

Замбиреги – он алты,
Жазайылы – он жети,
Жоо жарагы – отуз үч,
Баатыр Манас баш болуп,
Арстан Кошой абасы,
Мусулмандын агасы.
Мылтыктын үнү тарсылдап,
Түн ичинде атканда,
Ай караңгы кезинде
Таң сүргөндөй жаркылдап,
Кудай бетин көрсөтпө,
Жазайыл үнү күрпүлдөп,
Замбирек үнү дүкүлдөп,
Өлгөн элдин саны көп [74, 214-б.].

Учурда жагдайга токтолсок, Замбирек өңдүү жоо куралы эпоско кийин киргени менен эпостун эрежесине, мыйзамына терс таасирин тийгизбей, доордун мүнөзүнө туура келбеген анахронизм сыяктуу терс таасир этпейт. Замбирек башка жоо куралдарындай эле жуурулушуп, эпосто өөн учурабайт. «Манас» эпосунда айрым манасчылардын варианттарында зым

карагай (телефон) менен, колуна алтын саат тагынганы, кроватка жатканы өңдүү доордун, мезгилдин шартына, мүнөзүнө туура келбеген анахронизм түшүнүктөрүн, сөздөрүн колдонгон учурлар бар.

Кыргыз баатырлары Бакай баштап жарадар болуп, өлгөндөрү да арбын. «Кырк эки илек аскердин, теңи өлүп теңи бар», – деп айтылат. Кыргыз колу күч алып, кытай, калмактар чегинип, Манас  Бээжин шаарына кирген болот. Шергазы аттуу Алмамбеттин досу Алмамбетти сый урмат менен тосуп, кытай, калмактарга каршы көп колу менен согушка катышып, Чоюнкулак аттуу душмандын дөөсүн өлтүрүшөт. Кытай калмактардын аскеринин саны көп гана болбостон, алардын жалгыз көздүү дөөлөрү, алптары, ашкан балбандары бар экендиги кеңири айтылат:

Күн Чыгыш жагын караса,
Чоюн кулак алпы көп,
Туура жагын караса,
Жалгыз көздүү калкы көп [74, 253-б.].

«Манас» эпосунда байыркы архаикалык эпостордун белгилери, элементтери менен бирге жалгыз көздүү дөөлөр, кереметтүү жандыктар арбын учурап, терс эпикалык каарман, душман болуп кеңири сүрөттөөлөрү белгилүү. Бирок «Манас» эпосу көп катмарлуу, көп баскычтуу, стадиялуу өнүгүү процессинин этаптарынан өткөн өзгөчө чыгарма болгондуктан, трансформацияланууга, көп өзөрүүлөргө кабыл болгондугу мыйзам ченемдүү көрүнүш. Байыркы каардуу, зор күчтүн ээлери болгон, жамандыктын символу жалгыз көздүү дөөлөр «Манас» эпосунун кийинки өнүгүш этабында экинчи планга түшүп, Коңурбай, Жолой өңдүү каардуу, реалдуу душмандар биринчи планда болуп, кооптуу душмандар катары сүрөттөлөт.

Манасчынын вариантында белгилей кетчү учур, кыргыз колу дайыма эле жеңишке, ийгиликке ээ боло бербейт. Манас баштап кыйын абал, коркунучтуу, катаал курчоодо калган учурлар да жок эмес.

Кан Коңурбай чоң манжу,
Канкор Манас баатырды,
Тегеректеп келген жер.
Алтымыш баатыр, сексен дөө,
Тегеректеп калаарда,
Алмамбет, Сыргак үн чыгат [74, 258-б.].

Манас баатыр кенебей, Бээжинди багынтып, калмак, кытайларды караттым деп жеңишке туюнуп, жай баракат жата берет. Алмамбет болсо калмак, кытайлардын жеңилгени, Бээжинди алдырганы убактылуу көрүнүш экендигин сезип, кооптонуп Манаска эскертип айтып турган сөзү:

Байгамбар барбас Бээжинге,
Шер Манас барып багынтып,
Азырет барбас Бээжинге
Алмамбет алып колуна.
Кара чокту калмактын
Каны келип багынып,
Муну аралап бекиткен
Чебин алды Бээжиндин,
Элин алды Бээжиндин,
Улук болуп сүйлөгөн
Канын алды Бээжиндин,
Кызыл ойрот кытайдын
Баарын алды Бээжиндин.
Каканчынын чоң Бээжин
Карабайт бизге деп айтат.
Бээжин сага жер болбойт,
Бээжин сага эл болбойт
Кара чокту калмактар
Качып кетти деп айтат [74, 260-б.].

Манас баатырдын жоону жеңдим, Бээжинди алдым деп каардуу, амалкөй, куу душмандын эмне сыры бар экендигин ойлонбой, капарсыз жатып алганына Алмамбеттин досу Шергазы да тынчы кетип, өтө кооптонуп, акылман Бакайга кайрылып айтып турган сөзү:

Акылы жок көсөрдүн,
Айтканына таарындым,
Акылман Бакай абаке,
Сенин акыл сөзүң сагындым.
Коңурбайды албасак,
Тийбейт Бээжин колуңа,
Коңурбайды албасак,
Азили Манас соо болбойт,
Акыры кыргыз оң болбойт [74, 267-268-бб.].

Кытай, калмактардын көп колу азайып, дөө балбандары, ашкан баатырлары өлүмгө дуушар болуп, Коңурбай колго түшөт. Манас ого бетер жеңишке башы айланып, Коңурбай колго түштү деп бейкапар болуп, кыргыз колун кетирип жиберет. Манастын ойлонбой иш кылганын, акылынан алдырганын Кошой туура көрбөй, ачууланып, Манасты жемелеп айткан сөзү:

Таратып ийдиң колуңду.
Бээжинди жеңсе ким жеңди,
Каканды алса ким алды,
Манас десе барбактап,
Эчтемени билбейсиң!
Какан менен Бээжинди
Атактуу Сыргак шер жеңди
Алмамбет, Бакай эр жеңди.
Эрдин жүзүн эр көрөт,
Кандын жүзүн кан көрөт.

Казасы жетсе кан өлөт,

Ажалы жетсе алп өлөт [74, 270-б.].

Манас калмак, кытайлардан алган олжо-мүлкүнө, алтын-күмүшүнө маашыркап, көңүлү толуп, магдырап, жата берет:

Алтыны сайдын ташындай,

Күмүшү аттын башындай,

Каканчылуу Бээжиндин

Казынасын алган жер [74, 274-б.].

Манас айкөлдүк, ак көңүлдүк кылып «Коңурбай да бир элдин каны» – деп кордоп, зордобой жолдош, дос катары кабыл алып, Коңурбайдын бал тилине эрип, сак, сергек болууну унутка калтырат. Коңурбай болсо амалкөй, куулугуна салып мусулман боло калат:

Акка моюн сунуптур,

Чочконун эптүүлүгүн көрдүңбү,

Асан айтып туруптур». [74, 275-б.].

Алмамбет болсо Коңурбайдын элдешпес каардуу душман экенин сезип, билип, Манастын бийлик, байлыкка азгырылып, акылынан адашканын көрүп, Манаска Коңурбайды өлтүрүү керектигин, жоо аяган жаралуу деген оюн чечкиндүү билдирет:

Коңурдун башын алалы,

Алдык деп анан Бээжинди,

Санаабыз тынып калалы.

Коңурбай өлбөй жол болбойт,

Бу Бээжин бизди соо койбойт.

Эсккарасын жайлайлы,

Коңурбайды өлтүрүп,

Айбалта кылыч майлайлы – деп [74, 278-б.] Алмамбеттин айткан сөзүн Манас баатыр оң түшүнбөй, туура көрбөй, акылын жоготуп, Коңурбайды өлтүрбөйм деген оюн айтат:

Бу да болсо кан эле,

Мен да болсо кан элем,

Какан менен Бээжиндин,

Каны тийди колума,

Салды кудай оңуна,

Муну өлтүрүп салбаймын [74, 279-б.] – деп, Манас Коңурбайды элине кетирип жиберет. Алмамбет айласы кетип, эмне кыларын билбей, Манастын ак олпок, Аккуласын, ак келтесин сурап Сыргакты ээрчитип Коңурбайдын артынан жөнөйт. Манас болсо кемчилигин кеч түшүнүп, эсине келип, оор абалда калганын, каардуу душманга алдатканын билип, айласы кетип, амалы түгөнүп айтып турган сөзү:

Көөнүнө түштү көп санаа,

Абакеси Бакай, Кошойду,

Атказып жолго салдым деп,

Аскердин баарын кетирип,

Кандай заман, кандай күн,

Кырк чоро менен калдым деп [74, 262-б.].

Алмамбет менен Сыргакты кытайдын белгилүү мергени Каражой атып өлтүрөт. Манас болсо алардан кабар ала албай Коңурбайга алдатып отуруп калат.

Арстан төрө Манастын,

Эрдиги бар, эси жок,

Эчтеме менен иши жок,

Алмамбет, Сыргак ойдо жок [74, 285-б.].

Каражой «Манас» эпосунда жылкы башчысы гана эмес айлакер, амалкөй, арамза, кара өзгөй адам катары эсте калат. Коңурбайга Манасты кандай өлтүрүүнүн жол-жобосун түшүндүрүп:

Ушу баатыр Манаска,

Аткан менен ок өтпөйт,

Сайган менен найза өтпөйт [74, 285-б.] – деп, Манас намаз окуп жатканда өлтүрүүнүн жолун айтып, Коңурбай Манаска кол салат:

Арстан Манас кайран шер,
Төбөсүнөн маш тартып,
Тулганы алган жер,
Тулганы кайра кийгенче,
Белен турган чоң манжу
Төбөгө кагып калган жер,
Башын кесип салгыча,
Көк жал Бакай шер баатыр,
Үстүнө келип калганы [74, 291-б.].

Кытайдын ашкан мергени Каражой Чубакты, Мажик менен Үрбүнү, Серек менен Кабаны дагы атып өлтүрөт. Бакай Каныкей берген дары менен Манасты дарылап, эсине келтирет. Манас Коңурбайга алдатканын ойлоп, билип, оор муң-кайгыга батып, Алмамбеттин айтканын укпай өлүмгө дуушар болгонун эми сезип, оор ката кетиргенин айткан арман сөзү:

Асылым Алмам баатырдын,
Тилин алып койбодум,
Адили арам калчаны,
Жолдошум деп ойлодум.
Баатырлардан айрылып,
Шыйкыры качкан Таласка,
Кантип барам көрүнүп – деп,өкүнөт [74, 296-б.].

Бакай баатырлардын өлүгүн талаага таштабай, Манасты Акборчукка мингизип Таласты бет алып жолго түшөт.

Ошентип, «Чоң казатта» Аккула окко учуп, Алмамбет шейит кетип, Манас оор жарадар болуп, Таласка келип каза болот. «Манас» эпосунун дээрлик бардык көлөмдүү окуялары элдин тарыхый турмушу менен тыгыз

байланыштуу. Реалдуу тарыхый окуялар эпостун сюжетине кирип, чыгарманын мазмунун байытып, көркөмдүгүн арттырып, эпикалык, кеңири сюжеттүү көркөм баяндарга айланат.

Окумуштуу Э.Абдылдаев «Чоң казат» эпосунун өзөгүн тарыхый чындык менен байланыштырып, минтип жазат: «Чоң казат» эпизодунун идеялык-мазмунун шарттаган тарыхый чындык – элдин Циндик баскынчыларга каршы улуттук-боштондук күрөшү экендиги ачык көрүнөт. Ошону менен бирге «Манас» эпосу кыргыз элинин тышкы баскынчы душмандарга (каракытай, монгол, ойрот-жунгар, цин империясы) каршы баатырдык күрөшүн, патриоттук идеяларын туюндурган чыныгы элдик чыгарма экендигин да, таасын көрсөтүп турат» [3, 95-б.].

Көптөгөн олуттуу тарыхый окуялар эпостун мазмунун түзгөнү талашсыз чындык. Бирок эпос тарыхтын көчүрмөсү эмес экендиги да негиздүү, илимий жагынан көптөгөн далилдүү, айныгыс аргументтер менен бекемделген, такталган улуу чындык. Реалдуу тарыхый окуялар трансформацияланган, көркөм окуяларга, көркөм жалпылоого айланган.

Каныкей Манастын элесин, арбагын эл билсин, унутпасын - деп күмбөз салууну ойлойт. Каныкейдин акылман, даанышмандыгы М.Чокморовдун вариантында мындай сүрөттөйт:

Бу Каныкей байкушту,
Билбеген айтчу катын деп,
Билгендер айтчу каным деп,
Бу Манасты Каныкей,
Жолго салып кан кылган,
Сайып жүрүп бак кылган [74, 310-б.].

Каныкей Манастын аталаш туугандарынан кооптонуп, шекшип, алардын арам оюн сезип, баатырдын сөөгүн эч жанга билгизбей, туйгузбай көмүүнү чечет:

Атасы башка алты арам,

Элге бүлүк салбасын,
Аңдыган душман көп эле,
Тууганы жаман уу эле,
Душмандары шум эле,
Көрдөн ачып албасын...
Жолборсумдун сөөгүн,
Арамдарга көргөзбөйм,
Адам билбес ак жолго,
Алып барып көмөмүн [107, 314-317-бб.] – деп, башка варианттардагыдай эле Манастын сөөгүн жашырун алып барып көмөт. Манас тирүүсүндө кара зоо боюн ойдурган. Манасты ошол жерге алып барып коюшат. Манасты жашыруун көмгөнгө Бакай, Айкожо, Кошой гана катышат. Арстан Манас айкөлдүн сөөгүн Бууранын белине жашырып, эч адамга билгизбей, жан кишиге көргөзбөй көмүшөт. Манастын күмбөзүн дүйнөнүн ар кайсы жеринен келген чебер усталар кооздоп, көркөмдөп, жазуу сызып, өзгөчө кылып салышат:

Ылайын майга чалдырып,
Алыстан уста алдырып,
Топурагын бышыртып,
Кыштын бетин ойдургуп,
Кыштан окуу болсун деп,
Бөтөнчө күмбөз салдырган [107, 327-328-бб.].

Күмбөздүн ичин да кооздогон, Манастын кылычын төргө илип, баатырдын эрдик иштерин күмбөзүнө жаздырган.

Манас каза болгондон кийин ага күмбөз салуу бир катар манасчынын вариантында кеңири сюжет болуп баяндалат. С.Каралаевдин вариантында Манастын күмбөзү жөнүндөгү узун тарых «Семетей» бөлүмүндө «Каныкейдин жомогу» деген ат менен кеңири, бийик көркөмдүктө баяндалат.

М.Чокморовдун вариантында Манастын өлүмүн, ага күмбөз салуу машакатын, айрым анча олуттуу мааниге ээ болбогон сюжеттик өзгчөлүктөрдү эске албаганда, негизинен, жалпыга белгилүү болгон салттык көрүнүштү бекем сактоо менен баян этет. Ырас, анда айрым бир анча олуттуу мааниге ээ болбогон сюжеттик өзгөчөлүктөр бар. Алар жөнүндө учкай сөз козгодук.

Ошентип, «Манас» эпосу дээрлик бардык варианттарында, анын ичинде биз талдоого алган М.Чокморовдун вариантында да окуя башкы оң каармандын өлүмү, трагедия менен бүтөт. Мындай трагедиялуулуктун пайда болушун окумуштуу В.Я.Пропп мындай түшүндүрөт: «Баатырдык эпостун алгачкы, байыркы этабында баатырдын өлүмүнө жол берген эмес дейт. Адилет иш үчүн күрөшкөн баатыр жеңишке ээ болуп, душман салтанат куруп, эпосто трагедиялуулук жаралат» - дейт [101, 398-б.]. Окумуштуунун бул пикирин «Манас» бөлүгүнүн трагедиялуу бүтүшүн ырастайт.

Окумуштуу Р.З.Кыдырбаева М.Чокморовдун айтуусунда «Манас» бөлүгү боюнча өзүнүн жыйынтык пикирин мындайча билдирет: «Сюжет и поэтика варианта эпоса «Манас» у М.Чокморова в целом традиционны, т.е. присутствует опредленная доля репродуктивного воспроизведения, но это воспроизвенение не есть абсолютная копия традиции нам несет в себе творческое начало элементы созидания. Элементы же эти во многом зависят от мировоззрения сказителя, от традиционных знаний, которые он усвоил» [52, 14-б.].

Ошентип, М.Чокморовдун айтуусунда «Манас» эпосунун бардык өзөк окуялары толук жазылып, жазма эстелик болуп калды. М.Чокморов, негизинен, «Манас» эпосунун жалпыга белгилүү салттуу сюжетин бекем сактаганына, ошол эле учурда айрым сюжеттик мотивдерди сүрөттөөдө өзгөчөлүктөр бар экенине күбө болобуз.

Окумуштуу Э.Абдылдаев М.Чокморовдун вариантынын олуттуу өзгөчөлүктөрүн мындай белгилейт: «Мамбеттин вариантынын эң олуттуу өзгөчөлүгү катары төмөнкүлөрдү айтууга болот: андан өз учурунда, айтуучунун өнөрү толуп турган кезинде жазылбай калып, кийин дүйнөгө, турмушка болгон көз карашы өзгөрүп, мусулманчылык ишеними кеңейип, калыптанып калгандан кийин, көп окуяларын унутуп калып калган кезинде жазылган» [8, 441-б.]. Бирок мындан «Манас» эпосу М.Чокморовдун айтуусунда негизги салттуу сюжет басаңдаган же тескерисинче эч өзгөрүүсүз бекем сакталган деген өңдүү пикир жаралууга негиз жок. «Манас» эпосунун бардык негизги окуялары М.Чокморовдун вариантында кеңири көркөм баяндалып, окуяларга байлыгы жагынан, салттуу көрүнүштөрдү бекем сактоо менен өзгөчөлөнүп турат.

## Экинчи глава боюнча кыскача жыйынтык

Изилдөөбүздүн экинчи бабында негизинен, «Манас баатырдын Каныкейге үйлөнүшү", "Алмамбеттин эпикалык биографиясы" жана "Чоң казат" окуясындагы жалпылык-өзгөчөлүктөрү С.Каралаев, С.Орозбаковдун варианттары менен салыштырылып, М.Чокморовдун жеке айтуучулук шыгына, талантына жараша, анда жеке мүнөздүү өзгөчөлүктөрү бар экендиги мисалдардын негизинде иликтөөгө алынды. Манастын өзүнө ылайык жар издеши, Каныкейдин образы, Манастын жары катары иш-аракеттери, Алмамбеттин атасы менен болгон конфликт, Манаска келиши, Чоң казаттын себептери, жүрүшү жана  акыры Манастын өлүмүн, ага Каныкейдин күмбөз тургузушу М.Чокморовдун вариантында кандай жалпылык-өзгчөлүктөргө ээ экени, сюжеттик мотивдердин өзгөчөлүктөрүн көрсөтүүдө улуу манасчылар С.Орозбаков менен С.Каралаевдин варианттары, зарылдыгына жараша айрым башка манасчылардын варианттары менен салыштырылып, ошондой эле биз токтолуп жаткан вариантта диний катмардын орун алышы М.Чокморовдун диний билим деңгээли, дүйнө

таанымы менен байланыштуу экендиги көрсөтүлүп, бул диний катмар эпоско кийин кирген кошумча көрүнүш катары бааланды. М.Чокморовдун вариантын бир кыйла көлөмдүү окуяларга бай, көркөмдүгү бийик, оргиналдуу вариант экендиги илимий иште каралып, салттык-сюжетти бекем сактоо менен бирге айрым бир айтуучулардын жеке өзгөчөлүктөрүн да анализден өткөрүп ачып берүүгө аракеттер жасалды.

Жыйынтыктап айтканда, М.Чокморов «Манас» эпосунун үч бөлүгүн толук билген, салттык-сюжетти бекем сактаган айрым сюжеттик өзгөчөлүктөрү менен айырмаланган өзүнчө оригиналдуу вариант жараткан белгилүү манасчы экендиги көрсөтүлдү.

## КОРУТУНДУ

«Манас» эпосу – кыргыз элинин көп кылымдар бою көздүн карегиндей сактап, муундан муунга өткөрүп, олуттуу окуялар менен мазмунун байытып, көркөмдүгүн улам артыртып биздин күнгө жеткен улуу эпос. Ч.Валиханов адилеттүү белгилегендей, энциклопедиялык мүнөздөгү улуу көркөм эстелик

«Манас» эпосу – кыргыз улутунун бийик туусу, өзгөчө сыймыгы көлөмү, мазмуну боюнча таң каларлык монументалдуу, бийик көркөм дүйнөсү. Бул эпос дүйнөдө сейрек учураган, уникалдуу, классикалык баатырдык эпос. «Манас» эпосунда чагылдырылып бүгүн бизге жеткен таң каларлык көркөм касиети, дүйнөлүк маанидеги көркөм-эстетикалык баа-баркы, терең философиялык мазмуну, ар кыл мүнөздөгү бай образдар системасы – элдин көп кылымдардан бери топтогон өзгөчө поэтикалык жемиши.

«Манас» эпосун улуу көркөм мураска айландырган, муундан-муунга өткөрүп, мазмунун олуттуу окуялар менен байытып, поэтикалык табиятын бийик деңгээлге жеткирген манасчылардын, таланттардын алган орду өзгөчө зор. «Манас» эпосунун оригиналдуу варианттарын жараткан,

үчилтикти толук чеберчиликте аткарган, жаздырып кагазга түшүргөн, көөнөрбөс, өчпөс, өлбөс жазма эстеликке айландырган манасчылар саналуу эле. Мына ошондой манасчылардын бири – белгилүү айтуучу, ысымы кыргыз журтуна кеңири тараган Мамбет Чокморов. Таланттуу манасчынын варианты объективдүү жагдайларга байланыштуу эгемендүүлүккө ээ болгондон кийин гана көңүл бурулуп, илимий иликтөөнүн объектиси боло баштайт. М.Чокморовдун айтуусунда «Манас» эпосунун негизги, салттык, өзөк окуялары “Манастын ата-бабалары”, “Манастын төрөлүшү”, “Алмамбеттин окуясы”, “Манастын Каныкейге үйлөнүшү”, “Чоң Казат”, “Манастын өлүмү”, “Манаска күмбөз салуу”, «Семетей», «Сейтек» эпостору толугу менен Улуттук Илимдер Академиясынын кол жазмалар фондусунда сакталууда.

Диссертациялык иште Мамбет Чокморовдун варианты боюнча жазылып алынган «Манас» эпосунун салттуу сюжеттик мотивдери атайын системага салынып, илимий иликтөөгө алынды. М.Чокморовдун вариантындагы «Манас» эпосунун сюжеттик курулушунда олуттуу, маанилүү орунга ээ болгон, эпостун идеялык мазмунун ачып берген салттуу сюжеттик мотивдердин өзгөчөлүктөрүн көрсөтүүдө улуу манасчылар С.Орозбаков менен С.Каралаевдин варианттары, зарылдыгына жараша айрым башка манасчылардын варианттары менен салыштырып анализ жүргүзүүгө аракеттер жасалды. Изилдөөдө М.Чокморовдун айтуусундагы Манас» эпосунун иликтениш тарыхы, салттык-сюжеттик мотивдердин эпосто алган орду жана мааниси ар тараптан анализге алынып, төмөнкүдөй жыйынтык-корутунду чыгарылды:

**1**. М.Чокморовдун вариантында «Манас» эпосунун салттуу сюжеттик мотивдери, негизинен, бекем сакталган деп эсептейбиз.

**2**. Эпостун салттуу сюжетин бекем сактоо менен бирге М.Чокморовдун жеке айтуучулук шыгына, талантына жараша, анда жеке

мүнөздүү өзгөчөлүктөрү бар экендиги конкреттүү факт-материалдардын негизинде аныкталды.

**3**. Манастын ата-бабалары жөнүндөгү баян – дээрлик бардык манасчыларда айтылган салттуу көрүнүш. Көпчүлүк манасчылар бул сюжеттик мотивди кыска, схема түрүндө айтса, М.Чокморов аталган бөлүктү кеңири, көлөмдүү, сюжеттүү, окуяларга бай, өзүнчө башталышы, бүтүшү бар, бир бүтүн чыгармага айландырган. Изилдөөдө бул көрүнүш М.Чокморовдун айтуучулук өзгөчөлүгү катары каралып, анализге алынды.

**4**. Белгилүү тарыхый доордо өмүр сүрүшкөн Асан Кайгы менен Ногой өңдүү белгилүү тарыхый инсандардын Манастын түпкү ата-бабалары болуп сүрөттөлүшү кокустук көрүнүш эмес деп эсептейбиз. Баатырдык эпосто тарыхый инсандар эпикалык каарман катары берилген фактылар аз эмес. Алар өздүк реалдуу турмушунан өзгөчөлөнүп, эпостун мыйзамына ылайык сүрөттөлөт. Ногой – реалдуу тарыхый инсан. Ал уруу башчысы катары гана айтылбастан, эпосто баатырдын ата-бабаларынын бири катары эпикалык каарман болуп айтылат.

**5**. М.Чокморов Асан Кайгы жөнүндө түрк тилдүү элдердин көпчүлүгүндө кеңири тараган аңыз, уламыштарды чыгармачылык менен пайдаланып, эпостун мазмунун байытып, көркөмдүгүн арттыра алган.

**6.** «Манас» эпосу көп катмарлуу эпос экендиги, анда мезгил жагынан кийин кирген диний катмар орун алгандыгы туура көрсөтүлгөн. Бирок ал эпостун идеялык-мазмунун чечүүдө маанилүү орунга ээ.

**7.** М.Чокморов – Ысык-Көл мектебинин типтүү өкүлү. Мына ошого байланыштуу, салттуу сюжеттик мотивдер С.Каралаевдин вариантына үндөш, жакын деп эсептейбиз. Бул көрүнүш манасчы М.Чокморовдун жашаган жери көлдөн болгондугунан эмес, көлдүк манасчылардын салты, эпосту айтуу жөрөлгөлөрү жалпы мүнөздө болгондугу менен түшүндүрүлүшү керек.

**8**. М.Чокморовдун жеке поэтикалык көркөм дүйнөсүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөр да бар. Манасчы айтуучу катары эпосту кара сөз, жорго сөз ыкмасында жана ыр түрүндө баяндай алганы жагынан башкалардан өзгөчөлөнгөн эпостогу поэтикалык көрүнүштү айгинелеп турат.

**9**. М.Чокморов Асан Кайгыга мүнөдүү ойчулдук, көрөгөчтүк, акындык, адилеттик, калыстык өңдүү бийик адамдык сапаттарды сүрөттөп баяндоодо баатырдык эпостун мыйзамына, өзгөчөлүгүнө жараша ыктуу, чебер, чыгармачыл ыкмаларды пайдалана алган.

М.Чокморовдун вариантындагы «Манас» эпосундагы эпикалык формалар, көркөм-поэтикалык салттар, салттуу мотивдер, негизинен, Манас баатырдын образын идеализациялоо үчүн кызмат кылат. Ошону менен бирге бул мотив – чыгарманын идеялык-мазмунун аныктаган олуттуу фактор болуп саналат. Мына ушуга байланыштуу окумуштуу Э.Абдылдаевдин төмөнкүдөй пикирине кошулбай коюуга болбойт: «Эпикалык традициялардын башкы идеялык тенденциясы элдик идеалды туюндуруу багытында борбордук каармандын элдик иш аракеттерин идеализациялоо болуп эсептелет» [6, 12-б.].

М.Чокморовдун вариантындагы «Манас» эпосунда салттуу сюжеттик мотивдер эпостун башкы темасы болгон кыргыз элинин сырттан басып кирген душмандарга каршы кыргыз элинин боштондук күрөшүн**,** элдин башкы проблемасы болгон жалпы элдик биримдикти, ынтымакты даңазалоо.

«Манас» эпосунун дүйнөлүк адабияттагы олуттуу ордун, улуттук өзгөчөлүгүн, жалпы адамзаттык чоң маанисин, өлбөс-өчпөс, көөнөрбөс түбөлүктүү рухий дөөлөтүн баса белгилөө үчүн «Манас» эпосунун зор касиети, улуулугу, анын бийик керемет-мазмунунда экендиги жөнүндө айткан Ч.Айтматовдун: «Ала-Тоо койнунда кылымдан-кылымга жашап келген кыргыз баласы – бул дүйнө үчүн эмне берди, адамзаттын өнөрүнө, маданиятына эмнени кошту дегенде, бирден-бир жообубуз – Манасты берди

дейбиз», – [11, 63-б.]. деген ой пикирин толук кубаттайбыз. Албетте, М.Чокморовдун вариантындагы «Манас» эпосу мындан ары да илимий негизде ар тараптан изилдөөгө алынат деп ишенебиз.

## Колдонулган адабияттар:


1. Абдылдаев, Э. «Манас» эпосун изилдөөнүн кээ бир маселелери [Текст] /Э.Абдылдаев, З.Мамытбеков. – Ф., 1966. – 244 б.
2. Абдылдаев, Э. “Манас” эпосунун тарыхый өнүгүшүнүн негизги этаптары [Текст] /Э.Абдылдаев. – Ф.: Илим, 1981. – 265 б.
3. Абдылдаев, Э. Кыргыз фольклорунун тарыхынан [Текст] /Э.Абдылдаев. - Ф.: Кыргызстан, 1983. – 95 б.
4. Абдылдаев, Э. “Манас” эпосунун историзми [Текст] /Э.Абдылдаев. –Ф.: Илим. 1987. – 157 б.
5. Абдылдаев, Э. “Манас” эпосунун сөздүгү. “Манастын” 1000 жылдыгына карата [Текст]/Э.Абдылдаев. -Б., 1995. – 172 б.
6. Абдылдаев, Э. “Манас” эпосунун эпикалык формулалары [Текст] /Э.Абдылдаев. -Б.: Шам, 1997. – 111 б.
7. Абдылдаев, Э. «Манастын» тарыхый-баатырдык эпос катарында калыптануу жана өнүгүү этаптары [Текст] /Э.Абдылдаев. – Б., 1999. – 62 б.
8. Абдылдаев, Э. Мамбет Чокморов. Китепте: Кыргыз адабиятынын тарыхы [Текст] /Э.Абдылдаев. – 2-том. – Б., 2002. – Б. 430-441.
9. Абдымомунова, Г.А. “Манас” эпосунун негизинде жаштарды патриотизмге тарбиялоонун айрым маселелери [Текст] / Г.А. Абдумомунова. – Бишкек: Бийиктик, 2005. – 111 б.
10. Абакиров К. Соолбас дайралар шоокуму [Текст] /К.Абакиров. – Б., 2013. – 206 б.

11. Айтматов, Ч. Биз дүйнөнү жаңыртабыз, дүйнө бизди жаңыртат [Текст]/ Ч.Айтматов. – Ф.: Кыргызстан, 1988. – 397 б.
12. Айтматов, Ч. Байыркы кыргыз рухунун туу чокусу [Текст]/ Ч.Айтматов // Китепте: "Манас". Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча. 1-китеп. - Ф.: Кыргызстан, 1978. – 430 б.
13. Акматалиев А. "Манастын жети осуяты" [Текст]/ А.Акматалиев. - Изб. 2-том. - Б.: Шам, 1998. – 424 б.
14. Акматалиев, А. Кыргыз адабияты: тарых жана мезгил. [Текст]/ А.Акматалиев. - Б., "AVRASYA SAYINCILIK", 2010. – 940 б.
15. Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери [Текст]/ С. Мусаев ж.б. – Ф.: Илим, 1988. – 492 б.
16. Ауэзов, М. Киргизская народная героическая поэма "Манас" [Текст]/ М.Ауэзов // китепте: Киргизский героический эпос "Манас". – М.: Изд-во АН СССР, 1961. – Б.15-84.
17. Асан Кайгы, Токтогул, Кет Бука [Текст]/. - Б., 2003. – 207 б.
18. Байгазиев, С. Улуу "Манас" – улутубуздун дил жана тил бешиги " [Текст]/ С.Байгазиев. – Б., 1994. -96 б.
19. Байгазиев, С. Манастаануу [Текст]/ С.Байгазиев. - Б., 2000.
20. Байгазиев, С. Бала Манастын инсан катарында калыптанышында эмгек тарбиясынын ролу [Текст]/ С.Байгазиев. -Б., 2012. -47 б.
21. Бартольд, В.В. Очерки истории семиречья [Текст]/ В.В.Бартольд. -Ф., 1943. -32 б.
22. Бегалиев, С. «Манас» эпосунун поэтикасынын маселелери [Текст]/ С. Бегалиев. – Ф.,1967.
23. Бегалиев, С. «Манас» эпосунун көркөм каражаттары [Текст]/ С.Бегалиев. – Ф.,1989.
24. Бегалиев, С. «Манас» эпосу[Текст]/ С.Бегалиев. – Каракол: ЫМУ, 2003. - 161 б.

25. Бегалиев, С. Чоң манасчы Чокморов Мамбет [Текст] /С.Бегалиев, Н.Жумашова // Вестник Иссык-Кульского университета. – 2010. - №28. – Б.197-201б.
26. Берков, П.Н. Алтайский эпос и «Манас» [Текст]/ П.Н.Берков //китепте: Киргизский героический эпос “Манас”. – М.: Изд-во АН СССР, 1961. – С. 235-256.
27. Берков, П.Н. Идея родины в “Манасе”. Китепте: «Манас» – героический эпос киргизского народа [Текст]/ П.Н.Берков. – Ф.: Илим, 1968. – С.192-202б.
28. Бернштам, А.Н. Эпоха возникновения киргизского эпоса “Манас” [Текст]/ А.Н.Бернштам // китепте: «Манас» - героический эпос киргизского народа. – Ф.: Илим, 1968. – С.148-176б.
29. Борбугулов, М. «Манас» эпосу: башаттары, эволюциясы [Текст]/ М.Борбугулов. – Б., 2004. – 159 б.
30. Богданова, М.И. Об особенностях киргизского эпоса «Манас» [Текст]/ М.И.Богданова //китепте: Киргизский героический эпос “Манас”. –М.: Изд-во АН СССР, 1961. – С.197-234б.
31. Валиханов, Ч.Ч. Очерки Джунгарии [Текст]/ Ч.Ч.Валиханов // китепте: «Манас» - героический эпос киргизского народа. – Ф.: Илим, 1968. – С.38-41б.
32. Валиханов, Ч.Ч. Собрание сочинений в 5-томах [Текст]/ Ч.Ч.Валиханов. – Алма-Ата: Каз. Сов. Энц., 1984. Т.1. – 432 б.
33. Жайнакова, А. «Манас» эпосундагы патриархалдык-феодалдык мамилелер [Текст]/ А.Жайнакова. – Б., 1997.
34. Жирмунский, В.М. Народный героический эпос [Текст]/ В.М.Жирмунский. – М., 1962. – 287 с.
35. Жирмунский, В.М. Введение в изучение эпоса «Манас» [Текст]/ В.М.Жирмунский // в книге: Киргизский героический эпос “Манас”. –М.: Изд-во АН СССР, 1961. – С.85-196.

36. Жирмунский, В.М. Тюркский героический эпос. -Л.,1974. –724 б.
37. Жумалиев К. «Манас» эпосунда Ата-Журт, Мекен түшүнүктөрүнүн чагылдырылышы // Изв.ВУЗов. – 2014.- №4. – 279 б.
38. Жумалиев, К. Манастаануу (Образдар системасы) [Текст]/ К.Жумалиев. – Б., 2012. – 105 б.
39. Жумалиев, К. Манасчылардын типтери жана мектептери [Текст]/ К.Жумалиев. -Б., 2008. –117 б.
40. Жумагулов, М. Манастагы каармандардын касиеттери [Текст]/ М.Жумагулов. -Б., 2008. –87 б.
41. Жусупов, К. Манас [Текст]/ К.Жусупов. – Б., 1995. – 174 б.
42. Караев, Ө. «Манас» эпосунун жаралышы жана анын доору [Текст]/ Ө.Караев // Кырг.мад. – 1998. - 18-авг.
43. Кебекова, Б. Кыргыз-казак фольклордук байланышы [Текст]/ Б.Кебекова. – Ф.: Илим, 1982. – 157 .
44. Кебекова, Б. Кыргыз эл ырчыларынын тарыхынын очерктери [Текст]/ Б.Кебекова. –Б.: Турар. – 2009. -496 б.
45. Кебекова, Б. Кыргыз эл ырчылары [Текст]/ Б.Кебекова. –Б.: – 1994. -177 б.
46. Киргизский героический эпос «Манас» [Текст]/ Б.Юнусалиев. – М.: Изд-во АН СССР, 1961. – 377 б.
47. Кудабаева, Г.Б. «Манас» эпосундагы каармандардын инсандык сапаттары [Текст]/ Г.Б.Кудабаева. – Б., 2003
48. Кыдырбаева, Р.З. К проблеме традиционного и индивидуального в эпосе «Манас» [Текст]/ Р.З.Кыдырбаева. – Ф.: Илим, 1967. – 245 с.
49. Кыдырбаева, Р.З. Генезис эпоса «Манас» [Текст]/ Р.З.Кыдырбаева. – Ф.: Илим, 1980. – 278 с.
50. Кыдырбаева, Р.З. Сказительское мастерство манасчи [Текст]/ Р.З.Кыдырбаева. – Ф.: Илим, 1984. – 118 с.
51. Кыдырбаева, Р.З. «Манас» эпосун комплекстүү изилдөө маселелери [Текст]/ Р.З.Кыдырбаева. – Б., 1984.

52. Кыдырбаева, Р.З. Специфические особенности варианта эпоса «Манас» в сказании М.Чокморова [Текст]/ Р.З.Кыдырбаева // в книгее: «Манас» эпосунун варианттары. – Ф.: Илим, 1988. – 157 с.
53. Кыдырбаева Р.З. Эпос «Манас» [Текст]: Генезис. Поэтика. Сказительство / Р.З.Кыдырбаева. – Б., 1996. – 393 с.
54. Кыдырбаева, Р.З. Алгы сөз [Текст]/ Р.З.Кыдырбаева // китепте: «Манас» энциклопедия. 1-том. - Б.: Кыргыз энциклопедиясынын Башкы редакциясы «Мурас» илимий-пропагандалык ишкер долбоору, 1995. – 382 б.
55. Кыдырбаева, Р.З. Кыргыз адабий илиминин терминдер сөздүгү [Текст]/ Р.З.Кыдырбаева, К.Асаналиев. – Б.: Шам, 2004. – 572 б.
56. Кырбашев, К. «Манас» эпосунун стили [Текст]/ К.Кырбашев. – Ф.: Илим,1983. –174 б.
57. Кырбашев, К. «Манас» илим дүйнөсүндө [Текст]/ К.Кырбашев. – Б., 2001.
58. Кыргыз адабиятынын тарыхы, 2-том. [Текст]/. –Б.: Бийиктик, 2002. – 816 б.
59. Кыргыз адабиятынын тарыхы, 3-том. [Текст]/. –Б.: Бийиктик, 2002. – 640 б.
60. Кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгынын тарыхынын очерки *[Текст]/.* – Ф.: Илим, 1973. –706б .
61. «Манас» героический эпос киргизского народа [Текст]/. – Ф.: Илим, 1968. – 231 с.
62. «Манас» энциклопедиясы [Текст]:1-том / А.Карыпкулов. – Б.: КЭ Башкы редакциясы,1995. – 440 с.
63. «Манас» энциклопедиясы [Текст]: 2-том / А.Карыпкулов. – Б.: КЭ Башкы редакциясы,1995. – 432 с.
64. «Манас» эпосу жана дүйнө элдеринин эпикалык мурасы «Манас» эпосунун 1000 жылдыгына …. [Текст] /. – Б., 1995. – 196 б.
65. «Манас» [Текст]: кара сөз түрүндөгү баяндама /түз. С.Мусаев. – Ф.,1986. – 283 б.
66. «Манас». Кыргыз элинин баатырдык эпосу. 1-китеп. С.Каралаевдин варианты б-ча [Текст] /С.Каралаев. – Ф.: Кыргызстан, 1984. – 247 б.

67. «Манас». Кыргыз элинин баатырдык эпосу [Текст]: 2-китеп / С.Каралаевдин варианты б-ча. – Ф.: Кыргызстан, 1986. – 449 б.
68. «Манас». Кыргыз элинин баатырдык эпосу [Текст]: 1-китеп. С.Каралаевдин варианты б-ча. – Б.: Кыргызстан, 1995. – 446 б.
69. «Манас». Кыргыз элинин баатырдык эпосу [Текст]:1-китеп. С.Орозбаковдун варианты б-ча. – Ф.: Кыргызстан, 1978. – 296 б.
70. «Манас». Кыргыз элинин баатырдык эпосу [Текст]: 2-китеп. С.Орозбаковдун варианты б-ча. – Ф.: Кыргызстан, 1978. – 799 б.
71. «Манас». Кыргыз элинин баатырдык эпосу [Текст]: 3-китеп. С.Орозбаковдун варианты б-ча. – Ф.: Кыргызстан, 1981. – 666 б.
72. «Манас». Кыргыз элинин баатырдык эпосу [Текст]: 4-китеп. С.Орозбаковдун варианты б-ча. – Ф.: Кыргызстан, 1982. – 366 б.
73. "Манас". Кыргыз элинин баатырдык эпосу [Текст]: 3-китеп / С.Каралаевдин варианты боюнча академиялык басылышы. –Б.: Кыргызстан, 1998. – 787 б.
74. «Манас» [Текст] / М.Чокморовдун варианты б-ча. – Б., 1995. – 334 б.
75. «Манас» эпосун изилдөөнүн кээ бир маселелери [Текст] / . – Ф.: Илим, 1966. – 244 б.
76. «Манас» эпосу – дүйнөлүк маданий казынанын керемет кенчи [Текст]. – Б., 1995. – 196 б.
77. «Манас» эпосунун 1000 жылдыгына уюштурулган илимий конференциянын материалдары [Текст] /. – Б., 1995. – 36 б.
78. Манасчылар [Текст]: литертурный обзор. – Б.: Кут бер, 2010. – 135 б.
79. Молдобаев, И. Эпос "Манас" как источник изучения духовной культуры кыргызского народа [Текст] / И.Молдобаев. – Ф.: Илим, 1989. – 148 с.
80. Манас эпосунун 1000 жылдыгына арналат [Текст]: энциклопедия / М.Мукасов. Илимий сыпаттама. М.Мусулманкуловдун варианты боюнча. – Б.: КР УИА Акыл концерн, 1995. – 698 б.
81. Мусаев С. Эпос «Манас» [Текст] / С.Мусаев. – Б.: Шам, 1994. – Б.5-93.

82. Мусаев С. Чоң манасчы Саякбай Каралаевдин варианты боюнча 1-китеп [Текст] / С.Мусаев. – Ф., 1984. – 440 б.
83. Мусаев С. Каныкейдин образы («Манас» эпосунун элдүүлүк проблемалары) [Текст]: автореферат дисс... канд.филол.наук / С.Мусаев. – Ф.,1963. – 25 с.
84. Поливанов, Е.Д. О принципах русского перевода эпоса «Манас» [Текст]/ Е.Д.Поливанов // в книге: «Манас» - героический эпос киргизского народа. – Ф.: Илим, 1968. – С.56-74.
85. Поливанов, Е.Д. Кыргызский героический эпос «Манас»: исследование и переводы [Текст]/ Е.Д.Поливанов. – Б.,1999. – 123 с.
86. Радлов, В.В. Предисловие [Текст]/ В.В.Радлов // в книге: «Манас» - героический эпос киргизского народа. – Ф.: Илим, 1968. – С.14-37.
87. Радлов, В.В. Образцы народной литературы тюркских племен [Текст]/ В.В.Радлов. – М.,1985. – 244 с.
88. Рахматуллин, К.А. Великий патриот легендарный Манас [Текст]/ К.А.Рахматуллин. – Ф.: Киргизгосиздат, 1943. – 79 с.
89. Рахматуллин К.А. Творчество манасчи [Текст]/ К.А.Рахматуллин // в книге: «Манас» - героический эпос киргизского народа. – Ф.: Илим, 1968. – С.75-147.
90. Садыков, Б. Манасчы Мамбет Чокморов жана ал айткан вариант [Текст]/ Б.Садыков // китепте: Манас (М.Чокморовдун варианты боюнча). – Б., 1995. – Б. -3-25.
91. Сапарбаев А. «Манас» эпосундагы метафоралар [Текст]: автореферат дисс.... канд.филол.наук / А.Сапарбаев. – Ф.,1974. – 20 с.
92. Сарыпбеков Р. «Манас» эпосундагы баатырдык мотивдердин эволюциясы [Текст]/ Р.Сарыпбеков. – Ф.: Илим,1987. – 151 б.
93. Сарыпбеков Р. Алмамбеттин образынын эволюциялык өнүгүшү [Текст]/ Р.Сарыпбеков. - Ф.: Илим, 1977. – 174 б.

94. Сарыпбеков Р. «Манас» - кыргыз элинин баатырдык эпосу [Текст]/ Р.Сарыпбеков. – М.: Наука, 1984. – 544 б.
95. Сыдыков А. «Манас» эпосундагы каармандык идеалдары. -Б.,2006.
96. Сыдыков А. Героические мотивы в эпосе «Манас» [Текст]/ А.Сыдыков. – Ф.: Илим, 1982. – 134 б.
97. Сооронов О. «Манас» трилогиясындагы эпикалык окуялардын сүрөттөлүшү [Текст]/ О.Сооронов. – Ф., 1981. – 120 б.
98. Суванбеков, Ж. Кыргыз элинин баатырдык эпостору [Текст]/ Ж.Субанбеков. – Ф.: Мектеп,1987. – 260 б.
99. Төлөк Буркан. Асан Кайгы [Текст]/ Буркан Төлөк //Жаңы Ала-Тоо. – 2012. -№ 8. – Б.24–36.
100. Петросян, А.А. К вопросу о народности эпоса «Манас» [Текст]/ А.А.Петросян // в книге: Киргизский героический эпос “Манас”. –М.: Изд-во АН СССР, 1961. –С.5-14.
101. Пропп, В.Я. Русский героический эпос [Текст]/ В.Я.Пропп. – М.: Наука, 1958. – 398 с.
102. Пропп, В.Я. Фольклор и действительность [Текст]/ В.Я.Пропп // в книге: Избранные статьи. - М., 1976. – 327 с.
103. Үкүбаева, Л. Чыңгыз Айтматов: эстетика жана улуттук негиз [Текст]/ Л.Үкүбаева. – Б., 2004. – 143 б.
104. Чокморов, М. М.Чокморовдун өмүр баяны [Текст]/ М.М.Чокморов. -1965. – инв. №214.
105. Чокморов, М. Манастын ата-бабалары [Текст]/ М.М.Чокморов. – 1966. – инв. №215.
106. Чокморов, М. Манастын Каныкейге үйлөнүшү [Текст]/ М.М.Чокморов. – 1970. – инв. №217. – 92 б.
107. Чокморов, М. Алмамбеттин жомогу [Текст]/ М.М.Чокморов. – 1959. – инв. №212. – Б.164.

108. Чокморов, М. Чоң казат [Текст]/ М.М.Чокморов. – 1969-1970. – инв. №216; 219.
109. Шериев, Ж. Адабият терминдеринин түшүндүрмө сөздүгү [Текст]/ Ж.Шериев, А.Муратов. -Ф.: Мектеп, 1987. – 59 б.
110. Энциклопедический феномен эпоса «Манас» [Текст]/. –Б.:Кыргызстан, 1995. – 96 с.
111. Эпос «Манас» и эпическое наследие народов мира [Текст]/. – Б.: Кыргызстан, 1995. – 207 с.
112. Эпос «Манас» как фактор культурьной интеграции XX века [Текст]/. –Б.: КГНУ, 2002, 111-бет.
113. Юнусалиев, Б.М. Киргизский героический эпос «Манас» [Текст]/ Б.М.Юнусалиев // в книге: «Манас» - героический эпос киргизского народа.–Ф.:Илим,1968.–Б.212-231.